# ИШЕНИМДИ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ТАПШЫРМАЛАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ 3410

# ПАРНИК ГАЗДАРЫНЫН АБАГА ЧЫГАРЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТТУУЛУККА КАРАТА ИШЕНИМДИ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ТАПШЫРМАЛАР

(2013-жылдын 30-сентябрында же ушул күндөн кийин аяктаган мезгилдер үчүн ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундуларга жана отчетторго карата күчүнө кирет)

## МАЗМУНУ


Пункт

**Киришүү** ........................................................................ 1

Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү ................................................ 2–11

Күчүнө кирүү күнү ........................................................................ 12

**Максаттары** .............................................................................. 13

**Аныктамалар** ........................................................................... 14

**Талаптар**

ИКТЭС 3000 (кайра каралган) ......................................................... 15

Тапшырманы кабыл алуу жана аткаруу ............................................ 16–18

Пландаштыруу .............................................................................. ....................

Тапшырманы пландаштырууда жана аткарууда маанилүүлүк ........... 20–22

Ишкананы жана анын чөйрөсүн, анын ичинде ички контролдоо системасын иликтөө жана олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо 23–34

Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине карата жалпы жооп иретиндеги аракеттер жана кошумча жол-жоболор.................... 35–56

Башка практикалык адистер тарабынан аткарылган ишти колдонуу 57

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ....................................................... 58–60

Отчеттук күндөн кийинки окуялар .................................................. 61

Салыштырмалуу маалымат ............................................................. 62–63

Башка маалымат............................................................................. 64

Документация................................................................................. 65–70

Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү .................................. 71

Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча тыянак чыгаруу ..... 72–75

Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун мазмуну ........ 76–77

Маалымдоо боюнча башка талаптар ........ 78

**Пайдалануу үчүн колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар**

Киришүү ........ A1–A7

Аныктамалар ........ A8–A16

ИКТЭС 3000 (кайра каралган) ........ A17

Тапшырманы кабыл алуу жана аткаруу ........ A18–A37

Пландаштыруу ........ A38–A43

Тапшырманы пландаштыруудагы жана аткаруудагы маанилүүлүк .. A44–A51

Ишкананы жана анын чөйрөсүн, анын ичинде ички контролдоо системасын иликтөө жана олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо A52–A89

Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине карата жалпы жооп иретиндеги аракеттер жана кошумча жол-жоболор ........ A90–A112

Башка практикалык адистер тарабынан аткарылган ишти колдонуу A113–A115

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ........ A116

Отчеттук күндөн кийинки окуялар ........ A117

Салыштырмалуу маалымат ........ A118–A123

Башка маалымат ........ A124–A126

Документация ........ A127–A129

Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү ........ A130

Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча тыянак чыгаруу...... A131–A133

Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун мазмуну ........ A134–A152

1-тиркеме: Абага чыгаруулар, абсорбция жана абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр.

2-тиркеме: Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетторго карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундулардын жана отчеттордун мисалдары.

Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарты (ИКТЭС) 3410 «*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттуулукка карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды*» «*Сапатты контролдоонун, аудиттин, обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарынын жыйнагынын баш сөзү*» менен бирге кароо керек.

## Киришүү

1. Парник газдарын абага чыгаруу менен климаттын өзгөрүүсүнүн ортосундагы көз карандылыктан улам көптөгөн ишканалар ички башкаруу максаттары үчүн өздөрүнүн парник газдарын абага чыгарууга сандык баалоо жүргүзүшөт, ал эми көпчүлүгү ошондой эле парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет да түзүшөт:

   (a) ченемдик талаптарга ылайык маалыматты ачып көрсөтүүнүн алкагында;

   (b) абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасынын алкагында;

   (c) инвесторлорго жана башка жактарга ыктыярдуу негизде маалымдоо максатында. Мисалы, ыктыярдуу түрдө ачылып көрсөтүлүүчү маалымат өзүнчө документ катары жарыяланышы, туруктуу өнүктүрүү жөнүндө кыйла толук отчеттун же ишкананын жылдык отчетунун курамына киргизилиши же «көмүртек реестрине» киргизүү үчүн негиз катары берилиши мүмкүн.

### Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү

2. Ушул Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарты (ИКТЭС) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө ишкананын отчетуна карата мындай тапшырмаларды аткарууну регламенттейт.

3. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага карата практикалык адистин тыянагы парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко кошумча маалыматка жайылтылышы мүмкүн, мисалы, практикалык адис курамына парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет кирген туруктуу өнүктүрүү тууралуу отчетту текшерүү үчүн тартылганда. Мындай учурларда (A1–A2-пункттарын караңыз):

   (a) ушул стандарт парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет ага карата ишеним камсыз кылынган жалпы маалыматтын азыраак бөлүгүнө карата түзүлгөн учурлардан тышкары парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата аткарыла турган ишенимди камсыз кылуучу жол-жоболорго колдонулат; жана

(b) ИКТЭС 3000 (кайра каралган)[1] (же тапшырманын белгилүү бир бааланууучу предметин регламенттеген башка ИКТЭС) практикалык адистин тыянагы жайылтылган калган маалыматка карата аткарылуучу ишенимди камсыз кылуучу жол-жоболорго колдонулат.

4. Ушул стандарт төмөнкүлөргө карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткаруу боюнча конкреттүү көрсөтмөлөрдү регламенттебейт жана камтыбайт:

(a) парник газдарынын абага чыгарылышынан айырмаланган абага чыгаруулар жөнүндө отчеттор мисалы, азоттун оксиддери (NOx) жана күкүрттүн диоксиди ($SO_2$). Ага карабастан ушул стандарт мындай тапшырмаларга карата көрсөтмөнү камтышы мүмкүн;[2]

(b) парник газдары менен байланышкан башка маалыматты мисалы, продуктулардын жашоо циклинин курчап турган чөйрөгө таасири жөнүндө, гипотетикалык базалык көлөмү жана абага чыгаруулар тууралуу маалыматтарга негизделген натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө (А3-пунктун караңыз);

(c) абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөрдү алуу үчүн башка ишканалар тарабынан колдонулуучу компенсациялык квоталар боюнча долбоорлор сыяктуу инструменттер, процесстер же механизмдер. Бирок, эгерде ишкананын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчету аларга карата ишеним камсыз кылынууга тийиш болгон абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөрдү кошсо, мындай кемитүүлөргө белгиленген тартипте ушул стандарттын талаптары колдонулат (76(f)-пунктун караңыз).

*Ырастоо боюнча тапшырма жана тикелей баалоо боюнча тапшырма*

5. *Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык концепциясында* (Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын концепциясы) ишенимди камсыз кылуучу тапшырма ырастоо боюнча тапшырманы же тикелей баалоо боюнча тапшырманы билдире

[1] ИКТЭС 3000 (кайра каралган) «*Аудиттен жана өткөн мезгилдердин финансылык маалыматын обзордук текшерүүдөн айырмаланган ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар*».

[2] Азоттун оксиддери NOx (башкача айтканда парник газдарынын курамына кирген диазот оксидинен ($N_2O$) айырмаланган азоттун оксиди (NO) жана азоттун диоксиди ($NO_2$) жана күкүрттүн диоксиди ($SO_2$) климаттын өзгөрүүсү менен эмес «кислота жамгырлары» менен ассоциацияланат.

тургандыгы белгиленет. Ушул стандарт ырастоо боюнча тапшырмаларга гана колдонулат.[3]

*Акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды жана чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткаруу жол-жоболору*

6. ИКТЭС 3000 (кайра каралган) ишенимди камсыз кылуучу тапшырма акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы же чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы билдириши мүмкүн экендиги белгиленет.[4] Ушул стандарт акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар сыяктуу эле чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга да колдонулат.

7. Акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын учурундагыдай эле чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын учурунда да парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата практикалык адис инспекциялоону, байкоо жүргүзүүнү, ырастоону, кайра эсептөөнү, кайрадан колдонууну, талдоо жол-жоболорун жана суроо-талаптарды жиберүүнү камтыган ишенимди камсыз кылуучу жол-жоболордун комбинациясын тандап алат. Конкреттүү тапшырманын алкагында аткарылууга тийиш болгон ишенимди камсыз кылуучу жол-жоболорду аныктоо кесипкөй ой жүгүртүүнүн предмети болуп саналат. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттор көптөгөн маселелерди камтыгандыктан жол-жоболордун мөөнөттөрү жана көлөмү балким тапшырмаларга жараша кыйла айырмаланышы мүмкүн.

8. Эгерде башка жөнүндө көрсөтмө жок болсо, ушул стандарттын ар бир талабы акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар сыяктуу эле чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга да колдонулат. Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын алкагында алынган ишенимдин деңгээли акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын учурундагыга караганда төмөн болгондуктан практикалык адис тарабынан чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын алкагында аткарылуучу жол-жоболор акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруудагыга караганда мүнөзү жана саптары боюнча айырмаланат, ошондой эле көлөмү боюнча аз болот.[5] Тапшырманын тигил же бул тибине гана колдонула турган талаптар пункттун номеринен кийин «Ч» (чектелген ишеним) же «А» (акылга сыярлык ишеним) тамгаларын кошуу менен эки колонка форматында берилди. Айрым жол-жоболорду

[3] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 12(a)(ii)-пункту

[4] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 12(a)(i)(b)-пункту

[5] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 12(a)(iii)-пункту

акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын алкагында гана аткаруу талап кылынса да, алар ага карабастан чектелген ишенимди камсыз кылуучу айрым тапшырмалар учурунда да колдонулушу мүмкүн (парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын жана чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында практикалык адис тарабынан аткарылуучу кошумча жол-жоболордун ортосундагы негизги айырмачылыктар көрсөтүлгөн А90-пунктун да караңыз) (А4, А90-пункттарын караңыз)

*ИКТЭС 3000 (кайра каралган) менен башка кесиптик стандарттардын жана башка талаптардын ортосундагы өз ара байланыш*

9. Практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткарууда ИКТЭС 3000 (кайра каралган) жана ушул стандарттын талаптарын сактоого тийиш. Ушул стандарт парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө ишкананын отчетуна карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага ИКТЭС 3000 (кайра каралган) кандай колдонулууга тийиш түшүнүгүн толуктайт, бирок алмаштыра албайт (А17-пунктун караңыз).

10. ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) талаптарын, Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодекси* (БЭЭСК Кодекси) А жана Б бөлүмдөрүнүн талаптарын, же болбосо башка кесиптик талаптарды же БЭЭСК Кодексинде белгиленгенден кем эмес катуу болгон ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга тиешелүү мыйзамдын же ченемдик актынын талаптарын.[6] сактоо. Мындан тышкары тапшырманын жетекчиси СКЭС 1ди[7] же башка кесиптик талаптарды, же СКЭС 1дегиден кем эмес катуу болгон мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген талаптарды колдонуучу аудитордук ишкананын катышуучусу болуусу талап кылынат (А5–А6-пункттарын караңыз).

11. Эгерде тапшырма абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасынын жергиликтүү мыйзамдары, ченемдик актылары же жоболору менен жөнгө салынса, ушул стандарт бул мыйзамдын, ченемдик актынын же жобонун үстүнөн артыкчылыктуу күчкө ээ эмес.

---

[6] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 3(а), 20 жана 34-пункттар

[7] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 3(b) жана 31(а)-пункттары. Сапатты контролдоонун эл аралык стандарты (СКЭС) 1 «Финансылык отчеттуулуктун аудитин жана обзордук текшерүүлөрүн жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмаларды жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмаларды аткаруучу аудитордук уюмдарда сапатты контролдоо”

Эгерде абага чыгарууларга квотаны соодалоо системасынын жергиликтүү мыйзамдары, ченемдик актылары же жоболору ушул стандарттан айырмаланган учурда, белгилүү бир системанын жергиликтүү мыйзамдарына, ченемдик актыларына же жоболоруна ылайык аткарылуучу тапшырма автоматтык түрдө ушул стандарттын талаптарына шайкеш келбейт. Эгерде практикалык адис тарабынан ушул стандарттын бардык колдонулуучу талаптары аткарылса гана ал абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасынын жергиликтүү мыйзамдарын, ченемдик актыларын же жоболорун сактоого кошумча ушул стандартка шайкеш келүү тууралуу билдирүүгө укуктуу боло алат (А7-пунктун караңыз).

### Күчүнө кирүү күнү

12. Ушул стандарт 2013-жылдын 30-сентябрында же ушул күндөн кийин аяктаган мезгилдер үчүн ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча отчеттор үчүн күчүнө кирет.

## Максаттары

13. Практикалык адистин алдында төмөнкүдөй максаттар турат:

    (a) ак ниетсиз аракеттердин же каталардын натыйжасында парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет олуттуу бурмалоону камтый же камтыбай тургандыгына карата же акылга сыярлык ишенимди же чектелген ишенимди белгиленген тартипте алуу, бул практикалык адиске акылга сыярлык ишенимди же чектелген ишенимди билдирген тыянакты чыгарууга мүмкүндүк берет;

    (b) практикалык адис тарабынан алынган натыйжаларга ылайык төмөнкүлөр көрсөтүлгөн корутундуну же отчетту берүү:

        (i) акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма учурунда – колдонулуучу критерийлерге ылайык бардык маанилүү аспектилерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет даярдалдыбы; же болбосо

        (ii) чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырма учурунда – практикалык адис аткарылган жол-жоболорго жана алынган далилдерге жараша парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет колдонулуучу критерийлерге ылайык бардык маанилүү аспектилерде даярдалган эмес деп божомолдоого негиз болуп берүүчү фактыларды ал таба алдыбы же жокпу; жана

    (c) эгерде ушул стандартта каралган болсо, практикалык адис тарабынан алынган натыйжаларга ылайык талаптагыдай жактарга маалымдоо.

## Аныктамалар

14. Ушул стандарттын максаттары үчүн төмөндө көрсөтүлгөн маанилердеги төмөнкүдөй терминдер колдонулат:[8]

(a) Колдонулуучу критерийлер – парник газдарынын абага чыгарылышын сан жагынан аныктоо жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо үчүн ишкана колдонуучу критерийлер.

(b) Өбөлгөлөр – ишкананын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетуна киргизилген жана болуп өтүшү мүмкүн болгон потенциалдуу бурмалоолордун ар кандай типтерин кароо үчүн практикалык адис колдоно турган айкын же башка формадагы билдирүүлөрү.

(c) Базистик жыл – ишкананын убакыт аралыгындагы абага чыгаруулары аны менен салыштыруучу конкреттүү жыл же бир нече жыл үчүн орточо мааниси.

(d) Чектөөлөр жана квоталарды соодалоо системасы – Абага чыгаруунун жалпы чектөөлөрүн белгилеген, катышуучулардын ортосунда абага чыгарууларга уруксатты бөлүштүргөн жана аларга абага чыгарууга уруксаттарды жана кредиттерди бири-бири менен соодалашууга мүмкүндүк берген система.

(e) Салыштырмалуу маалымат – өткөн бир же бир нече мезгилдер үчүн парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн сандык көрсөткүчтөр же маалыматты ачып көрсөтүү.

(f) Абага чыгаруулар – эгерде төмөнкүлөр кармап калынбаган жана саркындыга кошулбаган болсо, тиешелүү мезгилдин ичинде атмосферага чыгарылган же атмосферага чыгарыла турган парник газдары. Абага чыгарууларды төмөнкүдөй категорияларга бөлүүгө болот:

- Тикелей абага чыгаруулар (ошондой эле 1-категориядагы абага чыгаруулар катары белгилүү), алар ишкананын менчигинде же контролунда турган булактардан абага чыгарууларды билдирет (А8-пунктун караңыз).
- кыйыр абага чыгаруулар, алар ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналган, бирок башка ишкананын менчигинде же контролунда турган

---

[8] ИКТЭС 3000 (кайра каралган) колдонулуучу аныктамалар ушул стандартка да колдонулат.

булактардан абага чыгарууларды билдирет. Кыйыр абага чыгарууларды төмөнкүдөй категорияларга бөлүүгө болот:

- 2-категориядагы абага чыгаруулар, алар ишкана тарабынан берилүүчү жана керектелүүчү энергия менен байланышкан абага чыгарууларды билдирет (A9-пунктун караңыз).
- 3-категориядагы абага чыгаруулар, алар бардык башка кыйыр абага чыгарууларды билдирет (A10-пунктун караңыз).

(g) Абага чыгаруулар боюнча кемитүү – ишкананын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетуна киргизилген ар кандай берене, ал абага чыгаруулардын отчетунда чагылдырылган жалпы көлөмдөн кемитилет, бирок абсорбция болуп саналбайт; ал демейде сатып алынган компенсациялык квоталарды камтыйт, бирок жөнгө салуу системасы же ишкана катышкан башка система тааныган башка инструменттерди же механизмдерди (көрсөткүчтөргө жетишкендик үчүн кредиттер жана квоталар (A11–A12 - пункттарын караңыз).

(h) Абага чыгарууларды эсептөө коэффициенти – ишмердүүлүктүн өлчөө бирдиктерин (мисалы, керектелген отундун литри, басып өткөн километрлер, мал чарбачылыгындагы жаныбарлардын саны же өндүрүлгөн продукциянын тонналары) ушул ишмердүүлүк менен байланышкан парник газдарын сандык көрсөткүчкө которуу үчүн математикалык коэффициент же норматив.

(i) Абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасы – парник газдарынын абага чыгарылышын кыскартууга жетишүү үчүн экономикалык стимулдарды берүү аркылуу мындай газдарды контролдоо үчүн колдонулуучу рыноктук ыкма.

(j) Ишкана – парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто чагылдырылган абага чыгаруулар аларга таандык болгон юридикалык жак, экономикалык субъект же болбосо юридикалык же экономикалык субъекттин идентификацияланууч бөлүгү (мисалы, бир завод же таштандыларды көмүү жайы сыяктуу участок) же болбосо бир нече юридикалык жак же башка ишканалар же бул ишканалардын бөлүктөрү (мисалы, биргелешкен ишкана).

(k) Ак ниетсиз аракеттер – жетекчиликтин ичинен бир же бир нече адамдардын, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын, кызматкерлердин же үчүнчү жактардын адилетсиз

же мыйзамсыз артыкчылыкты алуу үчүн алдоо жолу менен билип туруп жасаган аракеттери.

(l) Кошумча жол-жоболор – учурдагы бурмалоолордун бааланган тобокелдиктерине жооп иретинде аткарылуучу жол-жоболор, анын ичинде контролдоо каражаттарынын тесттери (эгерде булар бар болсо), кең-кесири тесттер жана талдоо жол-жоболору.

(m) Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет – белгилүү бир мезгил аралыгында ишкананын парник газдарынын абага чыгарылышынын) курамдык элементтерин жана сандык параметрлерин камтыган (кээде абага чыгарууларды инвентаризациялоо деп аталган отчет, салыштырмалуу маалымат жана түшүндүрүүчү эскертүүлөр, анын ичинде сандык баалоонун жана отчеттуулукту түзүү саясатынын негизги принциптеринин кыскача баяндамасы. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө ишкананын отчету ошондой эле абсорбция же абага чыгаруу боюнча кемитүүлөрдүн категориялык тизмегин камтышы мүмкүн. Эгерде тапшырма парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө толук отчетту камтыбаса, «парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет» терминин тапшырма жайылтылуучу бөлүк катары түшүнүү керек. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет – бул тапшырманын «предметинин өзү жөнүндө маалымат».[9]

(n) Парник газдары – көмүртектин диоксиди ($CO_2$) жана колдонулуучу критерийлерге ылайык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилүүгө тийиш болгон төмөнкүлөр сыяктуу ар кандай башка газдар: метан; азоттун оксиди; күкүрттүн гексафториди; гидрофтор көмүртектер; перфтор көмүртектер; жана хлорфтор көмүртектер. Көмүртектин диоксидинен айырмаланган газдар көп учурда көмүртектин диоксидинин эквивалентинде ($CO_2$-е) көрсөтүлөт.

(o) Уюштуруу чеги – ишкана түзүүчү парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко кайсы ишмердүүлүк киргизилүүгө жата тургандыгын аныктаган чектер.

(p) Ишмердүүлүктүн натыйжаларынын маанилүүлүгү – оңдолбогон жана табылбаган бурмалоолордун жыйындысы бүтүндөй алганда парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн маанилүүдөн ашат деген ыктымалдуулукту алгылыктуу төмөн деңгээлге чейин төмөндөтүү үчүн бүтүндөй алганда

9 ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 12(x)-пункт

парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн маанилүүдөн аз деп практикалык адис тарабынан белгиленген сумма же суммалар. Тиешелүү учурларда ишмердүүлүктүн натыйжаларынын маанилүүлүгү да абага чыгаруулардын белгилүү бир түрлөрү же маалыматты ачып көрсөтүү үчүн маанилүүлүк деңгээлинен же деңгээлдеринен төмөн деңгээлде деп практикалык адис тарабынан белгиленген суммага же суммаларга кирет.

(q) Ээ болгон компенсациялык квота – абага чыгарууларды кемитүү, мында ишкана башка ишкананын абага чыгарууларын төмөндөтүү (абага чыгарууларды азайтуу) же гипотетикалык базалык деңгээлге салыштырганда башка ишкананын абсорбциясын көбөйтүү (абсорбцияны көбөйтүү) үчүн акы төлөйт (А13-пунктун караңыз).

(r) Сандык баалоо – белгилүү бир булактар (же сиңирип алуучулар) тарабынан абага чыгаруулардын жүзөгө ашырылуусуна (же абсорбция) жараша ишканага тикелей же кыйыр түрдө тиешелүү болгон парник газдарынын санын аныктоо процесси.

(s) Абсорбция – эгерде алар кармалып калбаган болсо жана сиңирип алуучуларга багытталбаса, тиешелүү мезгил ичинде атмосферадан сиңирилип алынган же атмосферага чыгарылмакчы болгон парник газдары (А14-пунктун караңыз).

(t) Олуттуу участок – парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилген жыйынды абага чыгарууларга салыштырганда анын абага чыгарууларынан, же олуттуу бурмалоонун өзгөчө тобокелдиктерин пайда кылуучу анын өзгөчө мүнөзүнөн же жагдайларынан улам жекече мааниге ээ болгон участок (А15–А16-пунктун караңыз).

(u) Сиңирип алуучу – парник газдарын атмосферадан жок кылуучу физикалык бирдик же процесс.

(v) Булак – атмосферага парник газдарын чыгаруучу физикалык бирдик же процесс.

(w) Абага чыгаруулардын тиби – абага чыгаруулардын булагынын, газдын тибинин, региондун же объекттин негизинде абага чыгаруулардын тобу.

## Талаптар

### ИКТЭС 3000 (кайра каралган)

15. Практикалык адис эгерде, ал ушул стандарттын жана ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) бардык талаптарын аткарбаса, ушул стандартты

сактагандыгы тууралуу билдирүүгө тийиш эмес (A5–A6, A17, A21–A22, A37, A12- пункттарын караңыз).

## Тапшырманы кабыл алуу жана аткаруу

*Жөндөмдөр, билим жана тажрыйба*

16. Тапшырманын жетекчиси төмөнкүлөргө тийиш:

    (a) интенсивдүү окуу жана практикада колдоно билүү жолу менен алынган ишенимди камсыз кылуу көндүмдөрү жана ыкмалары тармагында компетенцияга жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча тыянакты берүүдө жоопкерчиликти өзүнө алуу үчүн абага чыгаруулар жөнүндө отчетторду түзүү жана сандык баалоо тармагында жетиштүү компетенцияга ээ болууга; жана

    (b) ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруучу бардык адамдар зарыл компетенцияга жана мүмкүнчүлүккө ээ экендигине ишеничтүү болууга, анын ичинде абага чыгаруулар жөнүндө отчетторду түзүү жана сандык баалоо тармагында, ошондой эле ушул стандартка ылайык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруу үчүн ишенимди камсыз кылуу боюнча ишмердүүлүк тармагында (A18–A19-пункттарын караңыз).

*Тапшырманы аткаруунун алдын ала шарттары*

17. Тапшырманы аткаруу үчүн алдын ала шарттар бар же жоктугун аныктоо үчүн:

    (a) тапшырманын жетекчиси парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет жана тапшырма болжолдонгон пайдалануучулар үчүн пайдалуу маалыматтын жетиштүү көлөмүн камсыз кыла тургандыгын аныктоого тийиш, тактап айтканда, төмөнкүлөрдү эске алуу менен (A20-пунктун караңыз):

        (i) эгерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет болгон же сандык жактан оңой эле баалана турган олуттуу абага чыгарууларды чыгарып салса, мындай чыгарып салуулар конкреттүү жагдайларда негиздүү болуп саналаарын же саналбасын;

        (ii) эгерде тапшырма ишкананын отчетунда чагылдырылган олуттуу абага чыгарууларга карата ишенимди камсыз кылууну чыгарып салса, мындай чыгарып салуулар конкреттүү жагдайларда негиздүү болуп саналаарын же саналбасын; жана

(iii) эгерде тапшырма абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөргө карата ишенимди камсыз кылууну камтыса, практикалык адис кемитүүлөргө карата ала турган ишенимдин мүнөзү жана бул абага чыгарууларга карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун болжолдонгон мазмуну конкреттүү жагдайларда так, негиздүү жана тапшырманы аткаруу үчүн адисти тарткан тарап үчүн түшүнүктүү болуп саналаарын же саналбасын (A11—A12-пункттарын караңыз);

(b) ИКТЭС 3000 (кайра каралган)[10] талаптарына ылайык колдонулуучу критерийлердин талаптагыдай мүнөзүн аныктоодо практикалык адис критерийлер эң аз дегенде төмөнкүлөрдү камтый тургандыгын аныктоого тийиш (A23–A26-пункттарын караңыз):

(i) уюштуруу чектерин аныктоо методу (A27–A28-пункттарын караңыз)

(ii) эске алынуучу парник газдары;

(iii) сандык баалоонун алгылыктуу методдору, анын ичинде базистик жылга түзөтүүлөрдү киргизүү методдору (тиешелүү учурларда); жана

(iv) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоодо колдонулган маанилүү ой жүгүртүүлөрдү болжолдонгон пайдалануучулардын түшүнүүсү үчүн жетиштүү маалыматты ачып көрсөтүү (A29–A34-пункттарын караңыз);

(c) практикалык адис өз жоопкерчилигин сезе тургандыгына жана ырастай тургандыгына карата ишкананын макулдугун алууга тийиш:

(i) ак ниетсиз аракеттердин же каталардын натыйжасында олуттуу бурмалоону камтыбаган парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо үчүн зарыл деп ишкана эсептеген ички контролдоо системасын уюштурууга, киргизүүгө жана камсыз кылууга;

(ii) колдонулуучу критерийлерге ылайык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө өзүнүн отчетун даярдоого (A35-пункттарын караңыз);

[10] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 24(b)(ii) жана 41-пункттар

(iii) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө өзүнүн отчетуна ишкана колдонгон колдонулуучу критерийлерге шилтемелерди же алардын сыпаттамасын, ошондой эле эгерде аткарылуучу тапшырманын жагдайларынан бул түшүнүксүз болсо, аларды ким иштеп чыккандыгына көрсөтмөнү киргизүүгө (А36 пунктун караңыз).

*Тапшырманы аткаруунун шарттарын макулдашуу*

18. ИКТЭС 3000 (кайра каралган)[11] ылайык макулдашуусу төмөнкүлөрдү камтууга тийиш болгон тапшырманын шарттары (А37-пунктун караңыз):

(a) тапшырма боюнча иштин максаты жана көлөмү;

(b) практикалык адистин жоопкерчилиги;

(c) ишкананын жоопкерчилиги, анын ичинде 17(c)-пунктунда көрсөтүлгөн милдеттер;

(d) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоого колдонулуучу критерийлерди аныктоо;

(e) практикалык адис тарабынан чыгарыла турган корутундунун же отчеттун болжолдонгон формасына жана мазмунуна шилтеме жана берилген корутунду же отчет формасы жана мазмуну боюнча болжолдонгондон айырмаланышы мүмкүн болгон жагдайлар келип чыгышы мүмкүн экендиги тууралуу билдирүү; жана

(f) тапшырманы аткаруу жөнүндө келишимди түзүүдө ишкана жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү берүүгө макул экендигин ырастоо.

## Пландаштыруу

19. ИКТЭС 3000дин (кайра каралган)[12] талаптарына ылайык тапшырманы аткарууну пландаштырууда практикалык адис төмөнкүлөргө тийиш (А38–А41-пункттарын караңыз):

(a) иштин көлөмүн аныктоочу тапшырманын мүнөздөмөсүн аныктоого;

(b) ташырманы аткаруу мөөнөттөрүн пландаштыруу үчүн тапшырма боюнча корутундуну же отчетту берүүнүн максатын

[11] ИКТЭС 3000(кайра каралган), 27-пункт

[12] ИКТЭС 3000(кайра каралган), 40-пункт

жана зарыл маалыматтык өз ара аракеттенүүнүн мүнөзүн белгилөөгө;

(c) практикалык адистин кесипкөй ой жүгүртүүсүнө ылайык аудитордук топтун аракеттеринин багытын аныктоо үчүн маанилүү болуп саналган факторлорду кароого;

(d) тапшырманы кабыл алуу же улантуу жол-жоболорунун натыйжаларын, ошондой эле, эгерде зарыл болсо, тапшырманын жетекчиси тарабынан ишкана үчүн аткарылган башка тапшырмалардын алкагында алынган билимдерди колдонууга болот же болбой тургандыгы жөнүндө маселени кароого;

(e) тапшырманы аткаруу үчүн зарыл ресурстардын мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн аныктоого, анын ичинде эксперттерди жана башка практикалык адистерди тартууга (А42–А4-пункттарын караңыз);

(f) эгерде ишкананын ички аудиттик кызматы бар болсо, анын тапшырманы аткарууга таасирин аныктоого.

## Тапшырманы пландаштырууда жана аткарууда маанилүүлүк

*Маанилүүлүктү жана тапшырманы аткарууну пландаштырууда ишмердүүлүктүн натыйжаларынын маанилүүлүгүн аныктоо*

20. Тапшырманы аткаруунун жалпы стратегиясын аныктоодо практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн маанилүүлүктү аныктоого тийиш (А44–А50-пункттарын караңыз).

21. Практикалык адис олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо жана кошумча жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн белгилөө максатында ишмердүүлүктүн натыйжаларынын маанилүүлүгүн аныктоого тийиш.

*Тапшырманы аткарууга жараша кайра кароо*

22. Эгерде тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө ага башында эле башка көлөмдү белгилөөгө мажбур кылган маалымат белгилүү боло турган болсо, практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн маанилүүлүктү кайра кароого тийиш (А51-пунктун караңыз).

## Ишкананы жана анын чөйрөсүн түшүнүү, анын ичинде ички контролдоо системасын, олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо

*Ишкананы жана анын чөйрөсүн түшүнүү*

23. Практикалык адис төмөнкүлөрдү иликтөөгө тийиш (А52–А53-пункттарын караңыз):

(a) тиешелүү тармактык, ченемдик-укуктук жана башка тышкы факторлорду, анын ичинде колдонулуучу критерийлерди;

(b) ишкананын мүнөзүн, анын ичинде:

(i) уюштуруу чектерине киргизилген ишмердүүлүктүн мүнөзү, анын ичинде (A27–A28-пункттарын караңыз):

a. булактар жана абага чыгарууларды толук чагылдыруу жана эгерде бар болсо, сиңирип алуучуларды жана абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөрдү;

b. ишкананын абага чыгарууларынын жалпы көлөмүндөгү абага чыгаруулардын ар биринин үлүшүн; жана

c. парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто чагылдырылган сандык көрсөткүчтөр менен байланышкан айкын эместик (A54–A59-пункттарын караңыз);

(ii) мурунку мезгилге карата ишмердүүлүктүн мүнөзүндөгү же көлөмүндөгү өзгөрүүлөр, анын ичинде абага чыгаруу булактарын кошууну, сатып алууну жана сатууну жүргүзүү же олуттуу абага чыгаруулар менен байланышкан функциялардын аутсорсинги; жана

(iii) ишмердүүлүктөгү мезгилдүүлүк жана тыныгуулардын мүнөзү (A60-пунктун караңыз).

(c) ишкананын сандык баалоо методдорун жана отчеттуулукту түзүү боюнча саясатын тандоосу жана колдонуусу, анын ичинде аларды өзгөртүү себептери жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто абага чыгарууларды эки жолу эсепке алуунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгү;

(d) бааланууучу маанилерге колдонулуучу критерийлердин талаптары, анын ичинде маалыматты ачып көрсөтүү;

(e) эгерде бар болсо, ишкананын климатты өзгөртүү тармагындагы максаты жана стратегиясы жана тиешелүү экономикалык, ченемдик-укуктук, физикалык жана репутациялык тобокелдиктери (A61-пунктун караңыз);

(f) көзөмөл жана ишкананын ичиндеги абага чыгаруулар жөнүндө маалыматка жоопкерчилик;

(g) ишкананын ички аудит кызматынын болуусу жана ал бар болсо, анын ишмердүүлүгү жана абага чыгарууларга карата ишинин негизги натыйжалары.

*Ишкананы жана анын чөйрөсүн иликтөө, ошондой эле олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо максатында аткарылуучу жол-жоболор*

24. Ишкананы жана анын чөйрөсүн иликтөө, ошондой эле олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо максатында аткарылуучу жол-жоболор төмөнкүлөрдү камтыйт (A52–A53, A62-пункттарын караңыз):

    (a) практикалык адистин ой жүгүртүүсүнө ылайык ак ниетсиз аракеттердин же каталардын натыйжасында олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоодо жана баалоодо жардам бериши мүмкүн болгон маалыматты билген ишкананын ичиндеги адамдарга суроо-талаптарды жиберүү;

    (b) талдоо жол-жоболору (A63–A65-пункттарын караңыз);

    (c) байкоо жүргүзүү жана инспекциялоо (A66–A68-пункттарын караңыз)

*Ишкананын ички контролдоо системасын иликтөө*

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| 25L. Сандык баалоого жана абага чыгаруулар жөнүндө отчеттуулукту түзүүгө колдонулуучу ички контролдоо каражаттарына карата практикалык адис олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо үчүн негиз катары суроо-талаптарды жиберүү аркылуу төмөнкүлөрдү иликтейт (A52–A53, A69–A70-пункттарын караңыз):<br>(a) контролдук чөйрөнү;<br>(b) маалыматтык системаны, анын ичинде тиешелүү бизнес-процесстерди, отчеттуулукту түзүү боюнча функцияларды жана милдеттерди, ошондой эле абага чыгаруулар жөнүндө | 25R. Практикалык адис олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо үчүн негиз катары сандык баалоого жана абага чыгаруулар отчеттуулугун чагылдырууга тиешелүү ишкананын ички контролдоо системасынын төмөнкү компоненттерин иликтейт (A52–A53, A70-пункттарын караңыз):<br>(a) контролдук чөйрөнү;<br>(b) маалыматтык системаны, анын ичинде тиешелүү бизнес-процесстерди, отчеттуулукту түзүү боюнча функцияларды жана милдеттерди, ошондой эле абага чыгаруулар жөнүндө отчеттуулукка тиешелүү болгон маанилүү |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| отчеттуулукка тиешелүү болгон маанилүү маселелерди; жана<br>(c) ишканага киргизилген тобокелдиктерди баалоо процессинин натыйжаларын. | маселелерди;<br>(c) ишканага киргизилген тобокелдиктерди баалоо процессин;<br>(d) аларды иликтөө өбөлгөлөр деңгээлинде олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо үчүн зарыл деп практикалык адис эсептеген тапшырмага тиешелүү контролдук аракеттер, ошондой эле бааланган тобокелдиктерге жооп иретинде кошумча жол-жоболорду иштеп чыгуу. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма абага чыгаруулардын ар бир маанилүү тибине жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто маалыматты ачып көрсөтүүгө же алар менен байланышкан ар бир өбөлгөгө тиешелүү бардык контролдук аракеттерди түшүнүүнү талап кылбайт (А71–А72-пункттарын караңыз); жана<br>(e) контролдоо каражаттарына мониторинг жүргүзүү. |
| | 26R. Зарыл нерсе иликтөөнүн алкагында 25Р-пунктуна ылайык практикалык адис контролдоо системасын уюштурууну баалайт жана парник газдарынын абага |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| | чыгарылышы жөнүндө отчетко жооптуу ишкананын персоналын сурамжылоого кошумча жол-жоболорду жүргүзүү аркылуу ал киргизилгендигин же киргизилбегендигин аныктайт (A52–A53-пункттарын караңыз). |

*Олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин иликтөө, табуу жана баалоо максатында аткарылуучу башка жол-жоболор*

27. Эгерде тапшырманын жетекчиси ишкана үчүн башка тапшырмаларды аткарса, ал алынган маалыматты олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табууга жана баалоого колдонууга боло тургандыгын же болбой тургандыгын кароого тийиш ( A73-пунктун караңыз).

28. Практикалык адис иш жүзүндөгү, потенциалдуу же болжолдуу ак ниетсиз аракеттер же парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко таасирин тийгизүүчү мыйзам же ченемдик акты сакталбаган учурлар жөнүндө аларга белгилүү же белгилүү эмес экендигин аныктоо үчүн ишкананын жетекчилигине жана башка адамдарына белгиленген тартипте сурамжылоо жүргүзүүгө тийиш (A84–A86-пункттарын караңыз).

29. Тапшырманын жетекчиси, аудитордук топтун башка негизги мүчөлөрү жана практикалык адистин негизги тышкы эксперттери ак ниетсиз аракеттердин же каталардын натыйжасында парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө ишкананын отчетунун олуттуу бурмалоо тобокелдигине кабылуу даражасын, ошондой эле колдонулуучу критерийлерди ишкананын фактыларынын жана жагдайларынын контекстинде колдонууну талкуулоого тийиш. Тапшырманын жетекчиси талкуулоого катышпаган аудитордук топтун мүчөлөрүнө жана практикалык адистин тышкы эксперттерине кайсы маселелерди жеткирүү керектигин аныктоого тийиш.

30. Практикалык адис ишкананын сандык баалоо методдору жана отчеттуулукту түзүү боюнча саясаты, анын ичинде уюштуруу чектерин аныктоо анын ишмердүүлүгү үчүн талаптагыдай экендигин жана алар тиешелүү тармакта колдонулуучу жана өткөн мезгилдерде колдонулган сандык баалоонун жана отчеттуулукту түзүү боюнча саясаттын колдонулуучу критерийлерине шайкеш келе тургандыгын баалоого тийиш.

Ишкананын объектилери турган жерде жол-жоболорду аткаруу

31. Практикалык адис тапшырманы аткаруу жагдайларын эске алуу менен маанилүү объектилердин турган жеринде жол-жоболорду жүргүзүү зарылдыгы бар же жок экендигин аныктоого тийиш (A15–A16, A74–A77-пункттарын караңыз).

Ички аудит

32. Эгерде ишкананын функциялары тапшырманын шарттарына шайкеш келген ички аудит кызматы бар болсо, практикалык адис төмөнкүлөргө тийиш (A78 - пункттарын караңыз):

(a) ички аудит кызматы тарабынан аткарылган белгилүү бир ишти колдонуу мүмкүнчүлүгүн жана деңгээлин аныктоого; жана

(b) ички аудит кызматы тарабынан аткарылган белгилүү бир ишти колдонуу учурунда тапшырманын максаттары үчүн бул ишти аткаруунун жетиштүү деңгээлин аныктоого.

*Олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо*

| **Чектелген ишеним** | **Акылга сыярлык ишеним** |
| --- | --- |

| **Чектелген ишеним** | **Акылга сыярлык ишеним** |
| --- | --- |
| 33L. Практикалык адис олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табат жана баалайт:<br>(a) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун деңгээлинде (A79–A80 - пункттарын караңыз);<br>(b) абага чыгаруулардын олуттуу типтери жана маалыматты ачып көрсөтүү үчүн (A81 - пунктун караңыз);<br>жол-жоболорду иштеп чыгуу жана жүргүзүү үчүн негиз катарында, мында алардын мүнөзү, мөөнөтү жана көлөмү:<br>(c) бааланган олуттуу бурмалоо тобокелдиктерине шайкеш келет; жана<br>(d) практикалык адиске парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет колдонулуучу критерийлерге ылайык бардык олуттуу аспектилерде даярдалган же даярдалбагандыгы тууралуу чектелген ишенимди алууга мүмкүндүк берет. | 33R. Практикалык адис олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табат жана баалайт:<br>(a) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун деңгээлинде (A79–A80-пункттарын караңыз); жана<br>(b) абага чыгаруулардын олуттуу типтери жана маалыматты ачып көрсөтүү үчүн өбөлгөлөрдүн деңгээлинде, (A81–A82-пункттарын караңыз)<br>жол-жоболорду иштеп чыгуу жана жүргүзүү үчүн негиз катарында, мында алардын мүнөзү, мөөнөтү жана көлөмү (A83 - пункттарын караңыз):<br>(c) бааланган олуттуу бурмалоо тобокелдиктерине шайкеш келет; жана<br>(d) практикалык адиске Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет колдонулуучу критерийлерге ылайык бардык олуттуу аспектилерде даярдалган же даярдалбагандыгы тууралуу акылга сыярлык ишенимди алууга мүмкүндүк берет. |

Олуттуу бурмалоо тобокелдиктеринин себептери

34. 33L же 33R-пункттарына ылайык зарыл жол-жоболорду аткарууда практикалык адис эң аз дегенде төмөнкү факторлорду кароого тийиш (A84–A89-пункттарын караңыз):

(a) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто атайылап жасалган бурмалоонун ыктымалдуулугун (A84–A86-пункттарын караңыз);

(b) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун мазмунуна түздөн-түз таасирин тийгизген жалпы таануулар боюнча мыйзамдардын жана ченемдик актылардын жоболорун сактабагандык ыктымалдуулугун (A87-пункттарын караңыз);

(c) потенциалдуу олуттуу абага чыгарууларды өткөрүп жиберүү ыктымалдуулугун (A88(a)-пунктун караңыз);

(d) экономикадагы же жөнгө салуудагы олуттуу өзгөрүүлөрдү (A88(b)-пунктун караңыз);

(e) ишмердүүлүктүн мүнөзүн (A88(c)-пунктун караңыз);

(f) сандык баалоо методдорунун мүнөзүн (A88(d)-пунктун караңыз);

(g) уюштуруу чектерин жана байланыштуу тараптардын катышуусун аныктоонун татаалдык деңгээлин (A27–A28-пункттарын караңыз);

(h) ишкананын кадимки ишмердүүлүгүнүн чегинен чыгуучу же башка түрдө адаттан тыш көрүнгөн олуттуу абага чыгаруулардын болуусун (A88(e)-пунктун караңыз);

(i) абага чыгарууларды сандык баалоодогу субъективдүүлүк деңгээлин (A88(e)-пунктун караңыз);

(j) 3-категориядагы абага чыгаруулар парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилгендигин же киргизилбегендигин (A88(f)-пунктун караңыз);

(k) ишкана кандай түрдө олуттуу бааланууучу маанилерди аныктай тургандыгын жана алар негизделген маалыматтарды (A88(g)-пунктун караңыз).

**Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине жооп иретинде жалпы жол-жоболор жана кошумча жол-жоболор**

35. Практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун деңгээлинде олуттуу бурмалоонун бааланган

тобокелдиктерине жооп иретинде жалпы жол-жоболорду иштеп чыгууга жана аткарууга тийиш (A90–A93-пункттарын караңыз).

36. Практикалык адис мүнөзү, мөөнөтү жана көлөмү чектелген жана акылга сыярлык ишенимдин деңгээлин эске алуу менен олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине шайкеш кошумча жол-жоболорду иштеп чыгат жана аткарат (A90-пунктун караңыз).

| **Чектелген ишеним** | **Акылга сыярлык ишеним** |
|---|---|
| 37L. 36-пунктка ылайык кошумча жол-жоболорду иштеп чыгууда жана аткарууда практикалык адис (A90, A94-пункттарын караңыз):<br>(a) абага чыгаруулардын олуттуу типтери жана маалыматты ачып көрсөтүү үчүн олуттуу бурмалоо тобокелдиктеринин алынган баасынын себептерин карайт (95 - пунктун караңыз);<br>(b) ишенимдүүлүгү практикалык адис тобокелдикти баалоонун деңгээлин жогорулаткан сайын көбөйгөн далилди алат (A97-пунктун караңыз). | 37R. 36-пунктка ылайык кошумча жол-жоболорду иштеп чыгууда жана аткарууда практикалык адис (A90, A94 - пункттарын караңыз):<br>(a) абага чыгаруулардын олуттуу типтери жана маалыматты ачып көрсөтүү үчүн өбөлгөлөрдүн деңгээлинде олуттуу бурмалоо тобокелдиктеринин алынган баасынын себептерин карайт, анын ичинде (A95-пунктун караңыз):<br>(i) абага чыгаруулардын тиешелүү тибинин жана маалыматты ачып көрсөтүүнүн өзгөчө мүнөздөмөлөрүнө карай олуттуу бурмалоо ыктымалдуулугу (бул ажыралгыс тобокелдикти билдирет);<br>(ii) практикалык адистин башка жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөтүн жана көлөмүн аныктоодо контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун эсептөө ниети |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| | (A96-пунктун караңыз);<br>(b) ишенимдүүлүгү практикалык адис тобокелдикти баалоонун деңгээлин жогорулаткан сайын көбөйгөн далилди алат (A97-пунктун караңыз). |
| | *Контролдоо каражаттарынын тесттери*<br>38R. Практикалык адис тиешелүү контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата жетиштүү талаптагыдай далилдерди алуу үчүн контролдоо каражаттарын иштеп чыгат жана тест жүргүзөт, эгерде (A90(a)-пунктун караңыз):<br>(a) практикалык адис башка жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөтүн жана көлөмүн аныктоодо контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун эсептөөгө ниеттенет (A96-пунктун караңыз);<br>(b) контролдоо каражаттарынын тесттеринен айырмаланган жол-жоболор сыяктуу өбөлгөлөр деңгээлинде жетиштүү талаптагыдай далилдерди бере албайт (A98-пунктун караңыз). |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| | 39R. Эгерде практикалык адис таянууга ниеттенген контролдоо каражаттары туура эмес иштеген учурду таба турган болсо, ал ушул жагдайларды жана алардын ыктымал кесепеттерин иликтөө үчүн тиешелүү суроо-талаптарды жиберет жана аныктайт (А90-пунктун караңыз):<br><br>(a) контролдоо каражаттарынын аткарылган тесттери контролдоо каражаттарына таянуу үчүн талаптагыдай негизди камсыз кыла алабы;<br><br>(b) контролдоо каражаттарынын кошумча тесттерин жүргүзүү талап кылынабы; же болбосо<br><br>(c) олуттуу бурмалоонун потенциалдуу тобокелдиктерине карата башка жол-жоболорду колдонуу зарылдыгы барбы.<br><br>*Контролдоо каражаттарынын тесттеринен айырмаланган жол-жоболор*<br><br>40R. Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине карабастан практикалык адис контролдоо каражаттарынын тесттерине кошумча деталдык тесттерди же талдоо жол-жоболорун иштеп чыгат жана |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| | жүргүзөт, эгерде алар абага чыгаруулардын ар бир олуттуу тиби, ошондой эле тиешелүү маалыматты ачып көрсөтүү үчүн жүргүзүлө турган болсо (А90, А94-пункттарын караңыз).<br><br>41R. Практикалык адис тышкы ырастоолорду алуу зарылдыгын карайт (А90, А99-пункттарын караңыз). |
| *Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине жооп иретинде талдоо жол-жоболорун аткаруу*<br><br>42L. Талдоо жол-жоболорун иштеп чыгууда жана аткарууда практикалык адис (А90(c), А100–А102-пункттарын караңыз):<br><br>(а) олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерин жана кең-кесири тесттерди, эгерде жүргүзүлсө, эске алуу менен тигил же бул талдоо жол-жоболору алгылыктуу болуп саналаарын же саналбасын аныктайт;<br><br>b) колдо болгон маалыматтын булагын, салыштырылуучулугун, мүнөзүн жана орундуулугун, ошондой эле аны даярдоо үчүн контролдоо каражатын эске алуу менен отчетто чагылдырылган сандык көрсөткүчтөргө карата | *Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине жооп иретинде талдоо жол-жоболорун аткаруу*<br><br>42R. Талдоо жол-жоболорун иштеп чыгууда жана аткарууда практикалык адис (А90(c), А100–А102-пункттарын караңыз):<br><br>(а) олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерин жана кең-кесири тесттерди, эгерде бул өбөлгөлөргө жүргүзүлсө, эске алуу менен тигил же бул талдоо жол-жоболору конкреттүү өбөлгөлөр үчүн алгылыктуу болуп саналаарын же саналбасын аныктайт;<br><br>b) колдо болгон маалыматтын булагын, салыштырылуучулугун, мүнөзүн жана орундуулугун, ошондой эле аны даярдоо үчүн контролдоо каражатын эске алуу менен отчетто |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| практикалык адистин күтүүсүнө негизделген маалыматтардын ишенимдүүлүгүн баалайт; жана<br>(c) күтүлүүчү сандык көрсөткүчтөрдү же коэффициенттерди аныктайт.<br>43L. Эгерде талдоо жол-жоболорунун натыйжасында абага чыгаруулар жөнүндө отчетту даярдоо үчүн зарыл башка маалыматка шайкеш келбеген же күтүлүүчү сандык көрсөткүчтөрдөн же коэффициенттерден кыйла айырмаланган өзгөрүүлөр же пропорциялар табылса, практикалык адис ишкананын дарегине мындай дал келбестиктерге карата суроо-талап жиберет. Практикалык адис ушул жагдайларда башка жол-жоболорду жүргүзүү зарылдыгы бар же жоктугун аныктоо үчүн бул суроо-талаптарга жоопторду карайт (A90(c)-пунктун караңыз). | чагылдырылган сандык көрсөткүчтөргө карата практикалык адистин күтүүсүнө негизделген маалыматтардын ишенимдүүлүгүн баалайт; жана<br>(c) отчетто чагылдырылган сандык көрсөткүчтөргө же коэффициенттерге карата күтүүнү түзөт, анын үстүнө мындай күтүүлөр ыктымал олуттуу бурмалоону аныктоо үчүн жетишерлик так болууга тийиш.<br>43R. Эгерде талдоо жол-жоболорунун натыйжасында абага чыгаруулар жөнүндө отчетту даярдоо үчүн зарыл башка маалыматка шайкеш келбеген же күтүлүүчү сандык көрсөткүчтөрдөн же коэффициенттерден кыйла айырмаланган өзгөрүүлөр же пропорциялар табылса, практикалык адис төмөнкүлөр аркылуу мындай дал келбестиктерге иликтөө жүргүзөт (A90(c)-пунктун караңыз):<br>(a) ишкананын дарегине суроо-талаптарды жиберүү жана ишкананын жоопторуна тиешеси бар кошумча далилдерди алуу; жана<br>(b) ушул жагдайларда зарыл болгон башка жол-жоболорду аткаруу. |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| *Бааланууччу маанилерге карата жол-жоболор* | *Бааланууччу маанилерге карата жол-жоболор* |
| 44L. Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине жараша практикалык адис (A103–A104-пункттарын караңыз):<br>(a) баалайт:<br>(i) ишкана баалоого тиешелүү колдонулуучу критерийлердин талаптарын талаптагыдай түрдө колдонгондугун же жоктугун; жана<br>(ii) бааларды аныктоо методдору талаптагыдай болуп саналабы жана алар ырааттуулук менен колдонулганбы, ошондой эле өзгөртүү талаптагыдай мүнөзгө ээ экендигин, эгерде ал өткөн мезгилдерге салыштырмалуу конкреттүү жагдайларда баалоо отчеттуулугунда же аларды аныктоо | 44R. Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине жараша практикалык адис төмөнкүлөрдү баалайт (A103-пунктун караңыз):<br>(a) ишкана баалоого тиешелүү колдонулуучу критерийлердин талаптарын талаптагыдай түрдө колдонгондугун же жоктугун; жана<br>(b) бааларды аныктоо методдору талаптагыдай болуп саналабы жана алар ырааттуулук менен колдонулганбы, ошондой эле өзгөртүү талаптагыдай мүнөзгө ээ экендигин, эгерде ал өткөн мезгилдерге салыштырмалуу конкреттүү жагдайларда баалоо отчеттуулугунда же аларды аныктоо методунда чагылдырылган болсо.<br>45R. Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдигине жооп иретинде практикалык адис баалардын мүнөзүн эске алуу менен төмөнкү аракеттердин бирин же бир нечесин кабыл алат (A103-пунктун караңыз):<br>(a) ишкана жүргүзгөн баалоого тестирлөө жүргүзөт жана ал |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| методунда чагылдырлган болсо; жана<br>(b) ушул жагдайларда башка жол-жоболорду аткаруу зарылдыгын карайт. | негизделген маалыматтарга тест жүргүзөт. Мында практикалык адис төмөнкүлөрдү баалайт:<br>(i) сандык баалоонун колдонулган методу конкреттүү жагдайларда талаптагыдай болуп саналабы;<br>(ii) ишкана колдонгон божомол акылга сыярлык болуп саналабы;<br>(b) башка талаптагыдай жол-жоболорду аткаруу менен бирге ишкананын баалоону жүргүзүү процессине контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тестирлейт;<br>(c) жетекчиликтин баалоосунун тууралыгын аныктоо үчүн өзүнүн тагыраак баасын же диапазонун түзөт. Бул максат үчүн:<br>(i) эгерде практикалык адис ишкана колдонгондон айырмаланган божомолду же методдорду колдонсо, ал ишкананын божомолун же ыкмаларын анын |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| | так баасында же диапазонунда тиешелүү өзгөрүлмөлөр эске алына тургандыгын белгилөө үчүн жетиштүү көлөмдө иликтөөгө жана ишкананын так баасынан бардык олуттуу дал келбестиктерди баалоого тийиш;<br><br>(ii) эгерде практикалык адис диапазонду колдонуу укук ченемдүү деген тыянак чыгарса, ал болгон далилдерге жараша бул диапазонду диапазондун чегиндеги бардык натыйжалар негиздүү болгондой кылып кыскартууга тийиш. |

*Ылгоо*

46. Ылгоону колдонгон учурда практикалык адис аны түзүүдө ылгоо жасалган жол-жобонун максатын жана жалпы жыйындынын мүнөздөмөлөрүн эске алат (А90(b), А105-пункттарын караңыз).

*Ак ниетсиз аракеттер, ошондой эле мыйзам же ченемдик акт*

47. Практикалык адис иш жүзүндөгү же болжолдонгон ак ниетсиз аракеттерге карата жана тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө табылган мыйзамды же ченемдик актыны иш жүзүндөгү же болжолдонгон сактабагандык учурларында талаптагыдай чараларды көрөт (A106–A107-пункттарын караңыз).

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| *Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо процессине карата жол-жоболор* | *Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо процессине карата жол-жоболор* |
| 48L. Практикалык адис тарабынан аткарылуучу жол-жоболор парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо процессине карата жүргүзүлүүчү төмөнкүдөй жол-жоболорду камтыйт (A108-пунктун караңыз): | 48R. Практикалык адис тарабынан аткарылуучу жол-жоболор Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо процессине карата жүргүзүлүүчү төмөнкүдөй жол-жоболорду камтыйт (A108-пунктун караңыз): |
| (a) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун көрсөткүчтөрүн тиешелүү маалыматтар менен салыштыруу же текшерип салыштыруу; жана | (a) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун көрсөткүчтөрүн тиешелүү маалыматтар менен салыштыруу же текшерип салыштыруу; жана |
| (b) ишкананын дарегине суроо-талаптарды жиберүү аркылуу Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо процессинде киргизилген олуттуу оңдоп-түзөөлөрдөн түшүнүк алуу жана конкреттүү жагдайларда башка жол-жоболорду жүргүзүү зарылдыгын кароо. | (b) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо процессинде киргизилген олуттуу оңдоп-түзөөлөрдү изилдөө. |

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| *Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында кошумча жол-жоболорду аткаруу зарылдыгын аныктоо*<br><br>49L. Эгерде практикалык адиске анын негизинде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет олуттуу бурмалоону камтышы мүмкүн экендигин болжолдогон жагдай же жагдайлар белгилүү болсо, практикалык адис кошумча далилдерди алуу үчүн ал жасай алууга мүмкүн болгон кошумча жол-жоболорду иштеп чыгат жана жүргүзөт (A109–A110-пункттарын караңыз):<br><br>(a) жагдай же жагдайлар балким парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту олуттуу бурмалоого алып келбей тургандыгы тууралуу тыянак чыгаруу; же<br><br>(b) жагдай же жагдайлар балким парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту олуттуу бурмалоого алып келе тургандыгын аныктоо (A111-пунктун караңыз). | *Табылган бурмалоолорду топтоо*<br><br>49R. Тапшырманы аткаруу процессинде практикалык адистин баалоонун кошумча далилдерин алуусуна жараша өбөлгөлөрдүн деңгээлинде олуттуу бурмалоо тобокелдиктери өзгөрүшү мүмкүн. Практикалык адис башында практикалык адистин тобокелдикти баалоосу негизделген далилдерге шайкеш келбеген далилдерди алган жагдайларда ал баалоону кайра карайт жана пландалган жол-жоболорго тиешелүү түрдө өзгөртүүлөрдү киргизет (A109-пунктун караңыз). |

*Табылган бурмалоолорду топтоо*

50. Тапшырманы аткарууда практикалык адис олуттуу эмес болуп саналгандардан башка табылган бурмалоолорду топтоого милдеттүү (112-пунктун караңыз).

*Тапшырманы аткарууга табылган бурмалоолорду кароо*

51. Практикалык адис төмөнкү учурларда тапшырманы аткаруунун жалпы стратегиясын жана планын кайра кароо талап кылына тургандыгын аныктайт:

(a) табылган бурмалоонун мүнөзү жана алардын пайда болуу жагдайлары тапшырманын алкагында табылган бурмалоолордун жыйындысында олуттуу болушу мүмкүн болгон башка бурмалоолор болушу мүмкүн экендигин көрсөтөт; же болбосо

(b) тапшырманын алкагында табылган бурмалоолордун жыйындысы ушул стандарттын 20-22-пункттарына ылайык аныкталган олуттуулук деңгээлине жакындайт.

52. Эгерде практикалык адистин суроо-талабы боюнча ишкана абага чыгаруулардын кандайдыр-бир тиби жөнүндө маалыматты же кандайдыр-бир маалыматты ачып көрсөтүүнү кайра текшерсе жана табылган бурмалоолорду оңдосо, практикалык адис олуттуу бурмалоо сакталгандыгын аныктоо үчүн ишкана аткарган ишке карата жол-жоболорду жүргүзөт.

*Бурмалоолор жөнүндө маалымдоо жана аларды оңдоо*

53. Практикалык адис ишкананын ичинде тиешелүү деңгээлде тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө табылган бардык бурмалоолор тууралуу маалыматты өз убагында берет жана андан бул бурмалоолорду оңдоону талап кылат.

54. Эгерде ишкана практикалык адис ага жеткирген маалыматтын айрым же бардык бурмалоолорун оңдоодон баш тартса, практикалык адис ишкананын оңдоону киргизүүдөн баш тартуу себебин иликтейт жана бул себептерди өзүнүн тыянагын чыгарууда эсепке алат.

*Оңдолбогон бурмалоолордун таасирин баалоо*

55. Оңдолбогон бурмалоолордун таасирин баалоону жүргүзгөнгө чейин практикалык адис ушул деңгээл ишкананын иш жүзүндөгү абага чыгарууларынын контекстинде талаптагыдай болуп саналаарын ырастоо үчүн ушул стандарттын 20-22-пункттарына ылайык аныкталган олуттуулук деңгээлин кайра баалайт.

56. Практикалык адис оңдолбогон бурмалоолор өзүнчө турганда же жыйынды түрүндө олуттуу болуп саналаарын аныктайт. Бул чечимди

кабыл алуу менен практикалык адис бурмалоонун өлчөмүн жана мүнөзүн, ошондой эле абага чыгаруулардын белгилүү бир типтерине же ачып көрсөтүлгөн маалыматка жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата алардын пайда болуусунун белгилүү бир жагдайларын карайт (72-пунктун караңыз).

**Башка практикалык адис тарабынан аткарылган ишти колдонуу**

57. Эгерде практикалык адис башка практикалык адис тарабынан аткарылган ишти колдонууга ниеттенсе, ал:

(a) бул башка практикалык адиске ишти аткаруунун көлөмү жана мөөнөттөрү жөнүндө жана анын ишинин натыйжаларын алуу тууралуу сөзсүз маалымдайт (A113–A114-пункттарын караңыз);

(b) алынган далилдердин талаптагыдай мүнөзүн жана жетиштүүлүгүн, ошондой эле тиешелүү маалыматты парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизүү процессин баалайт (A115-пунктун караңыз).

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр**

58. Практикалык адис тиешелүү маселелерге жооп берүүчү жана алар тууралуу маалыматка ээ ишкананын адамынан же адамдарынан төмөнкүлөр жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү сурайт (A116-пунктун караңыз):

(a) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо боюнча алар өз милдеттерин аткардыбы, анын ичинде салыштырмалуу маалыматты, эгерде зарыл болсо, тапшырманы аткаруу шарттарында баяндалган колдонулуучу критерийлерге ылайык;

(b) алар практикалык адиске бардык зарыл маалыматты жана тапшырманы аткаруу шарттарына ылайык жетүү мүмкүнчүлүгүн бердиби жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто бардык зарыл маалыматты чагылдырдыбы;

(c) оңдолбогон бурмалоолор өзүнчө жана жыйынды түрүндө таасири парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн олуттуу эмес болуп саналат деп божомолдошобу. Бул бурмалоолордун кыскача тизмеги жазма жүзүндөгү билдирүүлөргө киргизилет же аларга тиркелет;

(d) бааланууучу маанилерди аныктоо үчүн колдонулган олуттуу божомолдор негиздүү болуп саналат деп божомолдошобу;

(e) алар практикалык адиске маанилүү эмес болуп саналган тапшырмага тиешелүү ички контролдоо системасынын бардык белгилүү кемчиликтери тууралуу маалыматты бергендиги; жана

(f) алар практикалык адиске иш жүзүндөгү, потенциалдуу же болжолдонгон ак ниетсиз аракеттер же ак ниетсиз аракеттер же мыйзамды же ченемдик актыны сактабагандык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн болгон мыйзамды же ченемдик актыны сактабагандык учурлары жөнүндө аларга белгилүү болгон маалыматты ачып бердиби.

59. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн күнү ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун күнүнө мүмкүн болушунча жакын, бирок андан кеч эмес болууга тийиш.

60. Практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата тыянак чыгаруудан баш тартат же баш тартуу колдонулуучу мыйзамга же ченемдик актыга ылайык мүмкүн болгон шартта тапшырмадан баш тартуу, эгерде:

(a) практикалык адис 58(a) жана (b)-пункттарга ылайык талап кылынган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү берген адамдын же адамдардын чынчылдыгына карата жетиштүү шектенүүлөр бар экендиги жана ушуга байланыштуу жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ишенимдүү болуп саналбайт деген тыянакка келсе; же

(b) ишкана 58(a) жана (b)-пункттарында каралган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербесе.

**Отчеттук күндөн кийинки окуялар**

61. Практикалык адис (A117-пунктун караңыз):

(a) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун күнү менен ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун күнүнүн ортосундагы мезгилде болуп өткөн окуялар парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко оңдоп-түзөөлөрдү киргизүүнү же маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылабы же жоктугун карайт жана колдонулуучу критерийлерге ылайык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто мындай окуяларды талаптагыдай чагылдырууга карата алынган далилдердин жетиштүүлүгүн жана талаптагыдай мүнөзүн баалайт; жана

(b) практикалык адис тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун күнүнөн кийин билген жана алар корутундунун же отчеттун маалыматынын күнүнө ага белгилүү болсо, анын натыйжасында

ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуну же отчетту өзгөртө ала турган фактыларга жооп иретинде талаптагыдай чараларды көрөт.

**Салыштырмалуу маалымат**

62. Эгерде отчеттук мезгилдеги абага чыгаруулар тууралуу маалыматтар менен бирге салыштырмалуу маалымат берилсе жана практикалык адистин тыянагы бардык мындай салыштырмалуу маалыматка же анын айрым бөлүктөрүнө жайылтылса, анда практикалык адистин салыштырмалуу маалыматка карата аткаруучу жол-жоболору төмөнкүлөрдү баалоону камтыйт (A118–A121-пункттарын караңыз):

(a) салыштырмалуу маалымат өткөн мезгил үчүн берилген сандык көрсөткүчтөр жана башка ачып көрсөтүлгөн маалымат менен дал келеби, же эгерде зарыл болсо, мындай маалыматты кайра эсептөө жүргүзүлгөндүгүн жана ал тиешелүү түрдө ачылганын билдирбегенин зарыл болсо (A121-пунктун караңыз); жана

(b) салыштырмалуу маалыматта чагылдырылган сандык баалоо саясаты учурдагы мезгилде колдонулуучу саясатка карама-каршы келбегендигин же эгерде саясатка өзгөртүүлөр киргизилгендигин, алар колдонулгандыгын жана тийиштүү түрдө ачылгандыгын.

63. Эгерде көрсөтүлгөн салыштырмалуу маалыматта олуттуу бурмалоо болушу мүмкүн экендиги жөнүндө ага белгилүү болсо, практикалык адистин тыянагы салыштырмалуу маалыматка жайылтылганбы же жокпу, ага карабастан, практикалык адис:

(a) тийиштүү маселелерге жооп берген же алар тууралуу маалымат алган ишкананын адамы же адамдары менен бул маселени талкуулайт жана көрсөтүлгөн жагдайларга талаптагыдай болуп эсептелген жол-жоболорду аткарат (A122–A123-пунктун караңыз);

(b) ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду же отчет үчүн кесепеттерди карайт. Эгерде берилген салыштырмалуу маалымат олуттуу бурмалоону камтыса жана салыштырмалуу маалымат кайрадан эсептелбесе:

(i) практикалык адистин тыянагы салыштырмалуу маалыматка жайылтылган учурда, ал ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда же отчетто эскертүү же терс тыянак чыгаруу менен жыйынтык чыгарат, же

(ii) практикалык адистин тыянагы салыштырмалуу маалыматка жайылтылбаган учурда, ал ишенимди камсыз

кылуучу корутунду же тапшырма боюнча отчетко «Башка маалыматтар» бөлүмүн салыштырмалуу маалыматка таасир эткен жагдайларын сыпаттоо менен камтыйт.

**Башка маалымат**

64. Практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту жана ага карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчетту камтыган документтерге киргизилген башка маалыматтар менен, эгерде алар парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто же ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундуда же отчетто болсо жана таанышуунун натыйжасында алынган маалыматтар менен таанышууга тийиш (А139-пунктун караңыз):

(a) башка маалымат менен парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун же болбосо башка маалымат менен ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундунун же отчеттун ортосундагы олуттуу бурмалоолорду табат; же

(b) башка маалымат парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко жана ишенимди камсыз кылуучу корутундуга же отчетко ишенимди азайтууга мүмкүн болгондо олуттуу бурмалоо фактысы жөнүндө маалыматты алат,

бул маселени ишкана менен талкуулап жана жагдайларга ылайык мындан аркы аракеттерди көрүүгө тийиш (А124–А126-пункттарын караңыз).

**Документация**

65. Практикалык адис аткарылган жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөтүн жана көлөмүн документ түрүндө тариздөөдө төмөнкүлөрдү чагылдырат ( А127-пунктун караңыз):

(a) аларга карата тестирлөө өткөрүлгөн айрым беренелердин же жагдайлардын айырмалуу мүнөздөмөлөрү кандай;

(b) тапшырма боюнча ишти ким аткарган жана аны аяктоо күнүн; жана

(c) тапшырма боюнча аткарылган ишти ким текшерген, ошондой эле мындай текшерүүнүн күнү жана көлөмү.

66. Практикалык адис ишкана жана башка тараптар менен маанилүү маселелерди, анын ичинде каралган маанилүү маселелердин мүнөзү кандай, ошондой эле алар качан жана ким менен талкуулангандыгы жөнүндө талкуулоону документ жүзүндө тариздейт (А127-пунктун караңыз).

*Сапатты контролдоо*

67. Практикалык адис тапшырма боюнча документтерге төмөнкүлөрдү киргизет:

(a) колдонулуучу этикалык талаптарды сактоого тиешелүү табылган суроолор, жана алар кантип чечилди;

(b) тапшырмага карата колдонулуучу көз карандысыздыктын талаптарын сактоого карата тыянактар жана бул тыянактарды ырастаган аудитордук ишкананын ичинде бардык тиешелүү талкуулоолор;

(c) кардарлар менен мамилени кабыл алууга жана улантууга жана ишенимди камсыз кылуучу конкреттүү тапшырмаларды кабыл алууга жана аткарууга карата чыгарылган корутундулар;

(d) тапшырманы аткаруунун алкагында өткөрүлгөн консультациялардын мүнөзү жана көлөмү жана алардын жыйынтыктары боюнча тыянактар.

*Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун күнүнөн кийин пайда болуучу маселелер*

68. Эгер практикалык адис өзгөчө жагдайларда жаңы же кошумча жол-жоболорду аткарса же ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду же отчет боюнча отчет бүткөндөн кийин жаңы тыянакты чыгарса, ал документ түрүндө таризделиши керек (А128-пунктун караңыз):

(a) тиешелүү жагдайларды сыпаттоо;

(b) жаңы же кошумча жол-жоболордун, алынган далилдердин жана чыгарылган тыянактардын, ошондой эле алардын ишенимди камсыз кылуучу корутундуга же тапшырмага тийгизген таасири; жана

(c) тапшырма боюнча документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү ким жана качан киргизгендиги жана аларды текшерүүнү жүргүзгөндүгү жөнүндө маалымат.

*Тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзүү*

69. Практикалык адис тапшырма боюнча файлга документтерди чогултат жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчет же корутунду чыгарылгандан кийин белгиленген мөөнөттө тапшырма боюнча биротоло файлды түзүүнүн административдик процессин аяктайт. Адиске берилген тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзгөндөн кийин адистин мөөнөтү аяктаганга чейин тапшырма боюнча документтерди жок кылып салбашы керек (А129-пунктун караңыз).

70. 68-пунктта көрсөтүлгөндөн айырмаланган жагдайларда практикалык адис тапшырма боюнча учурдагы документтерге өзгөртүүлөрдү киргизүүнү же тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзүп бүткөндөн кийин тапшырма боюнча жаңы документтерди кошууну зарыл деп эсептесе, ал төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдүн же толуктоолордун мүнөзүнө карабастан документ түрүндө тариздейт:

(a) мындай өзгөртүүлөр жана толуктоолор үчүн конкреттүү кандай себеп бар; жана

(b) качан жана ким тарабынан алар киргизилген жана текшерилген.

**Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү**

71. Аларга карата аткаруу сапатын текшерүү мыйзам же ченемдик акты менен талап кылынган, же аларга карата аудитордук ишкана тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүү зарылчылыгы жөнүндө чечим кабыл алган тапшырма (эгерде булар аткарылса) үчүн аудитордук топ кабыл алган маанилүү пикирлерге жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда же отчетто баяндалган тыянактарга объективдүү баа берүүнү жүргүзүүгө тийиш. Мындай баалоо төмөнкүлөрдү камтыйт (A130-пунктун караңыз):

(a) тапшырманын жетекчиси, анын ичинде аудитордук топтун сандык баалоо, абага чыгаруулар жөнүндө отчет түзүү жана ишенимди камсыз кылуу боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн талкуулоо;

(b) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту жана сунушталган корутундуну же ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчетту текшерүүнү;

(c) аудитордук топ кабыл алган маанилүү пикирлерге карата тапшырма боюнча документтерди жана ал тарабынан жасалган тыянактарды тандап текшерүүнү; жана

(d) Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда же отчетто түзүлгөн тыянактарды баалоону жана сунуш кылынып жаткан корутунду же ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчет талаптагыдай экендигин талкуулоону.

**Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду чыгаруу**

72. Практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата жагдайга жараша ал акылга сыярлык же чектелген ишенимди алгандыгы тууралуу корутунду чыгарат. Бул тыянак ушул стандарттын 56 жана 73-75-пункттарынын талаптарын эске алышы керек.

| Чектелген ишеним | Акылга сыярлык ишеним |
|---|---|
| 73L. Практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет колдонулуучу критерийлерге ылайык бардык олуттуу аспектилерде даярдалган эмес деп болжолдоого негиз боло турган фактылар табылганын баалайт. | 73R. Практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет колдонулуучу критерийлерге ылайык бардык олуттуу аспектилерде даярдалгандыгын баалайт. |

74. Бул баалоо ишкана тарабынан колдонулган сандык баалоо методдорунун жана эсептик практиканын сапаттык аспекттерин карап чыгууну, бааланууучу маанилерди иштеп чыгууда жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту[13] даярдоодо пикирлерде жана чечимдерде мүмкүн болуучу бирдейликтин белгилерин, ошондой эле колдонулуучу критерийлерди эске алуу менен төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

(a) сандык баалоонун тандалып алынган жана колдонулган методдору жана эсеп саясаты колдонулуучу критерийлерине ылайык келет жана алар тийиштүү болуп саналат;

(b) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоодо аныкталган, бааланууучу маанилер негиздүү болуп саналабы;

(c) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто берилген маалымат жөндүү, ишенимдүү, толук, салыштырмалуу жана түшүнүктүү болуп саналабы;

(d) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто колдонулуучу критерийлер жана башка маселелер жөнүндө жетиштүү маалымат ачылганбы, анын ичинде болжолдонгон пайдалануучулар аны даярдоодо пайдаланылган маанилүү пикирлерди түшүнө алуулары үчүн айкын эместик факторлору (A29, A131–A133-пункттарын караңыз);

(e) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто колдонулган терминология талаптагыдай болобу.

75. 73-пунктка ылайык талап кылынган баалоо төмөнкүлөрдү да камтууга тийиш:

---

[13] Ыктымал бир жактуулук белгилери өз алдынча айрым баалоолордун негиздүүлүгүнө карата тыянактарды чыгаруунун максаттары үчүн бурмалоо болуп саналбайт.

(a) парник газдарынын абага чыгарылышы, анын түзүмү жана курамы жөнүндө отчеттун жалпы берилишин; жана

(b) эгерде колдонулуучу критерийлердин контекстинде, тапшырманын ишенимин же башка жагдайларын камсыз кылуучу тапшырма боюнча тыянакты түзүү талап кылынса, парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто тийиштүү абага чыгаруулар алар жөнүндө маалыматтын анык берилиши камсыз кылынгыдай болуп берилет.

**Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундунун же отчеттун мазмуну**

76. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутунду же отчет төмөнкү негизги элементтерди камтууга тийиш (A134-пунктун караңыз):

(a) бул корутунду, ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча көз карандысыз практикалык адистин корутундусунан тургандыгын так көрсөтүүчү аталыш.

(b) даректелүүчү;

(c) практикалык адис акылга сыярлык же чектелген катары алган ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын ишенимдүүлүк даражасын идентификациялоо же сыпаттамасы.

(d) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту, анын ичинде ал турган мезгил же мезгил жөнүндө жана отчетто кайсы бир маалымат практикалык адистин чыгарган тыянагы менен камтылбаса, ага карата ишеним камсыз кылынган маалыматтын так көрсөтүлүшү, ошондой эле адиске өзгөчө маалымат жагынан жол-жоболорду аткарбаганы тууралуу билдирүү менен бирге өзгөчө (A120, A135-пункттарын караңыз);

(e) ишкананын жоопкерчилигинин сыпаттамасы (A35-пунктун караңыз);

(f) парник газдарын сандык баалоодо айкын эместик болбой тургандыгы жөнүндө билдирүү (A54–A59-пунктарын караңыз);

(g) эгерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет практикалык адистин чыгарган абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөрүн камтыса, бул абага чыгаруулар боюнча бул кемитүүлөрдү көрсөтүүгө жана аларга карата практикалык адистин жоопкерчилиги жөнүндө билдирүү (A136–A139-пункттарын караңыз);

(h) колдонулуучу критерийлерди аныктоо;

(i) бул критерийлерге жетүү мүмкүнчүлүгүн алууга көрсөтмө;

(ii) качан белгиленген критерийлер белгилүү болжолдонгон пайдалануучуларга гана жеткиликтүү болсо, же белгилүү бир максат үчүн гана колдонула турган болсо, бул факт боюнча пайдалануучулардын көңүлүн бурган билдирүү, анын натыйжасында парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет башка максатка ылайыктуу болбой калышы, ошондой эле конкреттүү пайдалануучулардын чөйрөсү же конкреттүү максаттар менен гана ишенимди камсыз кылуучу корутундуну же тапшырма боюнча отчетту пайдаланууну чектеген (A140–A141-пункттарын караңыз);

(iii) эгерде белгиленген критерийлер парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата түшүндүрмө эскертүүлөрдө бул критерийлер колдонулуучу болушу үчүн маалыматты ачуу жолу менен толуктоолорду талап кылса, тиешелүү эскертүүгө же эскертүүгө көрсөтмө (A131-пунктун караңыз).

(i) практикалык адисти аудитордук ишкана СКЭС 1, же башка кесиптик талаптарды же мыйзамда же ченемдик актыларда белгиленген талаптарды, СКЭС 1 менен белгиленгенден кем эмес катуу тартипте колдоно тургандыгы жөнүндө билдирүү. Эгерде практикалык адис кесиптик бухгалтер болуп саналбаса, кесиптик талаптар, же мыйзам же ченемдик актылар менен белгиленген талаптар СКЭС 1 менен белгиленгенден кем эмес катуу тартипте болушу керек;

(j) практикалык адис көз карандысыздык талаптарын жана БЭЭСК Кодексинин башка этикалык талаптарын же дагы башка кесиптик талаптарды же болбосо мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген талаптарды, ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга таандык болгон БЭЭСК Кодексинин А жана Б бөлүмдөрүндө белгиленгенден кем эмес катуу талаптарды сактагандыгы жөнүндө билдирүү. Эгерде практикалык адис кесиптик бухгалтер болуп саналбаса, кесиптик талаптар же мыйзамда же ченемдик актыда белгиленген талаптар, ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга тиешелүү БЭЭСК Кодексинин А жана Б бөлүмдөрүндө белгиленгенден кем эмес катуу көрсөтүлүүгө тийиш;

(k) практикалык адистин жоопкерчилигинин сыпаттамасы, анын ичинде:

(i) ИКТЭС 3410 «*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттуулукка карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга*» ылайык тапшырма аткарылгандыгы тууралуу билдирүү;

(ii) практикалык адистин корутундусу үчүн негиз катары аткарылган иштин маалыматтык кыскача баяны. Эгерде чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруу болсо, практикалык адистин тыянагын түшүнүү үчүн аткарылган жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөтүн жана көлөмүн баалоо керек. Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырма аткарылган учурда аткарылган иштин кыскача баяндамасы төмөнкүлөрдү чагылдырууга тийиш:

- чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында аткарылуучу жол-жоболор мүнөзүнө жараша ар түрдүү жана акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууга караганда көлөмү боюнча аз болот; жана
- тиешелүү түрдө, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда алынган, акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда алууга караганда бир кыйла төмөн ишенимди камсыз кылуучу тапшырма аткарууда алынган ишенимдүүлүк деңгээли (A142–A144-пункттарын караңыз).

(l) практикалык адистин тыянагы:

(i) акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма учурунда позитивдүү формада берилген; же

(ii) ишенимди камсыз кылуу боюнча чектелген тапшырманын алкагында корутунду аткарылган жол-жоболордун жана алынган далилдердин негизинде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет олуттуу мамилелердин бардыгында эле эмес колдонулуучу критерийлерге ылайык даярдалган деп практикалык адисти мажбур кылган маселеге (маселелерге) практикалык адистин көңүлү бурулганын чагылдырган формада берилүүгө тийиш;

(iii) качан практикалык адис ишеним менен камсыз кылынган милдеттер боюнча модификацияланган тыянакты, корутундуну же отчетту түзөт, алар төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

a. модификацияга алып келген маселелердин сыпаттамасы келтирилген бөлүм; жана

b. практикалык адистин модификацияланган тыянагын камтыган бөлүм.

(m) практикалык адистин колу ( A145-пунктун караңыз);

(n) ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун күнү. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутунду же отчет практикалык адистин аны чыгарган бардык далилдерге ээ болгон күндөн эрте эмес, анын ичинде тиешелүү таанылган ыйгарым укуктары бар адамдар парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн жоопкерчилик тарта тургандыгы жөнүндө билдиришкендиги тууралуу билдирилгенден кийин жазылууга тийиш.

(o) практикалык адис иштеген өлкөдөгү турган жери.

*«Маанилүү жагдайлар» жана «Башка маалыматтар» бөлүмдөрү*

77. Эгерде практикалык адис зарыл деп эсептесе (A146–A152-пункттарын караңыз):

(a) болжолдонгон пайдалануучулардын көңүлүн парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто же анын жаралышына ылайык болжолдонгон пайдалануучулар парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту («Маанилүү жагдайлар» бөлүмү) түшүнүүсү үчүн чечүүчү мааниге ээ болгон жагдайларга буруу; же

(b) пайдалануучулар болжолдогон тапшырманы, практикалык адистин милдеттерин же болбосо ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуну же отчетту билүү үчүн олуттуу түшүнүү үчүн парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто же ага карата эскертүүлөрдө чагылдырылган башка жагдайлар жөнүндө маалымдоого («Башка маалыматтар» бөлүмү),

жана бул мыйзам же ченемдик актылар менен тыюу салынган эмес, практикалык адистин практикалык тажрыйбасы бул жагдай боюнча өз тыянагын өзгөртүү эмес экенин так көрсөтүлгөн тиешелүү аталышында, ишенимди камсыз кылуучу корутундунун же тапшырма боюнча отчеттун бөлүмүндө болушу керек.

**Маалымдоого карата башка талаптар**

78. Практикалык адис (эгерде бул мыйзамда же ченемдик актыларда тыюу салынбаса) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоого жооптуу адамга же жактарга саналып өткөн маселелерден төмөн турган тапшырманы аткаруу процессинде ал аныктаган документтерди билдирүүгө жана ал бул тууралу ишкананын

алкактарында же андан тышкаркы үчүнчү тарапка билдирүүгө милдеттүү же милдеттүү эместигин аныктоого тийиш:

(a) ички контролдоо системасындагы кемчиликтер, алар, практикалык адистин кесипкөй ой жүгүртүүсүнө ылайык олуттуу маанилүү болуп саналат жана белгилей кетүү зарыл;

(b) аныкталган же болжолдонгон ак ниетсиз аракеттер; жана

(c) бул маселелер ачык-айкын эмес мүнөздө болгон учурларды кошпогондо, мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандык менен байланышкан маселелер (A87-пункттун караңыз).

***

## Пайдалануу үчүн колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар

### Киришүү

*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко кошумча маалыматты камтыган ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар (3-пунктту караңыз)*

A1. Айрым учурларда практикалык адис колдонмо парник газы жөнүндөгү маалыматты камтыйт отчет боюнча ишенимди камсыз кыла алат, бирок бул маалымат 14(m)-пунктунда аныкталгандай парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет эмес. Мындай учурларда бул стандарт мындай милдеттерге карата көрсөтмөлөрдү камтышы мүмкүн.

A2. Эгерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет практикалык адистин чыгарган тыянагы менен камтылган жалпы маалыматтын салыштырмалуу аз бөлүгүн түзсө, ушул стандарт канчалык деңгээлде колдонулушу тууралуу маселе тапшырманы аткаруунун конкреттүү жагдайларында практикалык адистин кесипкөй ой жүгүртүүсүнүн предмети болуп эсептелет.

*Парник газдары жөнүндө маалыматтарга негизделген натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү (* ( 4(b)-пунктун караңыз)

A3. Парник газы жөнүндөгү маалыматтарга негизделген натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчүнүн мисалы, айрым өлкөлөрдүн мыйзамына же ченемдик актысына ылайык эсептеле турган жана ачыла турган мезгилдин ичинде ишкана тарабынан жасалган автомобилдер үчүн километрге таштоолордун орточо салмакталган саны болуп эсептелет.

*Акылга сыярлык ишенимди жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын алкагында аткарылуучу жол-жоболор* (8-пунктту караңыз)

A4. Айрым жол-жоболор гана акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуу милдеттери үчүн талап кылынат, ошентсе да, ишеним чектелген камсыз кылган айрым милдеттерди үчүн колдонулушу мүмкүн. Ошентип, контролдук аракеттерди изилдөө чектелген ишенимин камсыз кылуу жумуш үчүн талап кылынбайт да, кээ бир учурларда, мисалы, маалымат чагылдырылат, иштелип же электрондук түрдө гана отчетуна киргизилген болсо, практикалык адис башкаруу боюнча чечим кабыл алат, ошентсе да, контролдоо боюнча тестирлөө, ошондуктан, ошондой эле контролдук аракеттерди изилдөө чектелген ишеним менен камсыз кылуу тапшырма үчүн зарыл болуп саналат (A90-пунктун караңыз).

*Көз карандысыздык* (10, 15-пункттарды караңыз)

A5. БЭЭСК Кодексинде көз карандысыздыкка карата мамиле колдонулат, ал көз карандысыздыкка коркунучтарды аныктоого жана тиешелүү этияттык чараларын көрүүгө негизделет. Фундаменталдык принциптерди сактоо жагдайлардын кеңири спектрине коркунуч келтириши мүмкүн. Көптөгөн коркунучтар төмөнкүдөй категорияларга бөлүнөт:

- жеке кызыкчылыкка коркунуч, мисалы, ишканадан алган сыйлыктын жалпы суммасы боюнча ашыкча көз карандылык;
- өзүн-өзү контролдоо коркунучу, мисалы, парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет түзүүгө, атап айтканда ишкананын абага чыгарууларын сандык баалоого катышууга түздөн-түз таасир тийгизүүчү ошол эле ишкананын башка кызматтарын көрсөтүү;
- кылмышка коркунуч, мисалы, ишкананын өкүлү катары аракеттерди аткаруу, анын кызыкчылыктарын коргоп, колдонулуучу критерийлерди чечмелөөгө карата;
- жакын таанышуулар коркунучу, мисалы: аудитордук топтун мүчөсү парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет даярдоого түздөн-түз жана олуттуу таасир этиши мүмкүн болгон ишкананын кызматкери менен узак мөөнөттүк мамилелерге же жакын туугандык байланыштарына ээ;
- опуза коркунучу, мисалы, наркын азайтуу үчүн аткарылуучу иштердин көлөмүн негизсиз азайтуу максатында басым көрсөтүү же ишкананын тармагына байланыштуу адисти каттоо органы тарабынан каттоону жокко чыгаруу коркунучу.

A6. Кесиптик стандарттарда, мыйзамда же ченемдик актыда камтылган сактык чаралары же ишти ишканадан келип чыккан сактык чаралары мындай коркунучтарды алгылыктуу деңгээлге чейин жоё алат же азайтышы мүмкүн.

*Жергиликтүү мыйзам же ченемдик акт жана абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасынын жобосу* (11-пунктту караңыз)

A7. Жергиликтүү мыйзам, абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасынын ченемдик актысы же абага чыгаруу системасынын жобосу ушул стандарттын талаптарына кошумча талаптарды камтышы мүмкүн, бардык тапшырмаларга карата белгилүү бир жол-жоболорду жүргүзүүнү талап кылат же белгиленген тартипте жол-жоболорду аткарууну талап кылат. Мисалы, жергиликтүү мыйзам, ченемдик акты же абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасынын жобосу ушул стандарттын ченемдерине ылайык келбеген форматтагы корутунду же отчет берүүнү талап кылышы мүмкүн. Эгерде мыйзамдар же ченемдик актылар ушул стандарттан кыйла айырмаланган терминологияны колдонуу менен же түрүндө ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча жыйынтыкты же отчетту тариздөөнү же туюндурууну караштырса жана практикалык адис көнүмдүктү камсыз кылуучу корутундуда же тапшырма боюнча отчетто кошумча түшүндүрмө туура эмес чечмелөө мүмкүнчүлүгүн азайтпайт деген тыянакка келсе, ал тапшырма ушул стандартка ылайык аткарылбагандыгы жөнүндө корутундуга же отчетко кошуу тууралуу маселени карашы мүмкүн.

**Аныктамалар**

*Абага чыгаруулар* (14(f)-пунктун, 1-тиркемени караңыз)

A8. 1-категориянын абага чыгаруулары күйүүнүн стационардык булактарын (бойлер, күйгүзүү үчүн мештер, кыймылдаткычтар жана факстык түзүлүштөр сыяктуу ишкананын стационардык жабдууларында күйүп турган отун), күйүүнүн мобилдик булактары (жүк ташуучу автомобилдер, поезддер, самолеттор жана кемелер сыяктуу ишкананын транспорт каражаттары менен күйүп турган отун), технологиялык чыгаруулар (цемент өндүрүү, алюминийди химиялык кайра иштетүү жана өндүрүү сыяктуу физикалык жана химиялык процесстердин натыйжасында) жана уюштурулбаган абага чыгаруулар (мындай байланыштарды жана ажыраткан жана калдык суу, кен, шахталарда жана мунаранын муздаткычтары).

A9. Дээрлик бардык ишканалар энергияны электр энергиясы, жылуулук энергиясы же буу түрүндө сатып алышат, демек, 2-категориядагы абага чыгаруулар дээрлик бардык ишканаларда бар. 2-категориядагы абага чыгаруулар кыйыр болуп саналат, анткени, мисалы, ишкана тарабынан

сатып алынуучу электр энергиясына байланышкан абага чыгаруулар уюштуруучулук чек аралардан тышкары жайгашкан электр станцияларына жүргүзүлөт.

A10. 3-категориядагы абага чыгаруулар, мисалы, кызматкерлердин иш сапарлары менен; аутсорсингге берилген иштер; ишкананын продуктуларын пайдалануу үчүн зарыл болгон кендерди же электр энергиясын керектөө; сатып алынган отунду уюштуруу процесстерин камсыз кылуу жана ташуу үчүн сатып алынуучу материалдарды казып алуу же өндүрүү менен байланышкан абага чыгарууларды камтыйт. 3–категориядагы абага чыгарууларга байланыштуу маселелер, андан ары A31-A34-пункттарында берилет.

*Абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр* (14(g), 17(a)(iii)-пункттарын, 1-тиркемени караңыз)

A11. Айрым учурларда абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр критерийлерге ылайык кемитүүгө уруксат берилген абага чыгаруулардын санынын жана абага чыгаруулар боюнча чегерүү жөнүндө талап коюу максатында ишкана тарабынан көрүлгөн акча төлөмдөрүнүн же башка аракеттердин натыйжасында болушу мүмкүн болгон абага чыгаруулардын азайышынын ортосунда белгиленген байланыш жок болгон конкреттүү өлкөлөрдүн кредиттерин жана квоталарын камтыйт.

A12. Эгерде ишкананын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчету абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр жөнүндө маалыматты камтыса жана мындай кемитүүлөр тапшырма боюнча иштин көлөмүнө киргизилсе, анда мындай кемитүүлөргө карата белгиленген тартипте ушул стандарттын талаптары колдонулат (A136–A139-пункттарын караңыз).

*Сатып алынган компенсациялык квота* (14(q)-пунктун, 1-тиркемени караңыз,)

A13. Эгерде ишкана башка ишканадан компенсациялык квотаны сатып алса, ушул башка ишкана сатуудан алынган каражаттарды таштандыларды азайтуу боюнча (электр энергиясын өндүрүү үчүн пайдаланылган отундун байлыктарын алмаштыруу, энергиянын кайра калыбына келүүчү булактары же энергиянын майнаптуулугун жогорулатуу чараларын киргизүү сыяктуу) же атмосферадан чыгуулардын абсорбциясына (мисалы, башка учурда отургузулбаган же сакталбаган дарактарды отургузуу жана сактоо сыяктуу) долбоорлорго жумшашы мүмкүн же бул каражаттар иш-аракеттерди аткарбагандыгы үчүн, эле булгануулар, ошондой эле башка учурларда гана (мисалы, токойлорду кыркуу же башка маалыматтар) жасалат. Айрым өлкөлөрдө компенсациялык квоталар чыгаруулардын азайышы же абсорбциянын көбөйүшү болгон учурда гана сатылып алынышы мүмкүн.

*Абсорбция* (14(s)-пунктун, 1-тиркемени караңыз)

A14. Абсорбция парник газдарын геологиялык катмарларда (мисалы, жердин астында) же биологиялык сиңирип алуучуларда (мисалы, бактарда) топтоо жолу менен ишке ашырылышы мүмкүн. Эгерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто андай болбосо ишкана тарабынан атмосферага таштала турган парник газдарынын абсорбциясы жөнүндө маалымат камтылса, анда алар көбүнчө парник газы жөнүндө отчетто жайылган түрдө чагылдырылат, башкача айтканда анда булак да, сиңирип алуучу да сандык баалоодо келтирилет. Эгерде практикалык адистин тыянагы абсорбцияга тиешелүү болсо, ушул стандарттын талаптары белгиленген тартипте мындай абсорбцияга карата колдонулат.

*Олуттуу участок* (14(t), 31-пункттарды караңыз)

A15. Участоктун парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто чагылдырылуучу абага чыгаруулардын жалпы көлөмүнө жеке салым көбөйгөн сайын отчетту олуттуу бурмалоо тобокелдиктери да көбөйөт. Практикалык адис байкалган участокторду аныктоо үчүн тандалган контролдук көрсөткүчкө карата пайызды парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилген абага чыгуулардын жалпы көлөмүнө карата алардын абага чыгарылышынын өлчөмүнө байланыштуу жеке мааниге ээ болгон участокторду аныктоо үчүн пайдалана алат. Контролдук көрсөткүчтү белгилөө жана ага колдонула турган пайызды аныктоо кесипкөй ой жүгүртүүлөрдү пайдаланууну билдирет. Мисалы, практикалык адис абага чыгуулары олуттуу сыяктуу жалпы көлөмүнүн 15% ашык болгон участокторду кароого болот. Бирок, конкреттүү жагдайларда практикалык адистин кесиптик ой жүгүртүүсүнө ылайык жогорку же төмөнкү пайыз аныкталышы мүмкүн. Бул, мисалы, участоктордун аз саны болгон учурда, анын эч бири жалпы көлөмдүн 15% азы өлчөмүндөгү абага чыгарууларды ишке ашырбаган учурларда болушу мүмкүн, бирок практикалык адистин кесипкөй ой жүгүртүүсүнө ылайык, бул участоктордун бардыгы олуттуу болуп саналбайт же болбосо, анда абага чыгаруулардын өлчөмү жалпы көлөмдүн 15% бир аз кем болгон жана практикалык адистин кесипкөй ой жүгүртүүсүнө ылайык анда олуттуу болуп саналат.

A16. Практикалык адис ошондой эле участокту анын өзгөчө мүнөздөгү же олуттуу бурмалоо өзгөчө коркунучтардын пайда болушуна алып келген жагдайлардан маанилүү катары аныкташы мүмкүн. Мисалы, участок башка участоктордо колдонулгандардан айырмаланган маалыматтарды чогултуу процесстерин же сандык баалоо методдорун пайдалана алат, өзгөчө татаал же атайын эсептөөлөрдү пайдаланууну талап кылышы,

же өзгөчө татаал же адистешкен химиялык же физикалык процесстерди колдонушу мүмкүн.

**ИКТЭС 3000 (кайра каралган)** (9, 15-пункттарды караңыз)

A17. ИКТЭС 3000 (кайра каралган) өткөн мезгилдердин маалыматтарын аудиттен башка обзордук текшерүүлөрдөн, ушул стандартка ылайык аткарылуучу тапшырманын анын ичинде ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга карата колдонулуучу талаптарды камтыйт. Айрым учурларда бул стандарт мындай маселелерге карата колдонуу боюнча кошумча талаптарды же колдонмону камтышы мүмкүн.

**Тапшырманы кабыл алуу жана аткаруу**

*Компетенттүүлүк* (16(b)-пунктун караңыз)

A18. Парник газдары маселелеринде компетенттүүлүк төмөнкүлөрдү карашы мүмкүн:

- климаттын өзгөрүшү менен парник газдарынын байланышы, климатология тууралуу жалпы түшүнүк, анын ички табигый илимий процесстери;
- ишкананын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетунда камтылган маалыматты пайдалануучулардын катарына киргендерди түшүнүү жана бул маалыматты алар кандайча пайдаланса болот (A47-пунктун караңыз);

  зарыл болсо, абага чыгууларга квоталарды соодалоо системасынын ишин жана тийиштүү рыноктук механизмдерди түшүнүү;
- колдонулуучу мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды билүү, эгерде мындай бар болсо, алар ишкана өзүнүн абага чыгарууларын отчеттуулукта кантип чагылдыраарын аныктоо жана, мисалы, ишкананын абага чыгарууларына чектөө коюуга болот;
- парник газдарын сандык баалоонун жана ченөөнүн методологиясын, анын ичинде илимий жана баалоо анык эместигинин тиешелүү факторлорун, ошондой эле альтернативдүү методологияларды билүү;
- колдонулуучу критерийлерди билүү, анын ичинде, мисалы:
  - абага чыгарууларды эсептөөнүн талаптагыдай коэффициенттерин аныктоо;
  - олуттуу же сезгич бааны же маанилүү пикирлерди талап кылган критерийлердин аспектилерин аныктоо;

- уюштуруу чектерин аныктоо үчүн пайдаланылуучу методдор, башкача айтканда анын абага чыгарылышы парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилүүгө тийиш болгон ишканаларды аныктоо методдору;
- ишкананын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетуна кошууга уруксат берилген абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр.

A19. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын татаалдыгы ар түрдүү болушу мүмкүн. Айрым учурларда тапшырма салыштырмалуу жөнөкөй болушу мүмкүн, мисалы, ишканада 1-категорияны абага чыгаруулар салууну жок болгондо жана ал 2-категориядагы абага чыгаруулар жөнүндө гана ченемдик актыда көрсөтүлгөн абага чыгарууларды эсептөөнүн коэффициентин колдонуу менен бир жерде электр энергиясын керектөөгө колдонулат. Бул учурда, тапшырма негизинен эсептердин көрсөтүлгөн электр энергиясын керектөөнүн көрсөткүчтөрүн эсепке алуу жана иштеп чыгуу үчүн колдонулган системасын талдоо жана чыгаруу эсептөөнүн көрсөтүлгөн коэффициенттердин арифметикалык колдонуу менен пайда болот. Бирок, салыштырмалуу татаал болгондо, ал, сыягы, сандык баалоо жана өндүрүштүн отчеттору боюнча компетенттүү адистерди тартууну талап кылат. Мындай учурларда колдонулуучу болушу мүмкүн болгон билимдин атайын чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

Маалыматтык системаларды билүү

- Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттогу маалыматтарды чыгаруу, жазуу, иштеп чыгуу, оңдоо, зарыл болгон учурда тактоо жана чагылдыруу тууралуу маалымат кантип калыптанаарын түшүнүү;

Илимий жана инженердик билим жана тажрыйба

- Бардык өндүрүш процессинин жана жардамчы процесстердин алкагында материалдардын агымдын схемасын түзүү, анын натыйжасында абага чыгаруулар пайда болот, анын баштапкы маалыматтарды чогултуу жүргүзүлүп жаткан тийиштүү чекиттерди аныктоо. Бул ишкана тарабынан саркындылардын алынышынын толуктугун аныктоо үчүн өзгөчө мааниге ээ болушу мүмкүн.
- Баштапкы материалдар, процесстер жана даяр өндүрүмүнүн ортосундагы химиялык жана физикалык көз карандылыкты, ошондой эле ыргытуулар жана башка өзгөрүлмөлүү өлчөмдөр ортосундагы байланышты талдоо. Көп учурларда бул

мамилелерди түшүнүү жана талдоо жөндөмү талдоо жол-жоболорун иштеп чыгуу үчүн маанилүү болот.

- Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет боюнча айкын эместик таасирин аныктоо.
- Тышкы жана ички сыноо лабораторияларында колдонулган сапатты контролдоо саясатын жана жол-жоболорун билүү.
- Абага чыгаруу жана сиңирүү аткаруу боюнча белгилүү тармактардын жана тиешелүү долбоорлоо менен иш тажрыйбасы. 1-категориянын абага чыгарууларын сандык баалоо жол-жоболору тармакка жана колдонулган процесстерге жараша кыйла айырмаланат; мисалы, алюминийди өндүрүүдөгү электролитикалык процесстер, кен отундарын пайдалануу менен электр энергиясын өндүрүүдөгү күйүү процесстери жана цементти өндүрүүдө химиялык процесстер бири биринен айырмаланат.
- Физикалык ченөөлөрдү жана сандык баалоонун башка методдорун колдонуу жана туура чыгаруу эсеп сандарын тандоо.

*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттогу маалыматтын көлөмү* (17(a)-пунктун караңыз)

A20. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттон абага чыгуулардын белгилүү булактарын чыгарып салуу же тапшырманын көлөмүнөн белгилүү абага чыгаруу булактарын жокко чыгаруу себептери конкреттүү жагдайларда негизсиз болушу мүмкүн:

- ишкана олуттуу 1-категория абага чыгарууларын жүзөгө ашырганда бирок өзүнүн парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет 2-категориядагы абага чыгарууларды гана камтыйт;
- эгерде бул болжолдонгон колдонуучуларды адаштырып, мүмкүн болсо, ишкана олуттуу салууну жүзөгө ашыруу ири юридикалык жактын бир бөлүгү болуп саналат, белгиленген чек араларын аныктоо өзгөчөлүктөрү улам отчеттуулук чагылдырылган эмес, киргизилген;
- практикалык адистин корутундусун же отчетун берген парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилген абага чыгаруулардын жалпы көлөмүнүн бир аз гана бөлүгүн түзөт.

*Тапшырманын предметинин шайкештигин аныктоо* (15-пунктту караңыз)

A21. ИКТЭС 3000 (кайра каралган) практикалык адистен тапшырманын бааланууч предмети болуп саналарын аныктоону талап кылат.[14] Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет берилген учурда ишкананын чыгышы (ошондой эле сиңирип алынышы жана абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр) тапшырманын бааланууч предмети болуп эсептелет. Эгерде, мисалы, колдонулуучу критерийлерди пайдалануу менен ишкананын абага чыгарууларын ырааттуу сандык баалоо жүргүзүлүшү мүмкүн болсо, бааланууч тапшырманын бул предмети тиешелүү мүнөзгө ээ болот.[15]

A22. Парник газдарынын булактары төмөнкүлөр аркылуу сандык бааланышы мүмкүн:

(a) парник газдарынын концентрациясын жана абага чыгаруулардын көлөмүн тикелей өлчөө (же түз мониторинг) же мезгил-мезгили менен чыгарып кетүүнүн; же

(b) кыйыр баалоо, мисалы, ишканалар тарабынан отунду керектөөнү же абага чыгарууларды эсептөө, атап айтканда пайдалануу менен, калдыктардын балансынын, абага чыгарууларды эсептөөнүн коэффициенттеринин теңдеминин,[16] же регион үчүн абага чыгарууларды эсептөөнүн орточо коэффициенттеринин чоңдугунун, булагынын, тармактын же процесстин.

*Критерийлердин жараксыздыгын аныктоо*

Атайын иштелип чыккан жана белгиленген критерийлер (17(b)-пунктун караңыз)

A23. Ылайыктуу критерийлер төмөнкү өзгөчөлүктөргө ээ: милдеттүүлүгү, толуктугу, ишенимдүүлүгү, бейтараптуулук жана түшүнүктүүлүк. Критерийлер «атайын иштелип чыккан» болушу мүмкүн, же мисалы, мыйзамда же ченемдик актыларда каралган же ыйгарым укуктуу органдар же талаптагыдай ачык-айкын жол-жоболордун алкагында эксперттер тарабынан чыгарылган «белгиленген» болушу мүмкүн.[17] Жөнгө салуучу орган тарабынан белгиленген критерийлер жөнгө

[14] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 24(b)(i)-пункт

[15] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 24(b)(ii)-пункт

[16] Башкача айтканда белгилүү бир чектин чегине кирүүчү жана чыгуучу заттын көлөмүн салыштыруу; мисалы, жагуучу түзмөккө келип түшүүчү углеводород отунундагы көмүртектин көлөмү жагуучу түзмөктөн көмүр кычкыл газ түрүндө чыгуучу көмүртектин көлөмүнө барабар

[17] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), A45–A48-пункттары

салуучу орган максаттуу пайдалануучу болуп эсептелген учурларда орундуу деп эсептелиши мүмкүн, бирок кээ бир белгиленген критерийлер белгилүү бир максаттар үчүн иштелип чыгып, башка жагдайларда колдонуу үчүн алгылыксыз болушу мүмкүн. Мисалы, жөнгө салуучу орган тарабынан иштелип чыккан жана белгилүү бир регион үчүн абага чыгарууларды эсептөөнүн коэффициенттерин камтыган критерийлер аларды башка региондо абага чыгарууларды эсептөө үчүн пайдаланган учурда жалган маалыматты же жөнгө салуучу орган тарабынан аныкталган абага чыгаруулардын айрым аспектилерине карата гана отчет үчүн иштелип чыккан критерийлер критерийлерди белгилөөчү орган болуп саналбаган болжолдонгон пайдалануучулардын алдында отчеттуулук максаты үчүн жараксыз болушу мүмкүн.

A24. Атайын иштелип чыккан критерийлер, мисалы, ишкана атайын адистештирилген жабдууга ээ болсо же ар башка өлкөлөрдөн чыккан калдыктар жөнүндө маалымат чогулткан болсо, эгерде бул өлкөлөрдө колдонулган белгиленген критерийлер айырмаланса, анда тиешелүү мүнөзгө ээ болушу мүмкүн. Эгер алар негизинен тармакта же ишкананын регионунда колдонулуучу белгиленген критерийлерге негизделген же мындай критерийлерге туура келбеген болсо, өзгөчө иштелип чыккан атайын критерийлердин нейтралдуулугун жана башка мүнөздөмөлөрүн баалоодо жогорулатылган көңүл буруу зарыл болушу мүмкүн.

A25. Критерийлер парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун белгилериндеги маалыматтардын ачылышы менен толукталган белгиленген критерийлерди камтышы мүмкүн, кээ бир учурларда белгиленген критерийлер парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко эскертүүлөрдөгү маалыматты аларды толуктаган учурда дагы, мисалы 17(b)-пунктунда көрсөтүлгөн маселелерди камтыбаган учурлар болот.

A26. Эгерде алар жөндүү ишенимди камсыз кылуучу тапшырма үчүн жарактуу болуп саналбаса, анда алар дагы эле чектелген ишенимди жана тескерисинче камсыз кылуучу тапшырма үчүн жарактуу болбой каларын эске алуу керек.

*Уюштуруу чектерине киргизилүүчү ишмердүүлүк* (17(b)(i), 23(b)(i), 34(g)-пункттарын караңыз)

A27. Ишканаларга таандык же контролдогу ишканалардын кандай иштери уюмдун парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко ишкананын уюштуруу чектерин аныктоо катары белгилүү. Кээ бир учурларда мыйзам же ченемдик акты жөнгө салуу максаттары үчүн уюмдун парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет түзүү үчүн уюштуруу чектерин аныктайт. Башка учурларда колдонулуучу

критерийлер уюштуруу чектерин аныктоонун ар кандай методдорунун ортосунда тандоо мүмкүнчүлүгүн бериши мүмкүн, мисалы, критерийлер парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет менен ишкананын финансылык отчеттуулугунун ортосундагы дал келүүчүлүктү же биргелешкен же ассоциацияланган ишканалардын башка эсебин караган башка мамилени тандап алууга мүмкүндүк берет. Уюштуруу чектерин аныктоо, мисалы, биргелешкен ишканалар, өнөктөштүк жана трасттар, ошондой эле татаал же адаттан тыш келишимдик мамилелер сыяктуу татаал уюштуруу түзүмдөрүн талдоо талап кылышы мүмкүн. Мисалы, участок бир тарапка таандык болушу мүмкүн, экинчи тарап тарабынан эксплуатацияланат, ал эми үчүнчү тарап үчүн гана материалдарды кайра иштеп чыгат.

A28. Уюштуруу чектерин аныктоо кээ бир критерий катары сыпатталган бир процесстен айырмаланат, ал ишкананын «операциялык чектерин» аныктоо болуп саналат. Операциялык чек 1, 2 жана 3-категориялардагы абага чыгаруулардын кандай түрлөрү парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизиле тургандыгына байланыштуу жана уюштуруу чектерин белгиленгенден кийин аныкталат.

*Маалыматты ачып көрсөтүүнүн жетиштүүлүгү* (17(b)(iv), 74(d)-пункттарын караңыз)

A29. Эгерде маалыматты ачып көрсөтүү жөнгө салуучу органдар тарабынан каралган болсо, тиешелүү мыйзамда же ченемдик актыда көрсөтүлгөн маалыматтар жөнгө салуучу органга берилүүчү отчеттордо ачып көрсөтүү үчүн жетиштүү болот. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоодо пайдаланылган маанилүү божомолдорду түшүнүү үчүн болжолдонгон пайдалануучуларга отчет ыктыярдуу берүүдө мындай маселелерди ачуу зарыл болушу мүмкүн:

(a) Эгерде колдонулуучу критерийлер ар кандай методикалардын ортосунда тандоо мүмкүнчүлүгүн жол берсе, иш-чаралардын кандай түрлөрү уюштуруу чек аралары киргизилген жана мындай чек араларды аныктоо үчүн кандай метод колдонулган (A27–A28-пункттарын караңыз);

(b) Сандык баалоонун негизги методдору жана абага чыгаруулар жөнүндө отчетту даярдоодо тандалган эсеп саясатынын жобосу, анын ичинде:

   (i) 1-категориядагы абага чыгаруулар жана 2-категориядагы абага чыгаруулар парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилгендигин аныктоо үчүн колдонулган метод (A30-пунктун караңыз);

(ii) ишкананын конкреттүү шарттарында пайдаланылган колдонулуучу критерийлерге карата бардык маанилүү чечмелөө, анын ичинде маалыматтар булактары, ошондой эле ар кандай методдордун ортосунда тандоого жол берилген учурда же ишкана үчүн мүнөздүү болгон методдорду пайдаланууда, мындай методду ачып берүү жана аны колдонуунун себептери; жана

(iii) ишкана мурда отчеттордо чагылдырылган абага чыгуулар жөнүндө маалыматтарды оңдоп-түзөөнүн зарылдыгын кантип аныктайт;

(c) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто абага чыгарууларды категорияларга бөлүү. A14-пунктунда көрсөтүлгөндөй, эгерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет башка учурда ишкана атмосферага чыгарган парник газдарынын абсорбциясын камтыса, анда абага чыгаруу жана абсорбциясы, адатта парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто кеңейтилген болсо, башкача айтканда парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто сиңирип алуучу булактын жана сиңирип алуучунун сандык баалоосу келтирилет;

(d) өзүнүн абага чыгарууларын уюштуруу менен сандык баалоого байланыштуу айкын эместиктерге карата билдирүү, анын ичинде айкын эместиктин себептери, анда ал кандайча өзгөргөнү жана анын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко таасири, ал эми эгерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет 3-категориядагы абага чыгарууларды камтыса, анда парник газдарынын (A31–A34-пункттарын караңыз):

(i) 3-категориядагы абага чыгуулардын мүнөзү, анын ичинде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко 3-категориядагы абага чыгарууларды киргизүү мүмкүн эместиги; жана

(ii) 3-категориянын абага чыгаруу булактарын тандоо үчүн негиздер; жана

(e) эгерде алар ушул пунктта көрсөтүлгөн маселелерде же парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун өткөн мезгил (өткөн мезгилдер) же базистик жыл үчүн отчетторго салыштырмалуулугуна олуттуу таасир көрсөтүүчү башка маселелерде болгон болсо.

1 жана 2-категориядагы абага чыгаруулар

A30. Эреже катары 1-категориядагы, 2-категориядагы парник газдарынын абага чыгарылышы же 1 жана 2-категорияларга тиешелүү абага чыгаруулары жөнүндө отчетко демейде аларды парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизүү каралат. Эгерде 1-категориянын же 2-категориясындагы кээ бир абага чыгаруулар алынып салынса, парник газдардагы абага чыгарууларды аныктоо отчетуна киргизилгендерди жана өзгөчө, эгерде кошулган абага чыгаруулар анын толук ыктымалдуулугу боюнча ишкананын жооптуу болгон абага чыгарууларын эң көп бөлүгүн түзбөсө негизи ачылганы маанилүү.

3-категориядагы абага чыгаруулар

A31. Кээ бир критерийлер 3-категорияга белгилүү абага чыгаруулар отчетуна киргизүүнү талап кылат да, көпчүлүк учурларда 3-категорияга абага чыгарууларды киргизүү ыктыярдуу болуп саналат, анткени дээрлик ар бир ишкана, бул ишкананын тизиминин бардык мезгилде булактарын камтыйт, анткени анын кыйыр абага чыгарууларынын сандык баалоого аракет кылууга аракет толук көлөмдө мүмкүн эмес болмок. Айрым ишканалар үчүн 3-категориянын абага чыгуулардын белгилүү түрлөрүн отчетко киргизүүнү болжолдонгон пайдалануучулар үчүн маанилүү маалыматты камсыздайт, мисалы, эгерде 3-категорияга кирген ишканалардын таштандылары 1 жана 2-категорияларга кирген абага чыгаруулардан кыйла ашык болсо, бул кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү көптөгөн ишканаларда орун алышы мүмкүн. Бул учурларда практикалык адис, эгерде 3-категориянын олуттуу абага чыгаруулары парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилбеген болсо, ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын аткарылышын максатка ылайыксыз деп эсептеп алышы мүмкүн.

A32. Эгерде 3-категориянын абага чыгаруунун айрым булактары парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилсе, киргизилүүгө тийиш болгон булактарды тандоо үчүн негиз акылга сыярлык болушу зарыл, айрыкча эгерде киргизилген абага чыгаруулар, бүткүл ыктымалдуулук боюнча ал ишкана жоопкерчилик алуучу ири булактарды түзө албайт.

A33. Айрым учурларда, 3-категориядагы абага чыгарууларга сандык баалоо үчүн колдонулуучу булак жөнүндө маалыматтарды эсепке алууну ишкана жүргүзүшү мүмкүн. Мисалы, ишкана анын командировка үчүн жиберилген кызматкерлеринин аба транспортунда учуу менен байланышкан абага чыгарууларга сандык баалоо үчүн деталдык жазууларды жүргүзө алат. Башка учурларда, 3-категориядагы абага чыгарууларды сандык баалоо үчүн пайдаланылуучу маалыматтар ишкананын чегинен тышкары жакшы көзөмөлгө жана жеткиликтүү

булактан алынышы мүмкүн. Бирок, айрым учурларда практикалык адистин 3-категориядагы абага чыгарууларга карата жетиштүү деңгээлдеги далилдерди алуусу талашсыз болушу мүмкүн. Мындай учурларда тапшырманын көлөмүнөн 3-категориянын абага чыгаруу булактарын алып салуу максатка ылайыктуу болушу мүмкүн.

A34. Тапшырманын көлөмүнөн 3-категориянын чыгышын жокко чыгаруу, эгерде пайдаланылган сандык баалоо методу жакындап калган эсептөөлөргө олуттуу деңгээлде таасир этсе жана отчетто чагылдырылган абага чыгарууларга карата айкын эместиктин жогорку даражасына алып келсе, максатка ылайыктуу болушу мүмкүн. Мисалы, аба транспортундагы учууларга байланыштуу абага чыгарууларды сан жагынан баалоонун ар кандай методдору булактын окшош маалыматтарын пайдаланууда да сандык баалоонун кыйла айырмалануучу жыйынтыгын бериши мүмкүн. Эгерде 3-категориянын абага чыгаруунун мындай булактары тапшырма боюнча иштердин көлөмүнө киргизилсе, сандык баалоонун колдонулган методдору объективдүү тандалып алынышы жана аларды пайдалануу менен байланыштуу айкын эместиктерди көрсөтүү менен катар толугу менен баяндалышы маанилүү.

*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо үчүн ишкананын жоопкерчилиги* (17(c)(ii), 76(d)-пункттарын караңыз)

A35. A70-пунктунда белгиленгендей, ишкананын жазууларынын абалына жана ишенимдүүлүгүнө карата тынчсыздануулар айрым тапшырмалар үчүн парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко байланыштуу ишке ашырылбаган абага чыгарууну тастыктоо үчүн жетиштүү тиешелүү далилдерди алуу ишеними аз болушу мүмкүн деген практикалык адистен чыгууга себеп болушу мүмкүн. Бул парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетторду даярдоо жагынан аз тажрыйбага ээ болгондо болушу мүмкүн. Мындай жагдайларда документтин макулдашылган жол-жоболорду аткаруу же чыгаруу отчетторунда сандык баалоо жана чагылдыруу боюнча, кийинчерээк ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууга даярдоо катары тапшырманын формасы кыйла максатка ылайыктуу болушу мүмкүн.

*Критерийлерди ким иштеп чыгат* (17(c)(iii)-пунктун караңыз)

A36. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет жөнгө салуу максаттары үчүн же абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасы үчүн маалыматты ачып көрсөтүүнүн алкагында даярдалып жатканда, бул отчеттун белгиленген колдонулуучу критерийлерин жана белгиленген формасын тапшырманы аткаруунун жагдайларынан пайдалануу ыктымалдуулугу боюнча критерийлер квоталарды сатуу системасына жооп берген жөнгө салуучу орган же орган тарабынан иштелип чыккандыгы айдан ачык. Бирок отчеттуулукту ыктыярдуу

тапшырган учурда, эгерде бул парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата эскертүүлөрдө көрсөтүлбөсө, критерийлерди ким иштеп чыкканы түшүнүксүз болушу мүмкүн.

*Тапшырманын шарттарын өзгөртүү* (15, 18-пункттарды караңыз)

A37. ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) талаптарына ылайык практикалык адис бул үчүн акылга сыярлык негиз жок болсо, адис тапшырманы аткаруу шарттарын өзгөртүүгө макул болбошу керек.[18] Тапшырманын көлөмүн өзгөртүү акылга сыярлык негиздемеге ээ болбошу мүмкүн, мисалы, бул талап тапшырма боюнча иштин көлөмүнөн чыгуулардын белгилүү бир булактарын алып салууну караса болот, анткени практикалык адистин тыянагы модификацияланган болот деп божомолдоого болот.

18 ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 29-пункт

**Пландаштыруу** (19-пунктту караңыз)

A38. Тапшырманы аткаруунун жалпы стратегиясын аныктоодо парник газдарын эсепке алуу үчүн маалыматтык системаны иштеп чыгуунун жана ишке киргизүүнүн ар кандай аспектилерине өзгөчө көңүл буруу мүмкүнчүлүгүн кароо максатка ылайыктуу болушу мүмкүн. Мисалы, кээ бир учурларда ишкана ички контролдоонун талаптагыдай системасына өзгөчө маани бере алат, отчетто чагылдырылган маалыматтын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн, ал эми башка учурларда ишкана чогултулган маалыматтын илимий, операциялык же техникалык мүнөздөмөлөрүн так аныктоого көбүрөөк көңүл бурушу мүмкүн.

A39. Көлөмү чакан же кыйла жөнөкөй тапшырмалар (A19-пунктун караңыз) бир нече көп сандагы аудитордук топ тарабынан аткарылышы мүмкүн. Топтун көлөмүнүн аздыгы координацияны жана анын мүчөлөрүнүн өз ара аракеттенүүсүн жеңилдетет. Көлөмү чакан же кыйла жөнөкөй тапшырманы аткаруу жалпы стратегиясын аныктоо жараяны татаал же көп убакыт чыгымдарын талап кылбайт. Мисалы, ишкана менен болгон талкуулардын жыйынтыктары боюнча кыскача меморандум, эгерде ал 19-пунктунда көрсөтүлгөн маселелерди камтыса, тапшырманы аткаруунун документ түрүндө таризделген стратегиясы катары кызмат кыла алат.

A40. Практикалык адис тапшырма боюнча иштин көлөмүн аныктоодо ишкана менен пландаштыруу элементтерин талкуулоо же иштин жүзөгө ашырылышын жеңилдетүү жана тапшырманын аткарылышын башкаруу (мисалы, ишкананын кызматкерлеринин иши менен пландалган жол-жоболордун айрымдарын координациялоонун эсебинен) жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Мындай талкуулар көп болуп жаткандыгына карабастан, жалпы стратегияны жана тапшырманы аткаруу планын иштеп чыгуу практикалык адистин милдети бойдон калууда. Жалпы стратегияга же тапшырманы аткаруу планына киргизилген маселелерди талкуулоодо тапшырманы аткаруунун натыйжалуулугун азайтпоо үчүн этият болуу керек. Мисалы, толугу менен жол-жоболордун мүнөзүн жана мөөнөттөрүн уюштуруу менен талкуулоо жол-жоболорун өтө алдын ала айтууга болбойт, тапшырманын натыйжалуулугун пайда кылат.

A41. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруу итеративдик процесс болуп эсептелет. Пландалган жол-жоболордун практикалык адис тарабынан аткарылгандыгы боюнча алынган далилдер башка пландалган жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөттөрүн же көлөмүн өзгөртүүгө алып келиши мүмкүн. Айрым учурларда практикалык адис иштерди аткаруу мурдагы этапта күтүлүп жаткандан бир кыйла айырмаланган маалыматты аныктоого болот. Мисалы, тандалган участоктор жайгашкан жерлерде жол-жоболорду аткарууда табылган

системалуу каталар кошумча участокторго баруу зарылдыгын күбөлөндүрүшү мүмкүн.

*Практикалык адистин эксперттин же башка практикалык адистин ишин пайдаланууну пландаштыруусу* (19(е)-пунктун караңыз)

A42. Тапшырма курамына бир же бир нече эксперттер кирген көп профилдүү топ аркылуу аткарылышы мүмкүн, ал боюнча сандык баалоо жана абага чыгаруулар отчеттуулугунда атайын билим керек болгон кезде, өзгөчө татаал тапшырмалар боюнча (A19-пунктун караңыз). ИКТЭС 3000 (кайра каралган) эксперттин ишин колдонууга карата бир катар талаптар камтылган, алар пландаштыруу этабында тапшырманы аткаруу үчүн зарыл болгон ресурстардын мүнөзүн, мөөнөтүн жана көлөмүн аныктоодо эске алынууга тийиш.[19]

A43. Башка практикалык адис аткарган иш, мисалы, алыскы райондогу заводго же башка участокко, чет өлкөлүк юрисдикциядагы туунду ишканага, бөлүмгө же филиалга же биргелешкен же ассоциацияланган ишканага карата пайдаланылышы мүмкүн. Аудитордук топ парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилген маалыматка карата ишти аткарууну башка практикалык адиске тапшырууну пландаштырып жатканда, ал төмөнкү маселелерди кароого тийиш:

- Башка практикалык адис канчалыык деңгээлде тапшырмага колдонулуучу этикалык талаптарды түшүнөт жана аткарат жана тактап айтканда, көз карандысыз болуп саналабы;
- Башка практикалык адистин кесиптик компоненттүүлүгү.
- Башка практикалык адис ишти аткарууда аудитордук топтун катышуу деңгээли;
- Башка практикалык адис өз ишмердүүлүгүн анын ишмердүүлүгү үчүн натыйжалуу көзөмөлдү караган ченемдик-уктуктук чөйрөдө жүзөгө ашырабы.

**Тапшырманы пландаштырууда жана аткарууда маанилүүлүк**

*Тапшырманы пландаштырууда маанилүүлүктү аныктоо* ( 20–21-пункттарды караңыз)

A44. Критерийлер парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо жана берүү контекстинде олуттуулук түшүнүгүн камтышы мүмкүн. Маанилүүлүк түшүнүгү критерийлерде ар кандай жол менен

[19] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 45(с), 52 жана 54-пункттар

түшүндүрсө да, олуттуулук принциби жалпысынан алганда төмөнкүлөрдү карайт:

- Бурмалоолор, анын ичинде маалыматты камтыбай коюулар, парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун негизинде болжолдонгон пайдалануучулар кабыл алуучу тиешелүү чечимдерге таасир этүүгө жөндөмдүү катары өзүнчө же чогуу алганда негиздүү деп каралышы мүмкүн болгон учурларда олуттуу катары каралат;
- Маанилүүлүккө карата кесипкөй ой жүгүртүүнүн бардык коштоп жүрүүчү жагдайларын эске алуу менен кабыл алынат жана аларга бурмалоонун өлчөмү же мүнөзү сыяктуу факторлор же ошол эле учурда бул эки фактордун таасири тийсе; жана
- Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө болжолдонгон пайдалануучулар үчүн олуттуу болуучу маселелер боюнча кесипкөй ой жүгүртүүлөр, топ катары болжолдонгон пайдалануучулардын маалыматка болгон жалпы муктаждыктарын эске алуу менен колдонулат. Ошентсе да, тапшырма пайдалануучулардын конкреттүү маалыматтык муктаждыктарын, муктаждыктары таптакыр айырмаланышы мүмкүн болгон конкреттүү жеке пайдалануучулардын түзөтүүчү бурмалоолордун мүмкүн болгон таасирин тийгизүү үчүн иштелип чыгышы керек.

A45. Эгерде мындай чечмелөө колдонулуучу критерийлерде камтылса, тапшырма үчүн маанилүүлүгүн аныктоодо практикалык адис үчүн ориентирлер системасын камсыз кылат. Эгерде колдонулуучу критерийлер олуттуулук принцибинин түшүндүрмөлөрүн камтыбаса, практикалык адис үчүн ориентирлер системасы жогоруда көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөрдү камсыз кылат.

A46. Практикалык адис тарабынан маанилүүлүктү аныктоо кесипкөй ой жүгүртүүнүн маселеси болуп саналат жана топ катары болжолдонгон пайдалануучулардын жалпы маалыматтык талаптарды кабылдоосунан көз каранды. Бул контекстте практикалык адис болжолдонгон пайдалануучулар төмөнкү божомолдон улам негиздүү болуп берилет:

(a) парник газдары менен байланыштуу ишмердүүлүк тармагында жетиштүү билимге ээ жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто камтылган маалыматтарды тийиштүү деңгээлде көңүл буруу менен иликтөөгө даяр;

(b) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет олуттуулуктун белгилүү бир деңгээлдеринин чегинде даярдалгандыгын жана ырасталгандыгын жана колдонулуучу

критерийлерге киргизилген маанилүүлүк принциптери жөнүндө түшүнүк бар экендигин түшүнөт;

(c) абага чыгарууларды сандык баалоо айкын эместик менен байланыштуу экендигин түшүнөт;

(d) парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто камтылган маалыматтардын негизинде негиздүү чечимдерди кабыл алат.

A47. Маалыматка белгилүү бир муктаждыктары бар болжолдонгон пайдалануучулардын курамына төмөнкүлөр кириши мүмкүн, мисалы:

- маалыматка муктаждыктары ишканага карата чечимдерди кабыл алуу, тактап айтканда үлүшүн сатып алуу же сатуу, зайымдарды берүү, соода же иш менен камсыз кылуу, ошондой эле ишкананын же башка жактардын, мисалы, саясатчылардын дарегине билдирүүлөрдү берүү менен байланыштуу болушу мүмкүн болгон адамдар;
- рыноктун катышуучулары маалыматка болгон муктаждыктары системанын алкагында жүгүртүү документтери менен соода жүргүзүү жөнүндө (уруксат, кредит же квота сыяктуу) чечим кабыл алуу менен же абага чыгаруулардын чегинен ашып кеткендигине байланыштуу жазапул же башка санкцияларды салуу жөнүндө чечим кабыл алуу менен байланышта болушу мүмкүн болгон абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасы учурунда;
- жөнгө салуу максаттары үчүн маалыматты ачып берген учурда жөнгө салуучу органдар менен саясат. Алардын маалыматка болгон муктаждыктары маалыматты ачуу жөнүндө талаптардын сакталышына мониторинг жүргүзүү жана климаттын өзгөрүүсүнүн жана адаптациялоонун кесепеттерин жеңилдетүү боюнча мамлекеттик саясий чечимдердин кыйла кеңири чөйрөсү менен, жалпы топтолгон маалыматтын негизинде кабыл алынган маалыматка байланышта болушу мүмкүн;
- Альтернативдүү технологияларды тандоо жана каражаттарды инвестициялоо же инвестициядан чыгуу сыяктуу стратегиялык жана операциялык чечимдерди кабыл алуу үчүн абага чыгаруулар жөнүндө маалыматты пайдалануучу ишкананын жетекчилиги жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү адамдар жөнгө салуу максаттары үчүн маалыматты милдеттүү түрдө ачып көрсөтүү тууралуу талаптарды күтүүдө же абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасына кирүүдө.

Практикалык адистин ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуну же отчетту окугандардын баарын аныктоого

мүмкүнчүлүгү жок болушу мүмкүн, айрыкча, бул корутунду же отчет көп адамдарга жеткиликтүү болсо. Мындай учурларда, айрыкча мүмкүн болгон пайдалануучулар абага чыгарууларга карата кызыкчылыктардын кеңири спектрине ээ болушу мүмкүн, болжолдонгон пайдалануучулардын чөйрөсү олуттуу жана жалпы кызыкчылыктары бар негизги кызыкдар тараптар менен чектелбеши мүмкүн. Болжолдонгон пайдалануучулар ар кандай ыкмалар менен, мисалы, практикалык адистин жана аны тартып жаткан тараптын ортосундагы макулдашуу боюнча же мыйзамга же ченемдик актыга ылайык аныкталышы мүмкүн.

A48. Маанилүүлүккө карата пикирлер коштоочу жагдайлардын контекстинде кабыл алынат жана сандык жана сапаттык факторлорго жараша болот. Бирок, белгилей кетчү нерсе, маанилүүлүккө карата чечимдер ишенимдин деңгээлине көз каранды эмес, башкача айтканда, акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма үчүн маанилүүлүк, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырма үчүн маанилүүлүктөн эч айырмаланбайт.

A49. Көпчүлүк учурларда олуттуулукту аныктоо үчүн эсептөө чекити катары тандалып алынган контролдук көрсөткүчкө пайыз колдонулат. Талаптагыдай контролдук көрсөткүчтү жана пайызды аныктоого таасир этиши мүмкүн болгон факторлор төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто камтылган элементтер (мисалы, 1, 2 жана 3-категориядагы абага чыгуулар, абага чыгуулар боюнча кемитүүлөр жана абсорбция). Жагдайларга жараша алгылыктуу болушу мүмкүн болгон контролдук көрсөткүч катары чагылдырылган абага чыгаруулар түрүндө болот, башкача айтканда абага чыгаруулар жана абсорбция боюнча кемитүүлөр абага чыгарууларга аларды азайтканга чейин 1, 2 жана 3-категорияларга тиешелүү болгон абага чыгаруулардын отчетунда чагылдырылган жыйындысы катары эсептелет. Маанилүүлүк практикалык адистин тыянагы жайылтылган абага чыгарууларга кирет. Тиешелүү түрдө, практикалык адистин чыгарган тыянагы парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө бүткүл отчетко жайылтылбаса, маанилүүлүк деңгээли ал парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө бүткүл отчетту түзгөндөй практикалык адистин чыгарган тыянагы менен камтылган парник газдарынын абага чыгарылышы тууралуу отчетунун бир бөлүгү үчүн гана белгиленет.

- Белгилүү бир типтеги абага чыгаруулардын саны же белгилүү бир ачып көрсөтүлгөн маалыматтын мүнөзү. Айрым учурларда парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн олуттуулуктун деңгээлинен көбүрөөк же азыраак өлчөмдө

бурмалоо жалпысынан алгылыктуу болуп саналган абага чыгаруулардын белгилүү бир типтери же ачып көрсөтүлгөн маалымат болушу мүмкүн. Мисалы, практикалык адис белгилүү бир өлкөдөгү абага чыгаруулар үчүн же белгилүү бир газ, категория же участок үчүн маанилүүлүктүн эң төмөнкү же эң жогорку деңгээлин белгилөө максатка ылайыктуу деп эсептеши мүмкүн.

- Кандай түрдө парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто тиешелүү маалымат берилет, мисалы ал өткөн мезгил менен (өткөн мезгилдер менен), базистик жыл менен же «абага чыгаруулардын жогорку чеги» менен абага чыгарууларды салыштырууну камтый тургандыгы, качан салыштырмалуу маалыматка карата маанилүүлүктү аныктоо негиздүү болгондо. «Жогорку чектеги» учурда маанилүүлүктүн деңгээли ишкана тарабынан аны бөлүштүрүүгө карата белгилениши мүмкүн, эгерде жогорку чек отчеттуулукта чагылдырылган абага чыгаруулардан аз болсо;
- Абага чыгаруулардын салыштырмалуу туруксуздугу. Мисалы, абага чыгаруулар ар кандай мезгилдерде олуттуу айырмаланса, анда учурдагы мезгил ичинде бул мааниси жогору болсо да, өзгөрүүлөр диапазону эң аз маанисине карата маанилүүлүк деңгээлин аныктоо максатка ылайыктуу болушу мүмкүн.
- Колдонулуучу критерийлердин талаптары. Айрым учурларда колдонулуучу критерийлер тактык чегин белгилеши мүмкүн жана муну олуттуулук деңгээли катары аныктай алат. Мисалы, критерийлер абага чыгаруулар «маанилүүлүктүн босоголук мааниси» катары белгиленген пайызды пайдалануу менен өлчөнөт деп божомолдошу мүмкүн. Бул учурда критерийлерде белгиленген босоголук маани тапшырма үчүн маанилүүлүктүн деңгээлин аныктоодо практикалык адис үчүн ориентирлер системасын камсыз кылат.

A50. Сандык факторлор төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- абага чыгаруулардын булактарын;
- газдардын типтерин;
- парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто камтылган маалымат колдонула турган контекстти (мисалы, бул абага чыгарууларга квоталарды соодалоо системасында колдонулабы, жөнгө салуучу органга сунушталабы же пайдалануучулардын кеңири чөйрөсүнүн арасында жайылтылуучу туруктуу өнүктүрүү жөнүндө отчетко

киргизилеби) жана болжолдонгон пайдалануучулар ыктымалдуу кабыл ала турган чечимдердин типтерин;

- абага чыгаруулардын бир же бир нече типтери, мисалы, климаттын өзгөрүшүнө гана көмөктөшпөстөн, ошондой эле озон катмарын да бузган газдар же болжолдонгон пайдалануучулардын көңүлүн бурууга тийиш болгон алар жөнүндө ачып көрсөтүлгөн маалыматты;
- ишкананын мүнөзүн, климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү боюнча анын стратегиясын жана тиешелүү максаттарга жетүүдөгү прогрессин;
- ишкана өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзгөн тармактык, экономикалык жана ченемдик-укуктук чөйрөнү.

*Тапшырманын аткарылышына жараша кайра кароо* (22-пунктту караңыз)

A51. Тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө болгон абалдын өзгөрүүсүнүн (мисалы, ишкананын бизнесинин көп бөлүгүн чыгаруу), жаңы маалыматтын пайда болушунун же ишкананын практикалык адиси түшүнүгүнүн жана жол-жоболорду аткаруунун натыйжасында анын ишин өзгөртүүнүн натыйжасында олуттуулуктун деңгээлин кайра карап чыгуу талап кылынышы мүмкүн. Мисалы, тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө, бул иш жүзүндөгү абага чыгаруулар ыктымалдуулугу боюнча, алгач олуттуулук деңгээлин аныктоо үчүн пайдаланылгандардан олуттуу айырмаланышы мүмкүн экени аныкталышы мүмкүн. Эгерде тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө практикалык адис алгачкы аныкталганга карата аудитордук жол-жоболорду аткаруу үчүн олуттуулук деңгээлин, ошондой эле кошумча жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн кайра кароого туура келсе, парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн олуттуулуктун деңгээлин (жана тиешелүү учурларда абага чыгаруулардын белгилүү бир типтери жана маалыматты ачып көрсөтүү үчүн олуттуулуктун деңгээли же деңгээлдерин) төмөндөтүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө тыянакка келет.

**Ишкананы жана анын чөйрөсүн изилдөө, анын ичинде ички контролдоо системасын, олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо** (23–26-пункттарды караңыз)

A52. Практикалык адис изилдөө деңгээлин, ошондой эле мүнөзүн, мөөнөтүн жана олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо үчүн зарыл болгон жагдайларга жараша акылга сыярлык же чектелген ишенимдүүлүктү алуу үчүн жол-жоболордун көлөмүн аныктоо үчүн кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонот. Практикалык адис үчүн негизги маселе төмөнкүдө: изилдөөнүн натыйжасында алынган түшүнүк, ошондой эле тобокелдиктерди аныктоо жана баалоо жол-жоболору

ушул стандартта коюлган максатка жетүү үчүн жетиштүү боло алабы. Практикалык адистен талап кылынуучу түшүнүктүн тереңдиги, ишкананы башкаруучу жетекчиликтикинен азыраак, ал эми түшүнүүнүн тереңдиги жана олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо жол-жоболорунун мүнөзү, мөөнөтү жана көлөмү акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага караганда чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмада азыраак.

A53. Олуттуу бурмалоолордун тобокелдиктерин изилдөө, аныктоо жана баалоо итерактивдүү процесс болуп саналат. Ишкананын жана анын чөйрөсүнүн түшүнүүсүн алуу, ушул сыяктуу олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо жол-жоболору ишенимди камсыздоочу тапшырма боюнча тыянакты негиздөө үчүн жетиштүү талаптагыдай далилдерди камсыз кыла албайт.

*Айкын эместик* (23-(b)(i)c, 76-(e)-пункттарын караңыз)

A54. Айрым учурларда парник газдарынын сандык баа берүү процесси төмөндөгү себептерден улам 100% тактыкты камсыз кылышы мүмкүн:

(a) *Илимий айкын эместик:* Парник газдарын өлчөө боюнча илимий билимдердин толук эместигинен келип чыгат. Мисалы: илимий билимдер ар кандай газдардын чыгуусун суммалоо жана аларды көмүр кычкыл газынын эквивалентинде чагылдыруу үчүн колдонулуучу биологиялык сиңирип алуучуларда жана "глобалдык ысуу дараметинин" маанилеринде парник газдарын изоляциялоонун ылдамдыгына карата толук болуп саналбайт. Газдардын абага чыгарылышынын отчеттуулукта чагылдырылуучу сандык баалоосуна карата илимий айкын эместиктин таасиринин деңгээли уюм тарабынан контролдонбойт. Бирок, илимий айкын эместик абага чыгарууларда чагылдырылган негизсиз четтөөлөргө алып келүү мүмкүндүгү парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоодо же ушундай жол берүүлөрдү камтуучу белгилүү коэффициенттерди колдонууну караган критерийлерди колдонуу менен компенсацияланышы мүмкүн; жана

(b) *Баалоонун (же өлчөөнүн) айкын эместиги*: Азыркы илимий билимдердин чегинде абага чыгаруулардын сандык баалоосу үчүн колдонулуучу өлчөө жана эсептөө процесстеринин натыйжасы болуп саналат. Баалоонун айкын эместиги баалоо негизделген маалыматтар менен байланыштуу болушу мүмкүн (мисалы, ал колдонулуучу өлчөө каражаттарына мүнөздүү айкын эместиктерге кириши мүмкүн), же баалоону жүргүзүү үчүн колдонулуучу ыкма менен, тийиштүү жагдайдагы моделди кошо алганда (кээ бир учурларда, тиешелүүлүгүнө жараша, модель параметрин же белгисиздик катары белгилүү болгон). Баалоонун

айкын эместик деңгээли көпчүлүк учурларда ишкана тарабынан контролдонот. Баалоонун айкын эместик деңгээлин төмөндөтүү кыйла олуттуу чыгымдар менен байланыштуу болушу мүмкүн.

A55. Ишкананын абага чыгарууларына сандык баа берүү фактысынын айкын эместик менен байланыштуулугу, ишкананын абага чыгаруулары тапшырманын талапка ылайык эмес предмети экенин билдирбейт. Мисалы, колдонулуучу критерийлер электр энергиясы менен байланыштуу 2-категориядагы абага чыгаруулардын эсебин керектелген киловатт-сааттардын санына карата абага чыгарууларды эсептөөнүн белгиленген коэффициентин колдонуу жолу менен талап кылышы мүмкүн. Абага чыгарууларды эсептөөнүн белгиленген коэффициенти бардык шарттарда өзүн актай албаган жол берүүлөргө жана моделдерге негизделет. Бирок, божомолдор жана моделдер тиешелүү жагдайларга карата негиздүү болуп саналат жана тиешелүү түрдө ачып берилгенге чейин парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто камтылган маалыматка карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы адатта аткарууга мүмкүн.

A56. A55-пунктта сыпатталган жагдай, уюмдун жеке шарттарына негизделип колдонулган моделдердин жана божомолдорду критерийлерине ылайык сандык баалоо менен салыштырылышы мүмкүн. Уюштуруу үчүн атайын моделдерди жана божомолдорду колдонуу, балким, мисалы, тармактар боюнча абага чыгарууларды эсептөөнүн орточо коэффициентин колдонууга караганда, кыйла так сандык баалоого алып келет; ошондой эле ал балким, олуттуу бурмалоого кошумча тобокелдиктерди кошушу мүмкүн, эгерде өзгөчө бир моделдер же божомолдор иштелип чыкканын эске алсак. A55-пунктта көрсөтүлгөндөй, азырынча божомолдор жана моделдер жагдайларга карата негиздүү болуп саналат жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто камтылган маалыматка карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы адатта аткарышы мүмкүн.

A57. Бирок кээ бир учурларда практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчеттогу айкын эместиктин таасири абдан чоң болсо, ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруу максатка ылайыктуу эмес деп чечим кабыл алышы мүмкүн. Бул мисал үчүн, уюмдун уюштурулбаган булактарына туура келүүчү абага чыгаруулардын отчетто көрсөтүлгөн олуттуу бөлүгүнө (A8-пунктун караңыз) мониторинг жүргүзүлбөгөн жана баалоо ыкмалары татаал эмес болуп эсептелген же ишкананын абсорбциясынын отчеттуулугунда чагылдырылып көрсөтүлгөн бир кыйла бөлүгү биологиялык жутуп алуучуларга туура келген учурда болушу мүмкүн. Ишеним деңгээли ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө чечим кабыл алууга таасир этпесин эске алуу керек, мындай жагдайларда, башкача айтканда, эгерде акылга

сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткаруу максатка ылайыктуу эмес болсо, анда чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруу да максатка ылайыксыз жана тескерисинче.

A58. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө ишкананын отчетуна таасир берүүчү айкын эместиктин мүнөзүнө, себептерине жана кесепеттерине таасир этүүчү парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун түшүнүк берүүчү эскертүүлөрүндө көрсөтүлүшү, болжолдуу колдонуучуларга абага чыгаруулардын сандык баалоосу менен байланышкан айкын эместик тууралуу эскертет. Бул болжолдуу колдонуучулар колдонулуучу критерийлерди аныктабаган учурларда өзгөчө мааниге ээ болушу мүмкүн. Мисалы, парник газдарынын абага чыгарылышы тууралуу отчет, колдонулуучу критерийлер жөнгө салуунун белгилүү бир максаттары үчүн иштелип чыккан учурларда да колдонуучулардын кеңири чөйрөсүнө жеткиликтүү болушу мүмкүн.

A59. Айкын эместик парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчеттордун бардык олуттуу мүнөздөмөсү болуп саналгандыктан, 76(е)-пункту ушул фактынын корутундуда же парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчетко карата түшүнүк берүүчү эскертүүлөрдө кандай маалымат ачылганына (эгер ал ачылса) карабастан ишенимдүүлүктү камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча отчетто эскертилүүсүн талап кылат.[20]

*Ишкана жана анын чөйрөсү*

Иштеги тыныгуу (23-(b)(iii)-пунктун караңыз)

A60. Тыныгуу ишкананын токтоп калышы сыяктуу күтүлбөгөн же пландык режимде, мисалы, техникалык тейлөөнү ишке ашыруу графигинин алкагында болушу мүмкүн болгон учурларды камтышы мүмкүн. Кээ бир учурларда иштин мүнөзү туруксуз болушу мүмкүн, мисалы, участок аргасыз мезгилдерде гана пайдаланылат.

Климаттын өзгөрүү жаатындагы максаттары жана стратегиялары (23(е)-пунктун караңыз)

A61. Климаттын өзгөрүү жаатында ишкананын стратегияларын, эгерде бар болсо, жана аны менен байланышкан экономикалык, жөнгө салуучу, физикалык жана репутациялык тобокелдиктерин кароо практикалык адиске олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоодо жардам бериши мүмкүн. Мисалы, эгерде ишкана өзүнө көмүртектин абага чыгуусуна нөлдүк балансты камсыз кылуу милдетин алган болсо, анда бул айтылган мөөнөттө максаттарды аткарууга таасирлентүү үчүн абага

[20] ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 69(е)-пункту.

чыгаруу көрсөткүчүн төмөндөтүүгө себеп болушу мүмкүн. Өз кезегинде, эгерде ишкана келечекте абага чыгарууларда квоталар менен соодалашууну жөнгө салуучу системасынын катышуучусу болууну болжосо, бул системага катышуунун баштапкы этабында көбүрөөк квота алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу үчүн азыркы учурда абага чыгаруу көрсөткүчүн жогорулатуу үчүн себеп болушу мүмкүн.

*Олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин изилдөө, аныктоо жана баалоо жол-жоболору* (24-пунктту караңыз)

A62. Ишкананы изилдөөнүн жүрүшүндө практикалык адис 24-пунктта көрсөтүлгөн бардык жол-жоболорду аткарууга тийиш экендигине карабастан, ал мындай изилдөөнүн ар бир аспектиси үчүн алардын баарын аткарууга милдеттүү эмес.

*Ишкананы жана анын чөйрөсүн изилдөө, ошондой эле олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо үчүн аткарылуучу талдоо жол-жоболору* (24(b)-пунктун караңыз)

A63. Уюмду жана анын чөйрөсүн изилдөө, ошондой эле олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо үчүн аткарылуучу талдоо жол-жоболору практикалык адиске белгисиз болгон уюмдун аспекттерин аныктоого жана баалоо тобокелдигине жооп кылып чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн негиз катары олуттуу бурмалоонун тобокелдиктерин баалоого жардам бере алышат. Талдоо жол-жоболору, мисалы, ошол участоктордун өндүрүштүк көрсөткүчтөрү менен ар кандай участоктордо парник газдарынын абага чыгарылышын салыштырууну камтышы мүмкүн.

A64. Талдоо жол-жоболору тапшырманы аткарууну татаалдаштыра турган жагдайлар бар экендигин далилдеген адаттан тыш окуяларды, сандык маалыматтарды, коэффициенттерди жана тенденцияларды табууга жардам берет. Табылган адаттан тыш же күтүүсүз өз ара байланыштар практикалык адиске олуттуу бурмалоо тобокелдигин аныктоого жардам берет. Табылган адаттан тыш же күтүүсүз өз ара байланыштар практикалык адиске олуттуу бурмалоо тобокелдигин аныктоого жардам берет.

A65. Бирок, мындай талдоо жол-жоболорун жүргүзүүдө жогорку деңгээлде суммаланган маалыматтар колдонулса (бул олуттуу бурмалоо тобокелдерин аныктоо жана баалоо үчүн талдоо жол-жоболорун аткаруу менен түзүлгөн кырдаалда болушу мүмкүн), бул талдоо жол-жоболорунун натыйжалары олуттуу бурмалоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө баштапкы жалпы түшүнүктү гана камсыз кылат. Демек, мындай учурларда олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо учурунда алынган башка далилдер, мындай талдоо жол-жоболорунун натыйжалары менен бирге практикалык адиске талдоо жол-

жоболорунун жыйынтыктарын түшүнүүгө жана баа берүүгө жардам берет.

*Байкоо жүргүзүү жана инспекциялоо* (24-(c)пунктун караңыз)

A66. Байкоо жүргүзүү процесстин же жол-жоболордун башкалар тарабынан аткарылышын көзөмөлдөөнү камтыйт, мисалы, практикалык адистин мониторингдик түзүлүштү калибрлөөгө же контролдук иш-аракеттерди аткарууга байкоо жүргүзүүсү. Байкоо жүргүзүү процессти же жол-жоболорду аткарууга карата далилдерди берет, бирок мындай байкоо жүргүзүү белгилүү бир мезгил менен чектелет жана аракетке байкоо жүргүзүү фактысынын өзү процесстин же жол-жоболордун аткарылышына таасир этиши мүмкүн.

A67. Инспекциялоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) ички же тышкы маалыматтарды, кагаз жүзүндөгү же электрондук түрдөгү документтерди же башка алып жүрүүчүлөрдөгү, мисалы, мониторингдик түзүлүштөрдөгү калибрлөөчү жазууларды текшерүү. Маалыматтарды жана документтерди инспекциялоо анын мүнөзүнө жана булагына жараша, ал эми ички маалыматтарга жана документтерге карата алардын аткарылышын контролдоо натыйжалуулугуна жараша ар кандай деңгээлдеги ишенимдүүлүктүн далилин берет;

(b) физикалык карап чыгуу, мисалы, калибрлөөчү түзүлүштү карап чыгуу.

A68. Байкоо жүргүзүү жана инспекциялоо жетекчилик жана башкалар менен болгон маектешүүлөрдүн натыйжаларын ырастай алат, ошондой эле ишкана жана анын чөйрөсү жөнүндө маалымат бере алат. Мындай жол-жоболордун мисалдарына төмөнкүлөргө байкоо жүргүзүү же инспекциялоо кирет:

- Ишкананын ишмердүүлүгү. Участоктордо процесстерге жана жабдууларга, анын ичинде мониторинг жүргүзүүчү жабдууларга байкоо жүргүзүү өзгөчө максатка ылайыктуу болушу мүмкүн, эгерде 1 категориядагы абага чыгаруулардын олуттуу көлөмдөрү парник газынын абага чыгарылышы жөнүндө билдирүүдө камтылса;
- Документтерди (мисалы, абага чыгарууларды кыскартуу пландарын жана стратегияларын), маалыматтарды (мисалы, калибрлөө жазууларын жана сыноо лабораториясынын натыйжаларын) жана маалыматты чогултуу жана ички контролдоо жол-жоболорун сыпаттоо менен нускамаларды;
- Ишкананын экологиялык менеджмент системаларына карата тышкы же ички отчеттор сыяктуу корпоративдик башкаруу үчүн

жооп берүүчү жактар же жетекчилик үчүн даярдалган отчетторду;

- Жетекчилик тарабынан даярдалган отчетторду (мисалы, кварталдык отчетторун) жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарды (мисалы, директорлор кеңешинин жыйналыштарынын протоколдорун).

*Ишкананын ички контролдоо системасы жөнүндө түшүнүк алуу* (25L–26R-пункттарын караңыз)

A69. Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырма учурунда практикалык адистен акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма учурунда зарыл болгондой абага чыгаруулардын сандык баалоосу жана алардын отчеттуулукта чагылдырылышы менен байланышкан уюмдун ички контролдоо системасынын бардык компоненттерин изилдөө талап кылынбайт. Андан тышкары, практикалык адис ички контролдоо каражаттарынын түзүлүшүн баалоого жана алар ишке ашырылганын аныктоого тийиш эмес. Демек, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда сандык баалоого жана абага чыгаруулардын отчеттуулугунда чагылдырууга тиешеси бар контролдоо каражаттарына мониторинг жүргүзүүгө жана аны контролдоо каражаттарына карата уюмдун дарегине суроо-талапты жиберүү көп учурларда максатка ылайыктуу болушу мүмкүн болсо, көп учурда ишкананын ички контролдоо системасынын бул компоненттерине карата терең түшүнүк алуу талап кылынбайт.

A70. Ички контролдоо системасынын тийиштүү компоненттеринин практикалык адис тарабынан изилдениши, практикалык адистин тапшырманы аткарууну аяктоосу үчүн талаптагыдай жетиштүү далилдердин бар экендигине шек туудурушу мүмкүн. Мисалы (A71–A72-пункттарды, ошондой эле A92–A93 жана A96-пункттарды караңыз):

- Парник газдарынын абага чыгарылышы тууралуу отчетту даярдоочу жактардын ак ниеттүүлүгүнө карата практикалык адистин тынчсыздануусу абдан олуттуу болушу мүмкүн, себеби ал жетекчилик тарабынан берилген парник газдарынын абага чыгарылышы тууралуу отчеттогу маалыматтарда бурмалоо тобокелдиги ушунчалык жогору болгондуктан, тапшырманы аткаруу мүмкүн эмес деген тыянакка келиши мүмкүн;
- Ишкананын маалыматтарынын абалына жана ишенимдүүлүгүнө карата тынчсыздануусу, практикалык адистин парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата модификацияланбаган тыянакты тастыктоосу үчүн жетиштүү

талаптагыдай далилдерди алуу аз болушу мүмкүн деген тыянагын чыгаруусуна себеп болушу мүмкүн.

*Тапшырмаларды аткаруу үчүн мааниси бар контролдук иш-аракеттер* (25R(d)-пунктун караңыз)

A71. Практикалык адистин тапшырманы аткарууга белгилүү бир контролдук аракеттердин тиешеси барбы же жокпу деген ой-жүгүртүүсү, отчеттуулукта абага чыгарууларды чагылдырууга карата тийиштүү бизнес-процесстерди кошо алганда, ишкананын маалыматтык системасынын татаалдык, документтештирүү жана формалдаштыруу деңгээлинен көз каранды болушу мүмкүн. Абага чыгаруулар жөнүндө отчеттуулук системасынын өнүгүүсүнө жараша маалыматтык системалардын татаалдык, документтештирүү жана формалдаштыруу деңгээли жана сандык баалоо жана абага чыгаруулардын отчеттуулугунда чагылдыруу менен байланышкан тийиштүү контролдук иш-аракеттер да өсөт.

A72. Чакан ишканалар же маалымат системалары жеткилең эмес болгон учурда, белгилүү бир контролдук иш-аракеттер, ар бир ыктымалдуулук боюнча элементардык мүнөзгө ээ болуп, документтик түрдө тариздөөгө жана формалдуу эмес режимде гана жүзөгө ашырылат. Бул учурда практикалык адис олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо жана бааланган тобокелдиктерге жооп катары кошумча жол-жоболорду иштеп чыгуу үчүн белгилүү бир контролдук иш-аракеттерди изилдөөнү зарыл деп эсептебейт. Экинчи жагынан, кээ бир жөнгө салынуучу системалар маалыматтык системаны жана контролдоо иш-аракеттерин расмий документтештирүүнү жана алардын түзүмдөрүн жөнгө салуучу орган тарабынан бекитүүнү талап кылышы мүмкүн. Ошентсе да, айрым учурларда, бардык эле тиешелүү маалымат агымдары жана аны менен байланышкан контролдоо каражаты документ түрүндө жол-жоболоштурула бербейт. Мисалы, туруктуу мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында булактан маалымат чогултууга карата контролдук иш-аракеттер, маалыматтарды андан ары иштеп чыгуу жана аларды отчеттордо чагылдыруу боюнча контролдук иш-аракеттерден алда канча татаал, туура документтештирилген жана формалдаштырылган болот (ошондой эле A70, A92–A93 жана A96-пункттарды да караңыз).

*Ишкана үчүн аткарылуучу башка тапшырмалар* (27-пунктту караңыз)

A73. Башка тапшырмаларды аткаруунун натыйжасында ушул ишкана үчүн алынган маалымат, мисалы, ишкананын контролдук чөйрөсүнүн аспекттерине кириши мүмкүн.

*Ишкананын участокторунун жайгашкан жери боюнча жол-жоболорду аткаруу* (31-пунктту караңыз)

A74. Байкоо жүргүзүүнү жана инспекциялоону ишке ашыруу, ошондой эле участоктун жайгашкан жер боюнча башка жол-жоболорду аткаруу (көп учурда «объектиге баруу» деп аталат) практикалык адистин башкы кеңседеги жол-жоболорду аткаруунун жүрүшүндө ишкана тууралуу түзүлүп калган түшүнүгүн тереңдетүүдө мааниси чоң болушу мүмкүн. Практикалык адис тарабынан ишкананы изилдөө жана олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоо жана баалоо чектелген ишенимди камсыз кылуу тапшырмасына караганда акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуу тапшырмасында кыйла ар тараптуу мүнөздө болушу мүмкүн деп күтүлүп жаткандай, акылга сыярлык ишенимдүүлүктү камсыз кылуучу тапшырмада жеринде жол-жоболор аткарылуучу участоктордун саны, адатта чектелген ишенимди камсыздоочу тапшырмага катышуучу участоктордун санынан ашат.

A75. Участок жайгашкан жер боюнча жол-жоболор (же практикалык адистин тапшыруусу боюнча мындай жол-жоболорду аткаруу үчүн башка практикалык адисти ишке тартуу) олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо боюнча жол-жоболорду аткаруу учурундагы же олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдигине жооп катары чара көрүү учурундагы пландаштыруунун алкагында жүргүзүлүшү мүмкүн. Жол-жоболорду маанилүү участоктордо жүргүзүү көпчүлүк учурларда парник газдарынын абага чыгарылуусу жөнүндө отчетто, 1-категорияга кирген булактарды жана сиңирип алуучуларды толук эсепке алууну кароодо жана ишкана тарабынан маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу системаларынын жана болгон физикалык процесстердин жана алар менен байланышкан айкын эместиктин контекстиндеги баалоо методикаларынын талаптагыдай мүнөзүн белгилөөдө биринчи жолу аткарылуучу тапшырма үчүн өзгөчө мааниге ээ.

A76. A74-пунктта көрсөтүлгөндөй, жол-жоболорду участоктун жайгашкан жеринде аткаруу, башкы офисте аткарылган жол-жоболордун жүрүшүндө түзүлүп калган практикалык адистин ишкана тууралуу түшүнүгүн тереңдетүүдө чоң мааниге ээ болушу мүмкүн. Практикалык адис акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу көпчүлүк тапшырмалар үчүн, ошондой эле, олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдигине жооп иретинде ар бир маанилүү участоктун жайгашкан орду боюнча жол-жоболорду аткарууну зарыл деп эсептейт, өзгөчө, эгерде ишкананын 1-категориядагы абага чыгаруулары ишке ашырылган маанилүү участоктору бар болсо. Ишкананын 1-категориядагы абага чыгаруулары ишке ашырылган бир нече маанилүү участоктору бар болгон учурда, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар үчүн ишенимдин маанилүү деңгээлин алуу, практикалык

адис тарабынан тандалып алынган маанилүү участоктордо жол-жоболорду аткаруусуз мүмкүн эмес. Эгерде ишканада 1-категориядагы абага чыгарууларды ишке ашырган маанилүү участоктору бар болсо, жана практикалык адис участок жайгашкан жер боюнча ал (же анын тапшырмасы боюнча башка практикалык адис) тарабынан натыйжалуу жана жыйынтыктуу жол-жоболорду аткаруу мүмкүн эместигин аныктаса, альтернативдүү жол-жоболор төмөнкүдөй аракеттердин ичинен бирин же бир нечесин камтышы мүмкүн:

- баштапкы документтерди, энергия агымдарынын жана материалдык агымдардын схемаларын талдоо.
- участоктун жетекчилигинен алынган сурамжылоочунун суроолоруна жоопторду талдоо;
- участоктун спутниктен тартылган сүрөттөрүн изилдөө.

A77. Бардык абага чыгаруулардын жетиштүү жабылышын камсыз кылуу максатында, өзгөчө акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болгон учурда, практикалык адис маанилүү болуп саналбаган тандалып алынган участоктордун жайгашкан жери боюнча жол-жоболорду жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө чечим кабыл ала алат. Мындай чечим кабыл алууда эске алынышы мүмкүн болгон факторлор өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- ар түрдүү участоктордогу абага чыгаруулардын мүнөзүн. Мисалы, практикалык адис жалаң гана 2-категориядагы абага чыгаруулары бар участокко караганда, 1-категориядагы абага чыгаруулар жүргүзүлүп турган участокко барууну тандоосу толук ыктымал. Акыркысында, башкы кеңседе энергия үчүн эсептерин текшерүү далилдин негизги булагы болушу мүмкүн;
- участокторун санын жана өлчөмү, ошондой эле абага чыгаруулардын жалпы көлөмүндөгү алардын үлүшүн;
- участоктордо ар кандай процесстер же ар кандай технологияларды колдонууну кароочу процесстер пайдаланылабы. Эгерде ошондой болсо, ар кандай процесстерди же технологияларды колдонуучу, тандалган участоктордун жайгашкан орду боюнча жол-жоболорду аткаруу максатка ылайыктуу болушу мүмкүн;
- абага чыгаруулар боюнча маалыматтарды чогултуу үчүн ар кандай участоктордо колдонулуучу ыкмалар;
- тийиштүү кызматкерлердин ар кандай участоктордогу тажрыйбалары;
- убакыттын өтүшү менен участокторду ылгоонун өзгөрүүсү.

*Ички аудит* (32-пунктту караңыз)

A78. Ишкананын ички аудит кызматы, бардык ыктымалдыгы боюнча, эгерде анын милдеттеринин жана ишинин мүнөзү сандык баа берүүгө жана отчеттуулукта чагылдыруу менен байланыштуу болсо жана практикалык адис ички аудит кызматынын ишинин жыйынтыгын аткарылуучу жол-жоболордун мүнөзүн же мөөнөттөрүн өзгөртүү же алардын көлөмүн азайтуу үчүн колдонууга ниеттенсе тапшырманы аткаруунун чегинде колдонулушу мүмкүн.

*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун деңгээлиндеги олуттуу бурмалоо тобокелдиктери* (33L(a)–33R(a)-пункттарын караңыз)

A79. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун деңгээлиндеги олуттуу бурмалоо тобокелдиктери жалпысынан парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко баарын камтыган таасирин тийгизүүчү тобокелдикке кирет. Мындай түрдөгү тобокелдиктер абага чыгаруулардын белгилүү тибине же маалыматты ачып берүү деңгээлине тиешелүү болгон тобокелдиктер менен дайыма эле байланыштуу эмес. Тескерисинче, алар жалпы контекстте олуттуу бурмалоо тобокелдигин жогорулата турган жагдайды түзүшөт, мисалы, жетекчиликтин ички контролдоо системасын кыйгап өтүү менен жасалган иш-аракеттери үчүн. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун деңгээлиндеги олуттуу бурмалоо тобокелдиктери практикалык адис тарабынан ак ниетсиз аракеттердин кесепетинен келип чыгуучу олуттуу бурмалоо тобокелдиктери каралган учурда өзгөчө мааниге ээ болушу мүмкүн.

A80. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун деңгээлиндеги тобокелдиктер, көбүнчө, контролдук чөйрөнүн жетишсиздигинен келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, жетекчиликте тийиштүү компетенттүүлүктүн жоктугу сыяктуу кемчиликтер, парник газдарын абага чыгаруулар жөнүндө отчетко толук түрдө таасирин тийгизиши жана жалпысынан практикалык адис тарабынан жооп иретиндеги аракеттерди талап кылышы мүмкүн. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун деңгээлиндеги олуттуу бурмалоонун башка тобокелдери, төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн, мисалы:

- маалыматтарды топтоо, абага чыгарууларын сан жагынан баалоонун жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетторду даярдоонун жетишсиз, начар контролдонуучу же начар жол-жоболоштурулган документтик механизмдери;
- маалыматтарды топтоо, абага чыгарууларын сан жагынан баалоонун жана парник газдарынын абага чыгарылышы

жөнүндө отчетторду даярдоо жаатындагы кызматкерлердин компетентсиздиги;

- парник газдарынын абага чыгарылышын сан жагынан баалоодо жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетторду даярдоодо жетекчиликтин катышуусунун жетишсиздиги;
- парник газдарын абага чыгаруунун бардык булактарын так аныктай албоосу;
- ак ниетсиз аракеттердин тобокелдиги, мисалы, абага чыгаруулар менен соодалашуу рыногу менен байланыштуу;
- даярдоо учурунда ырааттуулук принциби сакталбаган өткөн мезгилдер үчүн маалыматтарды берүү, мисалы, уюштуруучу чектердин өзгөрүүсүнө же өлчөө методологиясынын өзгөрүүсүнө жараша;
- парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчетто маалыматтардын жалган берилиши, мисалы, өзгөчө жагымдуу маалыматтарды же тенденцияларды талаптагыдай эмес бөлүп кароо;
- сан жагынан баалоо методдорун жана эсеп саясатынын принциптерин ыраатсыз колдонуу, анын ичинде ар кандай участоктордогу уюштуруучу чектерин аныктоонун ар кандай методдорун;
- участоктордон алынган маалыматтарды консолидациялоодо бирдиктерди которуудагы каталар;
- баалоодо илимий айкын эместикти жана негизги божомолдорду туура эмес ачып көрсөтүү.

*Өбөлгөлөрдү колдонуу* (33О-(b)–33-Р(b)-пунктун караңыз)

A81. Өбөлгөлөр акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда практикалык адис тарабынан колдонулат, жана мүмкүн болуучу бурмалоолордун ар кандай түрлөрүн карап чыгуу үчүн чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларда колдонулушу мүмкүн.

A82. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчеттун колдонуудагы критерийлерге дал келээрин билдирүү менен, ишкана түз же кыйыр түрдө сан жагынан баалоого, берүүгө жана абага чыгаруулар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүүгө карата өбөлгөлөрдү билдирет. Өбөлгөлөр төмөнкүдөй категорияларга бөлүнөт жана төмөндөгүдөй формаларга ээ болушу мүмкүн:

(a) ишенимди камсыз кылган мезгилдин ичинде абага чыгарууларды сан жагынан баалоо жөнүндө өбөлгө:

   (i) окуянын келип чыгуу фактысы: отчетто чагылдырылган, орун алган жана ишканага таандык абага чыгаруулар;

   (ii) толуктук: чагылдырылган бардык абага чыгаруулар отчетто чагылдырылууга тийиш (А30–А34-пункттарын караңыз, мында ар түрдүү категориядагы көз караш боюнча толуктук маселелери каралат);

   (iii) тактык: абага чыгарууларга сан жагынан баа берүү тиешелүү түрдө чагылдырылган;

   (iv) тийиштүү мезгилге киргизүү: абага чыгаруулар тийиштүү отчеттук мезгилде чагылдырылган;

   (v) классификациясы: абага чыгаруулар талаптагыдай типке киргизилген;

(b) маалыматтарды берүүгө жана ачып көрсөтүүгө тийиштүү өбөлгөлөр:

   (i) келип чыккан окуянын фактысы жана жоопкерчилик: бардык ачылган абага чыгаруулар жана башка жагдайлар орун алган жана ишканаларга тийиштүү;

   (ii) толуктук: парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко ачып көрсөтүлүүгө тийиш бардык маалымат киргизилген;

   (iii) классификациясы жана түшүнүктүүлүк: абага чыгарылышы жөнүндө маалымат талаптагыдай берилген жана сыпатталган, маалымат так туюндурмаларды колдонуу менен ачып көрсөтүлгөн;

   (iv) тактык жана сан жагынан баа берүү: парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто абага чыгарууларга сан жагынан баа берүү жана тийиштүү маалымат талаптагыдай ачып көрсөтүлгөн;

   (v) ырааттуулук: сан жагынан баа берүү принциптери өткөн мезгилде колдонулган же өзгөртүүлөргө негизделген жана тиешелүү түрдө колдонулган жана ачылгандарга шайкеш келет; салыштырмалуу маалымат, эгерде мындай киргизилсе, өткөн мезгил үчүн отчеттун маалыматтарына ылайык келет же тийиштүү түрдө түзөтүлгөн.

*Ички контролдоо каражаттарын пайдалануу* (33R - пунктун караңыз)

A83. Эгерде, практикалык адис тарабынан өбөлгөлөрдүн деңгээлиндеги олуттуу бурмалоо тобокелдигине баа берүү контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна карата күтүүнү камтыса (башкача айтканда, практикалык адис башка жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөтүн жана көлөмүн аныктоодо контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугуна таянууга ниеттенсе), ал 38R-пунктуна ылайык, мындай контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугунун тесттерин иштеп чыгууга жана жүргүзүүгө тийиш.

*Олуттуу бурмалоо тобокелдиктеринин себептери* (34-пунктту караңыз)

Ак ниетсиз аракеттер (28, 34-пункттарды караңыз)

A84. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчеттогу бурмалоолор ак ниетсиз аракеттерден же каталардан улам пайда болушу мүмкүн. Ак ниетсиз аракет менен каталардын ортосундагы айырма парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчеттогу бурмалоого алып келген тийиштүү аракет атайылап жасалган же атайылап жасалбаганында турат.

A85. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту бурмалоону өбөлгөлөө, эгерде мисалы, абага чыгаруулар жөнүндө отчет түзүү процессине түздөн-түз катышкан же ага таасир эте ала турган адамдардын сыйакыларынын кыйла бөлүгү парник газдарынын абага чыгарылышы боюнча өтө оптимисттик максаттык көрсөткүчтөр менен байланыштуу болгон учурда келип чыгышы мүмкүн. A61-пунктта көрсөтүлгөндөй, абага чыгаруулардын көрсөткүчүн төмөндөтүү же жогорулатуу үчүн башка өбөлгөлөөлөр, эгерде ушундай бар болсо, климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү боюнча ишкананын стратегиясынын жана тиешелүү экономикалык, жөнгө салуучу, физикалык же репутациялык тобокелдиктердин жыйынтыгы болушу мүмкүн.

A86. Ак ниетсиз аракеттер кеңири укуктук концепцияны көрсөткөнүнө карабастан, ушул стандарттын максаттары үчүн, практикалык адисти парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту олуттуу бурмалоого алып келген ак ниетсиз аракеттер кызыктырышы керек. Практикалык адис ак ниетсиз иш-аракеттердин фактылары жөнүндө шектениши же мындай фактыларды сейрек учурларда ачыкка чыгарышы мүмкүн болсо да, ал ак ниетсиз аракеттердин жасалганына укуктук баа бербейт.

Мыйзамды же ченемдик актыны сактабагандык (34(b), 78(c)-пункттарын караңыз)

A87. Ушул стандарт практикалык адистин мыйзамдардын жана ченемдик актылардын эки түрдүү категориясын сактоо жагынан жоопкерчилигин төмөнкүлөр менен чектеп турат:

(a) ошол мыйзамдын же ченемдик актынын жобосу, мында, жалпы таанууга ылайык, олуттуу сандык көрсөткүчтөрдү жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто ачып көрсөтүлүүчү маалыматтарды аныктоого түздөн-түз таасирин тийгизет жана ошентип ишкананын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетунда чагылдырыла турган санын жана ачылуучу маалыматты аныктайт. 34-(b) пунктуна ылайык 33L же 33R-пункттарында каралган жол-жоболорду жүргүзүүдө мындай мыйзамдын же ченемдик актынын жоболорун сактабагандыктан, практикалык адистен олуттуу бурмалоо ыктымалдыгын карап чыгуу талап кылынат;

(b) сандык көрсөткүчтөрдү жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто ачылуучу маалыматты аныктоого түздөн-түз таасир этпеген башка мыйзам же ченемдик акты, бирок аны сактоо, бизнестин операциялык аспекттери үчүн чоң мааниге ээ, уюмдун өз ишин улантуу же олуттуу айыптардан качуу жөндөмдүүлүгүнө (мисалы, ишти жүзөгө ашырууга лицензиянын шарттарын же айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо) ээ болушу мүмкүн. ИКТЭС 3000 (кайра каралган)[21] талап кылгандай, тапшырманы пландаштыруу жана бардык тапшырма бүткөнгө чейин аны кесипкөй скептицизм менен аткаруу, парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата жыйынтык чыгарууну калыптандыруу максатында пайдаланылган жол-жоболор өз эрки менен ушундай мыйзамды же ченемдик актыны сактабагандык аныкталган же болжолдуу сактабагандык учурлары тууралуу дайыма унутпоо зарылдыгынын контекстинде зор мааниге ээ болот.

Олуттуу бурмалоо тобокелдиктеринин башка себептери (34-пунктту караңыз)

A88. 34(c)–(k)-пунктунда көрсөтүлгөн факторлордун мисалдары:

(a) абага чыгаруулардын бир же бир нече булактарын көз жаздымда калтыруу, анчалык ачык эмес жана өткөрүп жиберилиши мүмкүн

21 ИКТЭС 3000 (кайра каралган), 37-пункт

болгон булактар үчүн көбүрөөк ыктымал, мисалы, уюштурулбаган абага чыгаруулар;

(b) олуттуу экономикалык же ченемдик укуктук өзгөртүүлөр өз ичине, мисалы, кайра жаралуучу энергияны пайдалануу боюнча максаттуу көрсөткүчтөрдү жогорулатууну же атап айтканда, электр энергиясын өндүрүүчүдөгү булактарды туура эмес классификациялоо тобокелдигин жогорулатууга алып келиши мүмкүн болгон абага чыгарууларга карата квоталар менен соодалашуу системасында квотага карата баанын олуттуу өзгөрүүсүн камтыйт;

(c) ишкананын ишинин мүнөзү татаал (мисалы, ал көп сандагы жана айырмалануучу участокторду жана процесстерди камтышы мүмкүн), туруктуу эмес (мисалы, электр энергиясын иштеп чыгууда жогорку жүктөмдөр) болушу мүмкүн же, ишкананын абага чыгаруулары менен башка ченелүүчү иштин деңгээлинин (мисалы, кобальто-никель заводу) ортосундагы анча маанилүү эмес же начар өз ара байланышка алып келет. Мындай учурларда толук кандуу талдоо жол-жоболорун жүргүзүү бир кыйла чектелиши мүмкүн.

иштеги же уюштуруу чегиндеги өзгөрүүлөр (мисалы, жаңы процесстерди киргизүү же абага чыгаруу булактарын же абсорбциялоочу сиңирип алуучуларды сатуу, сатып алуу же аутсорсингдер) да олуттуу бурмалоо тобокелдеринин пайда болушуна алып келиши мүмкүн (мисалы, сандык баалоо же отчет түзүү жол-жоболору жөнүндө билбегендиктин айынан). Мындан тышкары, абага чыгаруу булактарын жана сиңирип алуучуларды эки жолудан эсепке алуу, татаал комплекстүү жабдуулардын шарттарында булактарды жана сиңирип алуучуларды аныктоо процессинде иш-аракеттерди талаптагыдай координациялоонун натыйжасында пайда болушу мүмкүн;

(d) сан жагынан баалоонун туура эмес методун тандоо (мисалы, колдонулушу максатка ылайыктуу түз өлчөөнүн бир кыйла так ыкмасы болгон эсептөөнүн коэффициентин пайдалануу менен 1-категориядагы абага чыгууларга баа берүү). Сан жагынан баалоонун талаптагыдай ыкмасын тандоо, ыкмасы өзгөртүлгөн учурда өзгөчө маанилүү. Бул, болжолдуу колдонуучулар тарабынан көп учурда, узак убакыт бою же базалык жылга салыштырмалуу абага чыгаруулардын тенденциялары жөнүндө маалыматка кызыгышканына байланыштуу. Кээ бир критерийлер так ыкманы колдонуу учурунда гана сан жагынан баалоо ыкмаларын өзгөртүүнү талап кылышы мүмкүн. Сан жагынан

баалоо ыкмаларынын мүнөзү менен байланышкан башка факторлор төмөнкүлөрдү камтыйт:

- сан жагынан баалоо ыкмасын туура эмес колдонуу, мисалы, эсептегичтердин калибрлөөсүнүн жоктугу, же маалыматтарды тез эмес окуу же конкреттүү жагдайларда талаптагыдай эмес болуп саналган абага чыгаруулардын эсептөө коэффициентин пайдалануу. Мисалы, абага чыгаруулардын эсептөө коэффициенти туруктуу пайдалануу жөнүндө болжолдорго негизделиши жана өндүрүш токтотулгандан кийин колдонууга жараксыз болуп калышы мүмкүн;
- сандык эсептөө ыкмаларынын татаалдыгы олуттуу бурмалоолордун жогорку тобокелдиги менен байланышта болуусу мүмкүн, атап айтканда, бул булактардын кеңейтилген же татаал математикалык өзгөртүп түзүүсү (мисалы, татаал математикалык моделдерди пайдалануу), абалды өзгөртүп түзүү коэффициенттерин кенири пайдалануу (мисалы, суюктуктун өлчөмдөрүн газдын өлчөмүнө айландыруучу коэффициенттер) же бирдиктерди которуу коэффициенттерин активдүү колдонуу (мисалы, Улуу Британияда кабыл алынган өлчөө бирдиктерин өлчөөлөрдүн метрикалык системасына айландыруучу коэффициенттер);
- сан жагынан баалоо же баштапкы өзгөрмөлөр ыкмаларындагы өзгөртүүлөр (мисалы, эгерде сан жагынан баалоонун пайдаланылуучу ыкмасы биомассанын углероддук маңызына негизденген болсо, ал эми пайдаланылуучу биомассанын курамы мезгил ичинде өзгөрсө);

(e) олуттуу стандарттуу эмес абага чыгаруулар же ой-жүгүртүүлөрдү колдонууну талап кылуучу маселелер, системалуу сан жагынан баалоого жана отчеттуулукта чагылдырылууга тийиш болгон, кадимки эле татаал эмес абага чыгарууларга карганда олуттуу бурмалоолордун чоң тобокелдигинин булагы болуп саналат. Стандарттуу эмес абага чыгаруулар өлчөмү же мүнөзү боюнча адаттан тыш болуп саналат, ошондуктан сейрек (мисалы, заводдун ишиндеги бузуулар же ири агылуу сыяктуу бир жолку иш-чаралар). Ой-жүгүртүүнү колдонууну талап кылган маселелер субъективдүү баалоону калыптандырууну камтыйт. Олуттуу бурмалоо тобокелдиктери сыяктуу жагдайлардан улам көбөйүшү мүмкүн:

- жетекчиликтин сан жагынан баалоо ыкмаларын аныктоодо же отчеттуулукта чагылдырууда ашыгыраак кийлигишүүсү;
- автоматташтырылбаган каражаттарды маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу процесстеринде ашыгыраак пайдалануу;
- татаал эсептөөлөр же сандык баалоо ыкмалары жана отчеттуулукта чагылдыруу принциптери;
- ишкананын тобокелдиктерди контролдоонун натыйжалуу каражаттарын киргизүүнү уюштурууда оорлото турган стандарттуу эмес абага чыгаруулардын мүнөзү;
- сан жагынан баалоо ыкмаларын жана баалоо маанилерин отчетто чагылдыруу принциптерин ар кандай чечмелөө;
- зарыл болгон маселелердин субъективдүү же татаал мүнөзү;

(f) 3-категориядагы абага чыгарууларды киргизүү, бул ишкана сан жагынан баалоодо пайдаланылуучу булактардын маалыматтарын эсепке албаган же сан жагынан баалоонун адатта колдонулуучу ыкмалары так эмес болгон же абага чыгаруулардын отчетторунда чагылдырылган олуттуу четтөөлөргө алып келген учурда болот (A31–A34-пункттарын караңыз);

(g) ишкана тарабынан маанилүү баалоону жана алар негизделген маалыматтарды кантип аныктаарын карап жатканда, практикалык адис эске ала турган маселелерге, мисалы, төмөнкүлөр кирет:

- баа берүүлөр негизделген маалыматтарды түшүнүү;
- тиешелүү кырдаалдарда үлгүсүн камтуу менен, баа аныктоодо колдонулган ыкма;
- контролдук чөйрөнүн жана маалымат системасынын тийиштүү аспектилери;
- ишкана экспертти тарткан факты;
- баалоо негизиндеги божомолдор;
- өткөн мезгилге карата баа берүүнү аныктоо ыкмаларында өзгөрүү болгонбу же болушу керекпи, эгерде ошондой болсо, эмне үчүн; ошондой эле
- ишкана баалардын айкын эместигинин парник газынын абага чыгаруулары жөнүндө отчетко тийгизген таасирин

баалайдыбы жана, эгерде ошондой болсо, кантип, анын ичинде:

- ишкана альтернативдик божомолдорду же натыйжаларды, мисалы, болжолдоолордун өзгөрүшүнүн баалоого тийгизген таасирин аныктоо үчүн сезгичтиктикке талдоо жүргүзүү жолу менен карадыбы, эгер андай болсо, кантип;
- талдоо жыйынтыктын бир нече сценарийлери бар экенин көрсөткөндө, ишкана баалоону кантип аныктайт; жана
- ишкана өткөн мезгилдеги баалоолорду пайдалануунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүүнү ишке ашырабы жана ал ушул мониторинг жол-жобосунун жыйынтыгына жооп катары тийиштүү чараларды көргөнбү.

A89. Олуттуу бурмалоо тобокелдигине алып келиши мүмкүн болгон башка факторлордун мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- абага чыгарууларды сан жагынан баалоодогу катаны, бул адамдык фактордун кесепетинен келип чыгат, айрыкча, эгерде кызматкер абага чыгарууларды ишке ашыруу процесси же малыматтар менен тааныш эмес болсо же жетиштүү даярдалган эмес болсо;
- аз натыйжалуу контролдоо каражаттарына ээ болушу мүмкүн болгон начар түзүмдөлгөн маалымат системасына карата ашыкча ишеним, мисалы, тийиштүү контролдоо каражаттарысыз электрондук жадыбалдарды пайдалануу;
- башка убактарда автоматташтырылган режимде аткарылуучу иштин деңгээли жөнүндө жазууга оңдоолорду кол менен киргизүү, мисалы, факелдик сызыктын чыгым өлчөгүчү ашыкча жүктөлгөн учурда, жазууларды кол менен киргизүү талап кылынышы мүмкүн;
- белгилүү бир участокторго коомчулуктун көбүрөөк көңүл буруусу сыяктуу маанилүү тышкы окуялар.

**Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине жооп иретинде жалпы жол-жоболор жана кошумча жол-жоболор**

*Акылга сыярлык жана чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар* ( 8, 35–41P, 42O–43P, 46-пункттарды караңыз)

A90. Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында алынган ишенимдин деңгээли акылга сыярлык ишенимди камсыз

кылуучу тапшырмага караганда төмөн болгондуктан, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында практикалык адис тарабынан аткарылуучу жол-жоболор, мүнөзү жана мөөнөтү боюнча айырмаланып турат, ошондой эле акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда көлөмү боюнча аз болот. Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине жооп иретинде практикалык адис тарабынан кабыл алынган жалпы чаралар жана акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагындагы кошумча жол-жоболордун жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын ортосундагы негизги айырмачылыктар төмөнкүлөрдө:

(a) Тапшырманын жагдайларына жараша, далилдерди алуу булагы катары жол-жоболордун мүнөзүнө көңүл буруу ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы:

- Практикалык адис чектелген ишенимди камсыз кылуучу белгилүү бир тапшырманы конкреттүү жагдайларда талапка ылайык деп эсептеши, ишкананын кызматкерин сурамжылоого жана талдоо жол-жоболоруна абдан чоң маани бериши жана ага салыштырмалуу контролдоо каражаттарын тестирлөөгө жана акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткарууда далилдерди тышкы булактардан алууга азыраак маани бериши мүмкүн.
- Эгерде ишкана абага чыгаруулардын агымын сан жагынан баалоо үчүн үзгүлтүксүз иштеп жаткан өлчөө жабдууларын колдонсо, анда практикалык адис чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында жабдууларды калибровкалоонун мезгилдүүлүгү жөнүндө суроо-талаптын жолдомо формасында олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдигине жооп берүүнүн зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Ушундай жагдайлардагы акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда, практикалык адис уюмдун жабдууларын калибрлөө жөнүндө жазууларды карап чыгууну же анын калибрлөөсүн өз алдынча текшерүүнү чечиши мүмкүн.
- Эгерде ишкана көмүр жакса, практикалык адис акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда көмүрдүн мүнөздөмөлөрүнө көз карандысыз талдоо жүргүзүү чечимин кабыл алышы мүмкүн, бирок чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында, ал уюмдун лабораториялык тесттеринин натыйжалары менен жазууларын текшерүү, олуттуу

бурмалоонун бааланган тобокелдигине жооп иретинде талаптагыдай чара деген чечимге келиши мүмкүн.

(b) Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында аткарылуучу кошумча жол-жоболордун көлөмү акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага караганда азыраак, ал өз ичине төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- текшерүү үчүн предметтердин аз санын тандоо;
- жол-жоболордун аз санын аткаруу (мисалы, акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында талдоо жол-жоболору жана кең-кесири тесттер жүргүзүлгөн кырдаалда талдоо жол-жоболорун гана аткаруу); же
- азыраак сандагы участоктор жайгашкан жерде жол-жоболорду аткаруу.

(c) Акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдигине жооп иретинде аткарылуучу талдоо жол-жоболору, санына же катнашына карата күтүүлөрдү түзүүнү камтыйт, алар олуттуу бурмалоолорду аныктоо үчүн жетиштүү деңгээлде так болуп саналат. Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар болгон учурда, талдоо жол-жоболору акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткарууда күтүлүүчү тактык деңгээли менен бурмалоону аныктоо үчүн эмес, тенденциялардын, көз карандылыктардын жана катыштардын багыттуулугуна карата күтүүлөрдү ырастоо үчүн иштелип чыгышы мүмкүн.[22]

Мындан тышкары, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында талаптагыдай далилдер, олуттуу олку-солкулар, көз карандылыктар же айырмалар аныкталган учурда, көпчүлүк учурларда, акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма учурунда 43R(a)-пунктунда каралгандай кошумча далилдерди албастан, тапшырманын белгилүү жагдайларынан уюмдун дарегине суроо-талаптарды жөнөтүү жана алынган жоопторду кароо жолу менен алынышы мүмкүн.

---

[22] Бул дайыма эле мүмкүн эмес: кээ бир кырдаалдарда, практикалык адис чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда да белгиленген физикалык же химиялык көз карандылыктын негизинде так күтүүнү калыптандырышы мүмкүн.

Андан сырткары, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагындагы талдоо жол-жоболорун өткөрүүдө практикалык адис төмөнкүлөрдү жасай алат, мисалы:

- кыйла жогорку деңгээлде суммалануучу маалыматтарды колдонуу, мисалы, участоктун деңгээлинде эмес, же бир ай, же бир жума үчүн эмес, регионалдык деңгээлдеги маалыматтар;
- акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаргандагыдай эле көлөмдө алардын ишенимдүүлүгүн тестирлөөнүн айрым жол-жоболору жүргүзүлбөгөн маалыматтарды пайдалануу.

*Олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине карата жалпы жооп кайтаруу аракеттери* (35-пунктту караңыз)

A91. Парник газдарын абага чыгаруулар жөнүндөгү отчеттун деңгээлинде олуттуу бурмалоонун бааланган тобокелдиктерине карата жалпы жооп кайтаруу аракеттери төмөнкүлөр:

- ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууга катышкан кызматкерлердин көңүлүн кесиптик скептицизмди сактоо зарылдыгына буруу;
- атайын билими жана көндүмдөрү бар тажрыйбалуу кызматкерлерди же кызматкерлерди тартуу, же эксперттерди колдонуу;
- көбүрөөк көзөмөлдү камсыз кылуу;
- аткарыла турган тандалган кошумча жол-жоболордун тизмесине күтүлбөгөндүктүн кошумча элементтерин киргизүү;
- жол-жоболордун мүнөзүнө, мөөнөтүнө же көлөмүнө жалпы өзгөртүүлөрдү киргизүү, мисалы, аралыктык датага эмес, мезгилдин акырына карата жол-жоболорду аткаруу же кыйла ынанымдуу далилдерди алуу максатында жол-жоболордун мүнөзүн өзгөртүү.

A92. Парник газдарын абага чыгаруулар жөнүндө отчеттун деңгээлинде олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо, демек, практикалык адистин жалпы жооп чаралары анын контролдоо чөйрөсүн түшүнүүсүнөн көз каранды. Натыйжалуу контролдук чөйрө практикалык адиске ички контролдоо системасына жана уюмдун ичинде алынган далилдердин ишенимдүүлүгүнө көбүрөөк ишенүүгө жол ачат жана ошентип, ага, мисалы, мезгилдин аягында эмес, мезгил аралык датада айрым жол-жоболорду аткарууга мүмкүндүк берет. Контролдук чөйрөдөгү кемчиликтер болсо, тескерисинче, терс

таасирин тийгизет. Мисалы, практикалык адис натыйжасыз контролдук чөйрө учурунда төмөнкүдөй түрдө жооп бериши мүмкүн:

- мезгил аралык датага караганда мезгилдин аягында көбүрөөк жол-жоболорду аткаруу;
- контролдоо каражаттарынын тести болуп саналбаган жол-жоболорду өткөрүүнүн жыйынтыгында көбүрөөк сандагы далилдерди алуу;
- ылгоолордун өлчөмүн жана жол-жоболордун көлөмүн көбөйтүү, мисалы, жол-жоболор өткөрүлүүчү участоктордун саны.

A93. Демек, аталган жагдайлар практикалык адистин жалпы мамилесине олуттуу таасирин тийгизет, мисалы, башка жол-жоболорго эмес, контролдоо каражаттарына салыштырмалуу көбүрөөк басым жасоо (A70–A72 жана A96-пункттарды караңыз).

*Кошумча жол-жоболордун мисалдары* ( 37L–37R, 40R-пункттарын караңыз)

A94. Кошумча жол-жоболор мисалы, төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- сатылып алынган электр энергиясынын киловатт-сааты сыяктуу иш-аракеттер жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана эсепке алуу үчүн контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тестирлөө;
- алардын талаптагыдай булактарга ылайык (мисалы, мамлекеттик басылмалар) абага чыгарууларын эсептөө коэффициентин текшерүү жана алардын конкреттүү шарттарда канчалык колдонулушу мүмкүн экендигин карап чыгуу;
- биргелешкен ишкана жөнүндө келишимдерин жана уюштуруу чектерин аныктоого тиешелүү башка келишимдерди талдоо;
- эсепке алуу маалыматтарын салыштыруу, мисалы, ишканага тийиштүү автоунаада орнотулган жүрүү аралыгын эсептегич менен;
- кайра эсептөөнү аткаруу (мисалы, массанын балансын жана энергиянын балансын эсептөө) жана аныкталган айырмачылыктарды салыштыруу);
- туруктуу мониторингдөө жабдыгынан маалыматтарды алып салуу;
- физикалык өлчөөлөрдүн жүргүзүлүшүнө байкоо жүргүзүү же аларды кайталап өткөрүү, мисалы, май куюучу резервуардын деңгээлин өлчөө;

- уникалдуу өлчөө ыкмаларынын тууралыгын жана талаптагыдай мүнөзүн же сан жагынан баалоонун, айрыкча төмөнкүлөрдү камтуучу татаал ыкмаларын талдоо, мисалы, рециркуляциялык сызыктар же кайтарым байланыш чынжыры;
- көмүр сыяктуу материалдардын үлгүлөрүн алуу жана материалдардын мүнөздөмөсүнө көз карандысыз талдоо жүргүзүү же тандап алуу методунун уюм тарабынан колдонулушуна байкоо жүргүзүү жана лабораториялык сыноолордун жазуу жүзүндөгү жыйынтыктарын текшерүү;
- эсептөөнүн тактыгын жана колдонулучу эсептөө ыкмаларынын жөндөмдүүлүгүн текшерүү (мисалы, баштапкы өлчөөлөрдү которуу жана суммалоо);
- эсепке алуучу маалыматтар менен өндүрүштүк маалыматтар жана отунду пайдалануу тууралуу маалыматтар, ошондой эле энергияларды сатып алуу эсептери сыяктуу баштапкы документтердин ылайык келүүсүн текшерүү.

*Олуттуу бурмалоолордун бааланган тобокелдигине таасир этиши мүмкүн болгон факторлор* ( 37L(a)–37R(a)-пункттарын караңыз)

A95. Маанилүү бурмалоолордун бааланган тобокелдигине таасир этиши мүмкүн болгон факторлорго төмөнкүлөр кирет:

- өлчөө каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрүнө жана калибрлөө жыштыгына мүнөздүү чектөөлөр;
- маалыматтар чогултулган участоктордун саны, мүнөзү жана аймактык бөлүштүрүлүшү, аларга болгон менчик укуктарынын мүнөздөмөлөрү;
- парник газдарынын абага чыгаруулары жөнүндө отчетко киргизилген ар кандай газдардын жана абага чыгаруу булактарынын саны жана мүнөзү;
- абага чыгаруу менен байланышкан процесстер үзгүлтүксүзбү же мезгилдүүбү, ошондой эле мындай процесстердин бузулуу тобокелдиги;
- ишмердүүлүктү баалоо жана абага чыгарууну эсептөө методдорунун татаалдыгы; мисалы, кээ бир процесстер уникалдуу өлчөө жана эсептөө методдорун талап кылат;
- уюштурулбаган абага чыгаруулардын табылбай калуу тобокелдиги;
- абага чыгаруулардын санынын баштапкы маалыматтарга дал келүүсү;

- тиешелүү методдорду колдонууга үйрөтүлгөн, маалыматтарды чогултуучу кызматкердин болушу жана мындай кызматкердин туруксуздугу;
- маалыматтарды алууну жана иштетүүнү автоматташтыруунун мүнөзү жана деңгээли;
- ички сыяктуу эле, тышкы да тесттик лабораторияларда колдонулган сапатты көзөмөлдөө саясаты жана жол-жоболору;
- сандык баалоо жана отчет түзүү тармагындагы критерийлердин жана саясаттын татаалдыгы, анын ичинде уюштуруу чектерин аныктоо.

*Контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугу* (37R(a)(ii), 38R(a)-пункттарын караңыз)

A96. Чакан ишканалар же маалымат системасы жетилбеген учурда практикалык адис контролдук иш-аракеттердин аз санын аныктай алат же алардын бар экендигин же ишкана тарабынан колдонулушун документтештирүү чектелген болушу мүмкүн. Мындай учурларда, практикалык адис үчүн биринчи кезекте контролдоо каражаттарын тестирлөө менен байланышпаган кошумча жол-жоболорду аткаруу натыйжалуураак болушу мүмкүн. Бирок, кээ бир сейрек учурларда, контролдоо иш-чараларынын же контролдоо системасынын башка компоненттеринин жоктугу талаптагыдай жетиштүү далилдерди алуу мүмкүнсүздүгүнө алып келиши мүмкүн (A70–A72 жана A92–A93-пункттарын караңыз).

*Далилдердин аныктыгы* (37L(b)–37R(b)-пункттарын караңыз)

A97. Олуттуу бурмалоо тобокелдерин кыйла так баалоонун эсебинен ишенимдүү далилдерди алуу үчүн практикалык адис далилдердин көлөмүн көбөйтө алат же мисалы, бир нече көз карандысыз булактардан ырастоочу далилдерди алуу жолу менен ылайыктуураак же ишенимдүү далилдерди ала алат.

*Талаптагыдай жетиштүү далилдерди алуу үчүн контролдоо каражаттарынын тестин жүргүзүү зарыл болгон тобокелдиктер* (38R(b)-пунктун караңыз)

A98. Абага чыгарууларга сандык баа берүүгө жогорку деңгээлдеги автоматташтыруу жана кол менен аз гана же такыр эле жок кийлигишүү процесси кириши мүмкүн, мисалы, тиешелүү маалымат электрондук түрдө гана атап айтканда, туруктуу мониторинг системасында жазылган, иштетилген же билдирилген, же иш тууралуу маалыматтарды иштеп чыгуу туруктуу маалыматтык технологияларга

негизделген операциялык же финансылык отчеттуулук системасына интеграцияланган. Мындай учурларда:

- Далилдер электрондук түрдө гана болушу мүмкүн, анын жетиштүүлүгү жана тийиштүү мүнөзү маалыматтардын тактыгына жана толуктугуна карата контролдоо каражаттарынын натыйжалуулугунан көз каранды;
- Эгерде тиешелүү контролдоо каражаттары натыйжалуу иштебесе, айкын болбогон маалыматтарды талаптагыдай эмес демилгелөө же өзгөртүү учурлары болуусунун ыктымалдыгы жогору болушу мүмкүн.

*Ырастоо жол-жоболору* (41R-пунктун караңыз)

A99. Тышкы ырастоо жол-жоболору төмөнкүдөй маалыматка карата талаптагыдай далилдерди камсыз кыла алат:

- үчүнчү тарап чогулткан ишмердүүлүк жөнүндө маалыматтар, мисалы, авиабилеттерди брондоо жана сатуу боюнча агент тарабынан берилген кызматкерлердин аба каттамдары жөнүндө маалымат; берүүчү тарабынан өлчөнгөн участокко электр энергиясын берүү; автопарктын тышкы жетекчиси тарабынан эсепке алынган транспорт каражаттарынын уюмуна таандык болгон жүрүш километражы;
- абага чыгарууларды эсептөөнүн коэффициенттерин аныктоо үчүн пайдаланылуучу тармактык контролдук көрсөткүчтөр;
- ишкана менен башка тараптардын ортосунда түзүлгөн макулдашуулардын келишимдердин же бүтүмдөрдүн шарттары же башка тараптар уюштуруу чек арасын карап чыгууда парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү өзүнүн отчетторуна белгилүү бир абага чыгарууну киргизээри тууралуу маалымат;
- үлгүлөрдү лабораториялык талдоонун жыйынтыктары (мисалы, баштапкы материалдардын үлгүлөрүнүн жылуулук коэффициенти).

*Олуттуу бурмалоолордун бааланган тобокелдигине жооп катары талдоо жол-жоболорун аткаруу* (42L–42R-пункттарын караңыз)

A100. Көпчүлүк учурларда белгилүү бир абага чыгаруулар менен башка өлчөнүүчү процесстердин ортосундагы физикалык же химиялык байланыштардын туруктуу мүнөзү натыйжалуу талдоо жол-жоболорун иштеп чыгууга мүмкүндүк берет (мисалы, күйүүчү майдын керектөөсү менен көмүр кычкыл газынын жана азот кычкылынын абага чыгарууларынын ортосундагы байланыш).

A101. Ошо сыяктуу эле, абага чыгаруулар менен финансылык же операциялык маалыматтын ортосунда негиздүү болжолдонгон байланыш болушу мүмкүн (мисалы, электр энергиясын керектөөдөн 2-категориядагы абага чыгаруулар менен электр энергиясын сатып алуунун негизги реестриндеги же иштөө режиминдеги калдыктын ортосундагы байланыш). Башка талдоо жол-жоболоруна уюмдун абага чыгаруулары тууралуу маалыматты тышкы маалыматтар менен салыштыруу, мисалы, тармак боюнча орточо көрсөткүчтөрдү же андан аркы иликтөө үчүн аномалияларды аныктоо максатында мезгил ичиндеги тенденцияларды, ошондой эле алардын мисалы, участокторду алуу же тескөө сыяктуу башка жагдайларга шайкеш келээрин аныктоо үчүн бир катар мезгилдердин тенденцияларын талдоо кириши мүмкүн.

A102. Эгерде бөлүштүрүлгөн маалыматтар жеткиликтүү болсо же практикалык адис колдонулган маалыматтарды ишенимдүү деп эсептөөгө негиз болсо мисалы, алар тийиштүү түрдө көзөмөлдөнгөн булактан алынган учурда талдоо жол-жоболору өзгөчө натыйжалуу болушу мүмкүн. Кээ бир учурларда колдонулган маалыматтар финансылык отчеттуулуктун маалымат системасы тарабынан чогултулушу мүмкүн, же маалыматтар кээ бир жалпы маалыматты киргизүү үчүн контролдоо каражаттарын колдонуу менен тиешелүү финансылык көрсөткүчтөрдү киргизүүдө параллелдүү башка маалыматтык системага киргизилиши мүмкүн. Мисалы, берүүчүлөрдүн эсеп-фактураларында чагылдырылган сатып алынган күйүүчү майдын көлөмү жөнүндө маалыматтарды киргизүү кредитордук билдирүү системасына тиешелүү эсептерди киргизүү менен бирдей шарттарда жүргүзүлүшү мүмкүн. Кээ бир учурларда, колдонулган маалыматтар оперативдүү чечимдерди кабыл алуу процессинин ажырагыс бөлүгүн түзүшү мүмкүн, ошондуктан операциялык персонал тарабынан көбүрөөк көңүл бурулууга тийиш же аларга карата өзүнчө тышкы аудиттик жол-жоболор аткарылышы мүмкүн (мисалы, биргелешкен ишкана жөнүндө келишимге ылайык же жөнгө салуучу орган тарабынан көзөмөлдүн алкагында).

*Баалоого карата аткарылуучу жол-жоболор* ( 44L–45R-пункттарын караңыз)

A103. Айрым учурларда практикалык адиске ишкана тарабынан альтернативдүү божомолдордун же натыйжалардын каралганын жана эмне үчүн андан баш тартылганын баалоо максатка ылайык болушу мүмкүн.

A104. Чектелген ишенимди камсыз кылуучу айрым тапшырмалар болгон учурда практикалык адиске 45R-пунктунда көрсөтүлгөн бир же бир нече жол-жоболорду аткаруу максатка ылайык болушу мүмкүн.

*Ылгоо* ( 46-пунктун караңыз)

A105. Ылгоого төмөнкүлөр кирет:

(a) тобокелдиктин ылгоо менен байланышкан төмөнкү деңгээлге чейин азайтуу үчүн жетиштүү ылгоо көлөмүн аныктоо. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын алкагында тобокелдиктин жол берилген деңгээли чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага караганда акылга сыярлык ишенимди камсыздоочу тапшырма үчүн төмөн, демек, кең-кесири тестирлөө учурунда жол берилген ылгоо тобокелдигинин деңгээли да төмөн болушу мүмкүн. Ошентип, акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын чегинде кең-кесири тестирлөө үчүн ылгоону колдонууда, ылгоонун көлөмү чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткаруу учурундагы окшош жагдайларга караганда көп болушу мүмкүн;

(b) жалпы жыйындыда ар бир элементти ылгоо мүмкүнчүлүгү болгондой жана ар бир тандап алынган позицияга карата коюлган максатка ылайык жол-жоболор аткарылгандай ылгоо үчүн позицияларды тандап алуу. Эгерде практикалык адис тандалып алынган позицияга карата иштелип чыккан жол – жоболорду же колдонулуучу альтернативдүү жол-жоболорду колдоно албаса, бул позиция контролдоо каражатын тестирлөө учурунда белгиленген контролдоо жол-жобосунан четтөө катары же бурмалоо катары - кең-кесири тест болгон учурда каралат;

(c) аныкталган четтөөлөрдүн же бурмалоолордун мүнөзүн жана себебин иликтөө жана алардын жол-жоболордун максатына жана тапшырманын башка аспектилерине мүмкүн болуучу таасирин баалоо;

(d) баалоо:

   (i) ылгоонун натыйжаларын, анын ичинде ылгоодо аныкталган бурмалоолорду жалпы жыйындыга проекциялоо менен кең-кесири тестирлөө үчүн; жана

   (ii) ылгоону колдонуу жалпы жыйынды жөнүндө тыянак үчүн талаптагыдай негиздеме берээрин.

*Ак ниетсиз аракеттер, ошондой эле мыйзам жана ченемдик акт* (47-пунктту караңыз)

A106. Тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө иш жүзүндө же болжолдонгон ак ниетсиз аракеттер аныкталган учурда жасалуучу жооп иретиндеги иш-аракеттердин алкагында практикалык адиске төмөнкүлөр максатка ылайыктуу болушу мүмкүн, мисалы:

- Маселени ишкана менен талкуулоо;
- Ишкананы ылайыктуу квалификациясы бар тышкы жак менен, мисалы ишкананын юридикалык маселелер боюнча кеңешчиси же жөнгө салуучу орган менен консультация өткөрүүнү сунуштоо;
- Маселенин кесепеттерин тапшырманын башка аспектилери боюнча, анын ичинде практикалык адистин тобокелдиктерге баа берүүсү жана ишкананын жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрүнүн ишенимдүүлүгүн карап чыгуу;
- Ар кандай иш-аракеттер планынын кесепеттери боюнча юридикалык консультацияларды алуу;
- Үчүнчү жактарга маалымат берүү (мисалы, жөнгө салуучу органга);
- Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду же отчет берүүдөн баш тартуу;
- Тапшырмадан баш тартуу.

A107. A106-пунктунда көрсөтүлгөн иш-аракеттер тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө аныкталган мыйзамды же ченемдик актыларды иш жүзүндө же болжолдонгон сактабагандыкка карата жооп катары чара көрүү үчүн ылайыктуу болушу мүмкүн. Мындан тышкары, төмөнкү учурларды кошпогондо, ушул стандарттын 77-пунктуна ылайык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун "Башка маалыматтар" бөлүмүндө ушул маселени баяндоо максатка ылайыктуу болушу мүмкүн, практикалык адис:

(a) Мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко олуттуу таасир тийгизээри жана мындай сактабагандык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто тиешелүү түрдө чагылдырылбагандыгы тууралуу тыянакка келет; же

(b) Ишкана тарабынан түзүлгөн тоскоолдуктардан улам парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко олуттуу таасир этиши мүмкүн болгон мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандык фактысына же ыктымалдуулугуна баа берүү үчүн жетишээрлик тийиштүү далилдерди ала албаган учур жана мындай учурда ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) 66-пункту колдонулат.

*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто көрсөткүчтөрдү суммалоо процессине карата жол-жоболор* (48L–48R-пункттарын караңыз)

A108. A71-пунктунда белгиленгендей, абага чыгаруулар тууралуу отчеттуулук системасы өнүгүп жаткандыктан, абага чыгарууларга сандык баа берүүгө жана отчеттуулукта чагылдырууга байланыштуу маалыматтык системалардын татаалдыгынын, документтештирүүнүн жана формалдаштыруунун деңгээли да жогорулайт деп күтүүгө болот. Жеткилең эмес маалымат системаларынын учурда, жыйынтыктоо процесси формалдуу эмес мүнөздө болушу мүмкүн. Суммалоо процессинин андан да татаал системасын пайдаланууда систематизацияланган жана документтер менен таризделген болушу мүмкүн. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун көрсөткүчтөрүн тиешелүү эсепке алуу жазуулары менен ылайык келтирүү же салыштырып текшерүү методуна жана оңдоп-түзөөгө карата практикалык адистин аткарган жол-жоболорунун мүнөзү, ошондой эле көлөмү сандык баалоонун мүнөзүнө жана татаалдыгына, уюмдун отчет түзүү процессине, ошондой эле олуттуу бурмалоонун тийиштүү тобокелдиктерине жараша болот.

*Кошумча жол жоболор* ( 49L–49R - пункттарын караңыз)

A109. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма интерактивдүү процессти жана практикалык адис пландаштырылган жол-жоболор аныкталган талаптарга жараша айырмаланып турган маалыматтарды аныктай алат. Пландалган жол-жоболордун практикалаган адис тарабынан аткарылышына жараша алынган далилдер практикалык адистин кошумча жол-жоболорду аткаруу зарылдыгына алып келиши мүмкүн. Мындай жол-жоболорго практикалык адис айкындаган маселени (маселелерди) ишкана тарабынан текшерүү жүргүзүүсүнө суроо-талап жана зарыл болсо парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко оңдоолорду киргизүү кириши мүмкүн.

*Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында кошумча жол-жоболорду аткаруу зарылдыгын аныктоо* 49L, 49L(b)-пункттарын караңыз)

A110. Практикалык адиске парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчет олуттуу бурмалоолорду камтуусу мүмкүн деп болжолдоого негиз болгон жагдай же жагдайлар жөнүндө белгилүү болушу мүмкүн. Мисалы, объекттерге барганда практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко кирбей турган абага чыгаруулардын потенциалдуу булагын аныкташы мүмкүн. Мындай учурларда практикалык адис потенциалдуу булак парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилгендиги тууралуу кошумча суроо-талаптарды жиберет. 49O-пунктуна ылайык аткарылган кошумча жол-жоболордун көлөмү кесиптик ой-жүгүртүүнүн предмети болуп эсептелет. Олуттуу бурмалоо көбүрөөк ыктымалдуулугу болсо, практикалык адистин алган далилдери ошончолук ишенимдүү болууга тийиш.

A111. Эгер чектелген ишенимди камсыздай турган тапшырма берилген учурда практикалык адис парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет олуттуу бурмалоолорду камтышы мүмкүн деп эсептөөгө негиз болуучу жагдайды жана жагдайларды аныктаса анда практикалык адис 49L-пунктуна ылайык кошумча жол-жоболорду иштеп чыгууга жана аткарууга тийиш. Бирок, эгерде мында практикалык адис жагдай жана жагдайлар бардык ыктымалдуулук боюнча парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту орчундуу бурмалоого алып келбейт деген тыянак чыгаруу же бул парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту орчундуу бурмалоого алып келиши мүмкүн деген тыянак чыгаруу үчүн жетиштүү тиешелүү далилдерди ала албаса, бул учурда иштин көлөмү боюнча чектөө орун алат.

*Аныкталган бурмалоолорду топтоо* (50-пунктту караңыз)

A112. Практикалык адис сандык көрсөткүчтү белгилеши мүмкүн, анткени бурмалоо ачыктан ачык анча маанилүү эмес мүнөзгө ээ болот жана топтолууга жатпайт, анткени практикалык адис мындай көрсөткүчтөрдүн топтолушу парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко олуттуу таасир этпейт деп күтөт. "Ачык эле анча маанилүү эмес" суммалар "маанилүү эмес" дегенди билдирбейт. Бул Стандартка ылайык аныкталган олуттуулук деңгээлинен такыр башка (төмөнкү) даражадагы мааниге ээ болбогон маселелер. Мындай маселелер өзүнчө же жыйынды түрдө каралабы, көлөмүнө, мүнөзүнө же шартына жараша талданабы, анчалык мааниге ээ эмес. Бир же бир нече позициянын ачык-айкын маанилүү эместигине байланыштуу айкын эместик болгон учурда, маселе так мааниге ээ эмес деп эсептелет.

## Башка практикалык адис тарабынан аткарылган ишти колдонуу

*Башка практикалык адиске маалымат берүү* (57(а)-пунктун караңыз)

A113. Аудитордук топ аткарып жаткан ишке, аны пайдаланууга, ошондой эле башка практикалык адис менен аудитордук топтун ортосундагы маалыматтык өз ара аракеттешүүнүн формасына жана мазмунуна байланыштуу башка практикалык адисти кабардар кыла турган тиешелүү маселелерге төмөнкүлөр кириши мүмкүн:

- Аудитордук топ башка практикалык адистин ишин колдоно турган контекстти билген башка практикалык адистен аудитордук топ менен кызматташа тургандыгын ырастоосун талап кылуу;
- Башка практикалык адис тарабынан аткарылган иш үчүн ишмердүүлүктүн натыйжаларынын маанилүүлүгү, бул парник газынын абага чыгаруулары тууралуу отчетко карата

ишмердүүлүктүн натыйжаларынын маанилүүлүгүнөн (жана, тиешелүү учурларда, абага чыгаруулардын же маалыматты ачып көрсөтүүнүн айрым түрлөрү үчүн маанилүүлүк деңгээлинен же деңгээлдеринен), ошондой эле парник газынын абага чыгаруулары тууралуу отчетко карата ачык-айкын мааниге ээ эмес деп эсептелбеген бурмалоолордун жогору болгон босогосунан төмөн болушу мүмкүн;

- Башка практикалык адистин ишине колдонула турган парник газынын абага чыгаруулары тууралуу отчеттун олуттуу бурмаланышынын аныкталган тобокелдиктери жана башка практикалык адиске парник газынын абага чыгаруулары жөнүндө отчет үчүн олуттуу болушу мүмкүн болгон тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө аныкталган башка тобокелдиктер жана мындай тобокелдиктерге жооп катары башка практикалык адис тарабынан көрүлгөн чаралар жөнүндө өз убагында маалымат берүү тапшырмасы.

*Башка практикалык адис тарабынан берилген маалымат* (57(а)-пунктун караңыз)

A114. Аудитордук топ башка практикалык адистен маалымат сурай турган тиешелүү маселелерге төмөнкүлөр кирет:

- Башка практикалык адис топ үчүн аткарылуучу тапшырмага тиешелүү бардык этикалык талаптарды, анын ичинде көз карандысыздыкка жана кесиптик компетенттүүлүккө карата талаптарды сактаганбы;
- Башка практикалык адис топтун аудиторунун командасынын талаптарын аткардыбы;
- Парник газы жөнүндө билдирүүдө олуттуу бурмаланууга алып келиши мүмкүн болгон мыйзамдарды же ченемдик актыларды сактабагандык учурларынын далилдери;
- Тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө башка практикалык адис тарабынан аныкталган, анча деле маанилүү болбогон оңдолбогон бурмалоолордун тизмеси;
- Тиешелүү маалыматты даярдоодо бир жактуулуктун мүмкүндүгүн көрсөткөн белгилер;
- Тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө башка практикалык тарабынан аныкталган ички контролдоо системасындагы олуттуу кемчиликтердин сыпаттамасы;

- Башка практикалык адис кабарлаган же уюмга билдире турган башка маанилүү маселелер, анын ичинде иш жүзүндөгү же болжолдуу туура эмес иш-аракеттер;
- Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко тиешелүү болушу мүмкүн болгон же башка практикалык адис аудитордук топтун көңүлүн бурууну ылайыктуу деп эсептеген ар кандай башка маселелер, анын ичинде башка практикалык адис уюмдан сураган жазуу жүзүндөгү билдирүүдарда белгиленген айырмачылыктар;
- Башка практикалык адистин ишиндеги жалпы жыйынтыктары, корутундулары же пикирлери.

*Далилдер* (57(b)-пунктун караңыз)

A115. Башка практикалык адистин ишине байланыштуу далилдерди алууда эске алынуучу тиешелүү аспектилерге төмөнкүлөр кириши мүмкүн:

- Башка практикалык адис менен алар аткара турган ишке тиешеси бар жана парник газынын абага чыгаруулары жөнүндө отчет үчүн маанилүү болгон чарбалык ишмердүүлүктөрүн талкуулоо;
- Башка практикалык адис менен тиешелүү маалыматтын олуттуу бурмалоолорго жакындык маселелесин талкуулоо;
- Олуттуу бурмалоолордун аныкталган тобокелдиктер, бул тобокелдиктерге жооп катары көрүлгөн аракеттер жана корутундулар боюнча башка практикалык адистин документтерин талдоо. Мындай документтер башка практикалык адистин аныкталган тобокелдиктерге карата корутундусун камтыган меморандум түрүндө болушу мүмкүн.

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр** (58-пунктту караңыз)

A116. 58-пунктка ылайык берүү талап кылынган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдөн тышкары, практикалык адис башка жазуу жүзүндөгү сунуштарды талап кылууну зарыл деп таба алат. Адатта, практикалык адис жеке адамдан же жогорку жетекчиликтин курамына кирген адамдардан же корпоративдик башкарууга жооптуу адамдардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү талап кылат. Бирок, жетектөөчү жана башкаруучу түзүмдөр ар түрдүү маданий жана укуктук системалардын, ошондой эле менчиктин өлчөмү жана өзгөчөлүктөрүнүн натыйжасында өлкөлөр жана уюмдар арасында ар кандай болушу мүмкүн болгондуктан, бул стандартта бардык тапшырмалар үчүн жазуу жүзүндөгү маалымат суралышы керек болгон тиешелүү адамды же адамдарды көрсөтүү мүмкүн эмес. Мисалы, ишкана өзүнчө өз алдынча юридикалык жак болуп саналбаган участок болушу мүмкүн. Мындай

учурларда жазуу жүзүндөгү билдирүү берүү жөнүндө суроо-талап жөнөтүлгөн тиешелүү жетектөөчү кызматкерди же корпоративдик башкарууга жооптуу адамдарды аныктоо учурунда кесипкөй ой жүгүртүүнү талап кылышы мүмкүн.

**Отчеттук күндөн кийинки окуялар** (61-пунктту караңыз)

A117. Отчеттук күндөн кийинки окуяларга, мисалы, мамлекеттик орган сыяктуу орган тарабынан кайра каралып чыккан абага чыгарууларын эсептөө коэфиценттерин жарыялоо, колдонуудагы мыйзамдарга же ченемдик актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү, илимий билимдердин деңгээлин жакшыртуу, ишканадагы олуттуу түзүмдүк өзгөрүүлөр, сандык баалоонун так ыкмаларын, же олуттуу катаны аныктоо кириши мүмкүн.

**Салыштырмалуу маалымат** ( 62–63, 76(c)-пункттарын караңыз)

A118. Мыйзамдарда, ченемдик актыларда же тапшырманы аткаруунун шарттарында парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто салыштырмалуу маалыматтарды берүүгө жана чагылдырууга жана ишенимдүүлүктү камсыз кылууга карата талаптар көрсөтүлүшү мүмкүн. Финансылык отчет менен парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун ортосундагы негизги айырма парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто чагылдырылган сандык көрсөткүчтөр өзүнчө мезгил ичиндеги чыгарууларга баа берүүнү түшүндүрөт жана убакыттын узак мезгил ичиндеги жыйынды көрсөткүчтөргө негизделбейт. Натыйжада берилген салыштырмалуу маалымат, эгерде чыгарып салуулар туура эмес мезгилде чагылдырылбаса, анын натыйжасында көрсөткүчтөр баалоо мезгилинин туура эмес башталышынан улам берилиши мүмкүн болсо, учурдагы жыл үчүн маалыматтарга таасир этпейт.

A119. Эгерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто абага чыгаруулардын кыскарышына пайыздык түрдө шилтемелерди же өткөн мезгил менен бирдей салыштырууну камтыса, практикалык адис мындай салыштыруу тиешелүү мүнөздө экендиги жөнүндө маселени карап чыгуусу зарыл. Салыштыруу канааттандыраарлык эмес болушу мүмкүн:

(a) өткөн мезгилге карата ишмердүүлүктөгү олуттуу өзгөрүүлөр;

(b) которуунун коэффициенттериндеги олуттуу өзгөрүүлөр;

(c) баалоо булактарынын же методдорунун дал келбөөсү.

A120. Салыштырма маалымат учурдагы абага чыгаруулар жөнүндө маалыматтар менен кошо берилсе, бирок практикалык адистин тыянагы ушундай салыштырма маалыматка же анын кайсы бир бөлүгүнө жайылтылбаса, мындай маалыматтын статусу парник

газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто жана ишенимдүүлүктү камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда же отчетто так көрсөтүлүшү маанилүү.

*Түзөтүүлөр* (62(a)-пунктун караңыз)

A121. Өткөн мезгил үчүн отчетто чагылдырылган парник газдарынын көлөмү, мисалы, илимий билим деңгээлинин жогорулашынын, ишканадагы олуттуу түзүмдүк өзгөрүүлөрдүн, сандык баалоонун кыйла так ыкмалары пайда болушунун же олуттуу каталарды табуунун натыйжасында мыйзамга, ченемдик актыга же колдонулуучу критерийлерге ылайык оңдоолорду талап кылышы мүмкүн.

*Салыштырмалуу маалыматтарга карата жол-жоболорду аткаруу* (63(a)-пунктун караңыз)

A122. Эгерде салыштырмалуу маалыматка карата ишенимди камсыз кылууну караган, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында практикалык адис берилген салыштырмалуу маалыматты олуттуу бурмалоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө билсе, аткарылуучу жол-жоболор 49L-пунктунун талаптарына ылайык келүүгө тийиш. Жөндүү ишенимди камсыз кылуучу тапшырма болгон учурда аткарылуучу жол-жоболор салыштырмалуу маалыматка карата пикирди түзүү үчүн жетиштүү болушу керек.

A123. Эгер тапшырма салыштырмалуу маалыматка карата ишенимди камсыз кылууну караштырбаса, 63(a)-пунктунда көрсөтүлгөн жагдайларда жол-жоболорду аткаруу тууралуу талап практикалык адистин этикалык милдеттерин аткаруу менен байланыштуу, ага маалым болгон маалыматтар менен иш кылбоо маңызы боюнча жалган болуп саналат же жаңылышат.

**Башка маалыматтар** (64-пунктту караңыз)

A124. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет практикалык адистин корутундусу жайылтылбаган башка маалыматтар менен бирге жарыяланышы мүмкүн; мисалы парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет ишкананын жылдык отчетуна же туруктуу өнүгүү жөнүндө отчетуна киргизилиши же климаттын өзгөргөндүгүнө байланыштуу төмөндөгүдөй башка маалыматтын курамына кириши мүмкүн:

- климаттын өзгөрүүсүнүн ишкананын стратегиялык максаттарына таасири жөнүндө отчетту камтыган стратегиялык талдоо;

- климаттын өзгөрүшү менен байланышкан учурдагы жана күтүлгөн олуттуу тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрүн түшүндүрүү жана сандык баалоо;
- климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу тобокелдиктерге, мүмкүнчүлүктөргө жана натыйжаларга карата узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү пландарды кошуп алганда, ишкана тарабынан көрүлгөн иш аракеттер жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү;
- климаттын өзгөрүшүнө тиешелүү келечектеги перспективалар, анын ичинде тенденциялар жана факторлор жөнүндө маалыматтарды ачуу, алар уюмдун стратегиясына же ушул стратегияны ишке ашыруунун пландаштырылган мөөнөттөрүнө таасирин тийгизет;
- климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу маселелерди аныктоо максатында бөлүнгөн уюмдун корпоративдик башкаруу процесстерин жана ресурстарын сыпаттоо, ошондой эле ушул маселелерди башкаруу жана аларга контролдук кылуу маселелери.

A125. Кээ бир учурларда ишкана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоодо колдонулгандардан айырмаланган ыкмалардын жардамы менен эсептелген абага чыгаруулар жөнүндө маалыматтарды жарыялай алат; мисалы, абага чыгаруулар жаңы заводду пайдаланууга берүү же участокту жабуу сыяктуу бир жолку окуялардын натыйжасын болтурбоо үчүн кайра эсептелип чыканда, башка маалыматтар эквиваленттик негизде даярдалышы мүмкүн. Эгерде аны даярдоо үчүн пайдаланылган методдор парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет түзүүдө колдонулган критерийлерге ылайык келбесе, практикалык адис мындай маалыматты алып салууну талап кылышы мүмкүн. Практикалык адис сандык маалыматтарга шайкеш келбеген парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко киргизилген же негизделиши мүмкүн болбогон ар кандай тексттик маалыматты алып салууну да талап кылышы мүмкүн (мисалы, алып-сатарлык божомолдор же келечектеги аракеттер жөнүндө билдирүүлөр).

A126. Башка маалыматтар парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко жана корутундусуна же ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчетко болгон ишенимди солгундатышы мүмкүн болгон учурларда зарыл болушу мүмкүн болгон андан аркы иш-аракеттерге төмөнкүлөр кирет:

- ылайыктуу квалификациясы бар тышкы жак менен, мисалы, ишкананын юридикалык маселелер боюнча консультанты менен консультацияларды өткөрүү боюнча суроо-талап жөнөтүү;

- ар кандай иш-чаралардын планына кесепеттерине карата юридикалык консультация алуу;
- жөнгө салуучу органга, мисалы, үчүнчү жактарга маалымдоо;
- ишенимди камсыз кыла турган тапшырма боюнча корутунду же отчет берүүдөн баш тартуу;
- эгерде тиешелүү мыйзам же ченемдик актынын талабына ылайык мүмкүн болсо, тапшырмадан баш тартуу;
- бул маселенин ишенимди камсыз кылуучу корутундуда же тапшырма боюнча отчетто баяндалышы.

**Документация**

*Аткарылган жол-жоболордун жана алынган далилдердин документалдуу таризделиши* (15, 65–66-пункттарын караңыз)

A127. ИКТЭС 3000дин (кайра каралган) талаптарына ылайык, практикалык адиске ишенимди камсыз кылган тапшырма боюнча корутундуда же отчетто камтылган маалыматты тастыктаган жана негиздөөчү тапшырма боюнча документтерди өз убагында даярдоо зарыл[23] Төмөндө тапшырма боюнча документтерге киргизүү максатка ылайыктуу болушу мүмкүн болгон маселелердин мисалдары:

- Ак ниетсиз иш-аракеттер: олуттуу бурмалоо тобокелдиктери жана ак ниетсиз иш-аракеттерге карата аткарылган жол-жоболорунун мүнөзү, мөөнөттөрү жана көлөмү, ошондой эле уюм тарабынан жөнгө салынган органдарга жана башка жактарга багытталган ак ниетсиз иш-аракет жөнүндө маалымат.
- Мыйзамдар жана ченемдик актылар: ишкананын жана башка жактардын (тараптар) ишканадан тышкаркы жардамы менен мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандыктын аныкталган жана болжолдонгон учурлары жана алардын талкууланышынын жыйынтыктары.
- Пландаштыруу: Мындай өзгөрүүлөрдүн себептерин көрсөтүү менен тапшырманын алкагында киргизилген жалпы стратегиясы жана иш планы, ошондой эле олуттуу өзгөртүүлөр.
- Маанилүүлүк: Аны аныктоодо парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет үчүн маанилүүлүк деңгээли, чыгуулардын белгилүү типтери же ачыкка чыгарылган маалымат үчүн маанилүүлүк деңгээли же деңгээлдери (эгерде колдонулса), аудитордук жол-жоболорду аткаруу үчүн

[23] ИКТЭС 3000(кайра каралган), 42-пункт

маанилүүлүк деңгээли жана тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө маанилүүлүк деңгээлин кайра кароонун бардык учурлары сыяктуу сандык маалыматтар жана факторлор каралат.

- Олуттуу бурмалоо тобокелдиктери: 29-пунктка ылайык зарыл болгон талкуулоо жана кабыл алынган маанилүү чечимдер, 23-пунктта көрсөтүлгөндөй ишкананын жана анын чөйрөсүнүн ар бир аспектисин түшүнүүнүн негизинде жаткан негизги факторлор жана алар үчүн практикалык адистин кесипкөй ой жүгүртүүсүнө ылайык кошумча жол-жоболор талап кылынган олуттуу бурмалоонун тобокелдиктери.
- Кошумча жол-жоболору: кошумча жол-жоболордун мүнөзү, мөөнөттөрү жана көлөмү, олуттуу бурмалоо тобокелдиктеринин жана жол-жоболордун натыйжалары менен кошумча жол-жоболор.
- Бурмалоолорду баалоо: төмөндө бурмалоолор таптакыр анча-мынча болуп эсептелинген маанилер, тапшырманы аткаруу процессиндеги топтолгон бурмалоолор жана алар оңдолгондугу жөнүндө маалыматтар, ошондой эле оңдолбогон бурмалоолор өз-өзүнчө же жыйындысында олуттуу болуп саналаары тууралуу практикалык адистин тыянагы жана мындай тыянактын негиздемеси.

*Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду же отчет берилген күндөн кийин келип чыгуучу маселелер* (68-пунктту караңыз)

A128. Өзгөчө жагдайлардын мисалдарына ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчет же корутунду түзүлгөн күндөн кийин практикалык адиске белгилүү болгон, бирок ошол күнгө карата белгилүү болгон жана эгерде алар парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко же болбосо ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда же отчетто камтылган практикалык адистин тыянагын модификациялоого алып келиши мүмкүн болгон фактылар камтыйт, мисалы, оңдолбогон олуттуу каталарды табуу. Бул тапшырма боюнча документтерге киргизилген өзгөртүүлөр СКЭС 1дин талаптарына ылайык текшерүү жүргүзүү боюнча анын милдеттерин регламенттеген аудитордук уюмдун саясатына жана аудитордук жол-жоболоруна ылайык текшерилет, мында киргизилген өзгөртүүлөр үчүн акыркы жоопкерчилик тапшырманын жетекчисине жүктөлөт.[24]

[24] СКЭС 1 "Финансылык отчеттуулукка аудитти жана обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылган башка тапшырмаларды жана коштоочу кызматтарды көрсөтүү боюнча тапшырмаларды аткаруучу аудитордук уюмдарда сапатты контролдоо», 32-33-пункттар

*Тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзүү* (69-пунктту караңыз)

A129. СКЭС 1ге же башка кесиптик талаптарга, мыйзамдардын жоболоруна ылайык, эгерде алар СКЭС 1ден кем эмес катуу талаптарды камтыса, аудитордук уюмдар аудитордук файлдарды түзүүнү өз убагында аяктоо үчүн саясатты жана жол-жоболорду белгилеши керек.[25] Эреже катары, жыйынтыктоочу аудитордук файлды түзүүнү аяктоо үчүн талаптагыдай мөөнөт ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду же отчет берилген күндөн тартып 60 күндөн ашпайт.[26]

**Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү** (71-пунктту караңыз)

A130. Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнүн алкагында каралуучу башка маселелерге төмөнкүлөр кирет:

- берилген тапшырмага ылайык аудитордук уюмдун көз карандысыздыгын аудитордук топ тарабынан баалоо;
- бул консультациялардын негизинде пикирлердин каршылыгын же башка татаал же талаш маселелерди жана жыйынтыктарды пайда кылган маселелер боюнча тийиштүү консультацияларды өткөрүү;
- текшерүү үчүн тандалып алынган тапшырма боюнча документтер менен чагылдыруу, маанилүү ой жүгүртүүлөргө карата аткарылган иштер жана ал тарабынан тыянактардын ырасталышы.

**Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутунду чыгаруу**

*Колдонулуучу критерийлердин сыпаттамасы* (74(d), 76(g)(iv)-пункттарын караңыз)

A131. Ишкана тарабынан парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоосу парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата түшүндүрмө эскертүүлөрүнө колдонулуучу критерийлердин тиешелүү сыпаттамасын киргизүүнү талап кылат. Бул сыпаттама парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет даярдалуучу концепция тууралуу божомолдонгон пайдалануучуларга маалымдайт жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто белгилүү бир маселелерди чагылдырууга карата ар кандай критерийлердин ортосунда олуттуу айырмачылык бар болгон учурда өзгөчө мааниге ээ болот, мисалы: эгерде бар болсо, абага чыгаруулар кандай чегерүүлөрдү камтыйт; алардын саны кандай болгон жана алар

[25] СКЭС 1, 45-пункт

[26] СКЭС 1, А54-пункт

эмне; отчетко киргизүү үчүн 3 категориясын тандоонун негизи жана алардын сандык көрсөткүчү.

A132. Парник газынын абага чыгарылышы жөнүндө боюнча отчет белгилүү критерийлерге ылайык даярдалганын көрсөтүү, эгерде парник газынын абага чыгарылышы боюнча отчет парник газынын абага чыгарылышы тууралуу отчетто камтылган мезгилде күчүндө болгон ошол критерийлердин бардык талаптарына жооп берсе гана ылайыктуу болот.

A133. Аныкталбаган баалоо же чектеген туюндурмаларды камтыган колдонулуучу критерийлердин сыпаттамасы (мисалы, "парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет негизинен XYZ талаптарына жооп берет) талаптагыдай болуп саналбайт, анткени ал парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет пайдалануучуларды адаштырышы мүмкүн.

**Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундунун же отчеттун мазмуну**

*Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундунун жана отчеттун мисалдары* (76-пунктту караңыз)

A134. 2-тиркемеде 76-пунктта көрсөтүлгөн элементтерди камтыган парник газдарынын абага чыгарылышы тууралуу отчеттуулукка карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундунун же отчеттун мисалдары камтылган.

*Практикалык адистин корутундусунда камтылбаган маалымат* (76-(c)-пунктун караңыз)

A135. Ишенимди камсыз кылбаган маалыматка карата толук түшүнбөстүктү жана негизсиз ишенимди болтурбоо үчүн, парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто практикалык адистин корутундусу жайылтылбаган салыштырмалуу көрсөткүчтөр сыяктуу маалыматтар камтылса, анда бул маалымат көбүнчө парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча практикалык адистин корутундусунда же отчетунда чагылдырылган маалымат катары аныкталат.

Абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр (76(f)-пунктун караңыз)

A136. Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр жөнүндө маалыматты камтыган учурда, ишенимди камсыз кылуучу корутундуга же тапшырма боюнча отчетко киргизилүүчү билдирүүлөрдүн баяндалышы жагдайларга жараша кыйла айырмаланышы мүмкүн.

A137. Компенсациялык квоталар жана абага чыгаруулар боюнча башка эсептен чыгаруулар жөнүндө олуттуу жана ишенимдүү маалыматтардын жеткиликтүүлүк даражасы орчундуу айырмаланат, демек, ишкананын абага чыгаруулары боюнча кемитүүлөрүн ырастоо үчүн практикалык адисте болгон далилдер да ар түрдүү болот.

A138. Абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөрдүн ар кандай мүнөзүнөн жана практикалык адис абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөргө колдоно ала турган көп учурда чектелген сандардан жана жол-жоболордун мүнөзүнөн улам, бул стандарт ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда же отчетто практикалык адистин чыгарган тыянагы жайылтылган абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр (эгерде алар бар болсо) көрсөтүлүшүн талап кылынат жана бул кемитүүлөргө карата практикалык адистин жоопкерчилиги жөнүндө билдирүү берилет.

A139. Практикалык адистин абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөргө карата жоопкерчилиги жөнүндө билдирүү компенсациялык квоталар болгон абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр төмөнкүдөй учурларда түзүлүшү мүмкүн: "Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет жыл үчүн ABC абага чыгарууларынан компенсациялык квоталар менен CO2- ууу тонна өлчөмүндө чыгарып салууну камтыйт. Биз бул компенсациялык квоталар жыл ичинде сатылып алынгандыгын жана алардын сыпатталышы парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто тиешелүү келишимдерди жана алар менен байланыштуу документтерди кыскача сыпатталышы негиздүү экендигин аныктоо үчүн жол-жоболорду жасадык. Бирок биз мындай компенсациялык квоталардын тышкы берүүчүлөрүнө карата жол-жоболорду жүргүзгөн жокпуз жана мындай компенсациялык квоталар $CO_{2\text{-e}}$ ууу тоннага азайышына алып келерине же алып келгендигине карата тыянак чыгарбайбыз”

*Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуну же отчетту колдонуу* (76(g)(iii)-пунктун караңыз)

A140. Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун дарегин көрсөтүүдөн тышкары, практикалык адис ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундунун же отчеттун текстине анын максатын же корутунду же отчет даярдалган божомолдонгон пайдалануучуларды көрсөтүү менен туюнтманы кошууну максатка ылайык деп эсептеши мүмкүн. Мисалы, парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет жарыяланган учурда, ага карата түшүндүрмө эскертүүлөргө жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуга же отчетко парник газы менен байланышкан иштер жөнүндө жетиштүү билимге ээ болгон, парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто камтылган маалыматты кылдат изилдеп

чыккандыгы жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет олуттуулуктун тийиштүү деңгээлдеринин алкагында даярдалгандыгын жана ырасталгандыгын түшүнгөн пайдалануучулар үчүн арналгандыгы тууралуу билдирүүнү киргизүү максатка ылайыктуу болот.

A141. Мындан тышкары, практикалык адис атап айтканда, ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуну же отчетту анын болжолдонгон колдонуучуларына гана таратууну чектеген жана аны башкалар же башка максаттарда колдонууга жол бербеген туюндурманы кошууну ылайыктуу деп таба алат.

*Практикалык адистин жол-жоболорунун кыскача баяндамасы* ( 76(h)(ii)-пунктун караңыз)

A142. Эгерде акылга сыярлык ишенимди камсыз кылган тапшырма болсо, мындай тапшырма боюнча жыйынтык адатта стандарттуу туюндурманы жана аткарылган жол-жоболордун кыскача сыпаттамасын гана камтыйт. Бул, акылга сыярлык ишенимди камсыз кылган тапшырма болгон учурда деталдаштыруунун кандай деңгээлинде болбосун конкреттүү аткарылган жол-жоболорду сыпаттоо пайдалануучуларга эгер модификацияланбаган корутунду берилген бардык учурларда практикалык адис өз оюн билдире алышы үчүн тийиштүү далилдердин алынгандыгын түшүнүүгө жардам бербейт.

A143. Чектелген ишенимди камсыз кылган тапшырмалар болгон учурда, аткарылган жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөтүн жана көлөмүн көрсөтүү болжолдонгон колдонуучуларга, алар чектелген ишенимди камсыз кылган тапшырма боюнча отчетто берилген тыянактын маңызын түшүнүшү үчүн маанилүү. Демек, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында аткарылган практикалык адистин жол-жоболорду сыпаттоосу, адатта, акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма учуруна караганда, алда канча деталдуу болуп саналат. Мындан тышкары, аткарылбаган жана акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар учурунда аткарылган жол-жоболордун сыпаттамасын кошуу максатка ылайыктуу болушу мүмкүн. Бирок, мындай жол-жоболордун бардыгын толук сыпаттоо мүмкүн болбой калышы мүмкүн, анткени практикалык адистен талап кылынган олуттуу бурмалоолордун тобокелдиктерин түшүнүү жана баалоо деңгээли акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма учуруна караганда төмөн.

Мындай чечимди кабыл алууда жана деталдардын деңгээлин аныктоодо эске алынуучу факторлорго төмөнкүлөр кирет:

- ишкананын өзгөчө жагдайлары (мисалы, ишкананын ишинин мүнөзүнүн тармак үчүн мүнөздүү деп эсептелгендерден айырмасы);
- аткарылган жол-жоболордун мүнөзүнө жана көлөмүнө таасир берүүчү тапшырманы аткаруунун өзгөчө шарттары;
- рыноктук практикага же колдонулуучу мыйзам же ченемдик актыга негизделген отчеттун деталдашуу деңгээлине карата божомолдонгон пайдалануучулардын күтүүлөрү.

A144. Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчетто аткарылган жол-жоболорду сыпаттоодо алар жөнүндө маалыматтар объективдүү баяндалышы жана бир өңчөй болуу үчүн бирдей деңгээлге чейин жалпыланбоосу жана ошондой эле ал ашыкча толук маалыматты же апыртууларды камтыбоосу жана акылга сыярлык ишеним алынды деп болжолдоого негиз бербегендиги маанилүү. Ошондой эле жол-жоболорду сыпаттоодо макулдашылган жол-жоболорду жүргүзүү боюнча тапшырманын аткарылганы таасир калтырбашы керек, көпчүлүк учурда мындай сыпаттоо толук жумуштардын планын камтыбашы керек.

*Практикалык адистин колтамгасы* (76(k)-пунктун караңыз)

A145. Практикалык адистин колтамгасы конкреттүү өлкөнүн талаптарына жараша анын аудитордук уюмунун атынан, же болбосо практикалык адистин өзүнүн атынан, же болбосо экөөнүн тең атынан коюлат. Айрым өлкөлөрдө практикалык адистин колтамгасына кошумча иретинде андан ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуда же отчетто анын кесиптик аттестациясын же практикалык адисти же анын аудитордук уюмун таануу фактысын (жагдайга жараша) ошол өлкөнүн лицензиялоочу органы тарабынан көрсөтүлүшү талап кылынышы мүмкүн.

*«Маанилүү жагдайлар» жана «Башка маалыматтар» бөлүмү* (77-пунктту караңыз)

A146. «Маанилүү жагдайлар» жана «Башка маалыматтар» бөлүмдөрүн тез-тез колдонуу адистин мындай маселелер боюнча маалымат берүү натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келет.

A147. "Маанилүү жагдайлар" бөлүмүн киргизүү, мисалы, ар кандай критерийлер же критерийлер кайра каралган, жаңыланган же өткөн мезгилдерге караганда башкача чечмеленген жана ал отчеттогу абага чыгаруулар жөнүндө маалыматка олуттуу таасир тийгизген учурларда максатка ылайыктуу болушу мүмкүн, же отчет берилүүчү мезгилдин ичинде системанын ишинде үзгүлтүк кылуу парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто көрсөтмө бар маалыматтардын экстраполяциясы колдонулган дегенди билдирет.

A148. "Башка маалымат" бөлүмүн киргизүү, мисалы, тапшырма боюнча иштин көлөмү мурунку мезгилге караганда олуттуу түрдө өзгөргөн жана бул парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто көрсөтүлбөгөн учурда ылайыктуу болушу мүмкүн.

A149. Маанилүү жагдайлар" бөлүмүнүн мазмуну кандай маселеге көңүл бурула тургандыгын жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто бул маселе боюнча толук көлөмдө маалымат ачылганын так көрсөтүүнү камтыйт. Бөлүмдө ошондой эле анын көңүлү бурулуучу маселе практикалык адистин тыянагын модификациялоого алып келбей тургандыгы көрсөтүлөт. (A125-пунктту да караңыз)

A150. "Башка маалыматтар" бөлүмүнүн мазмунунда парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто мындай башка маалыматтарды берүү жана ачып көрсөтүү талап кылынбагандыгы так көрсөтүлөт. 77-пункт "башка маалыматтар" бөлүмүн пайдалануучулардын тапшырманы, практикалык адистин жоопкерчилигин же ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча корутундуну же отчетту түшүнүүсү менен байланышкан жана практикалык адис ишенимди камсыз кылуучу корутундуга же тапшырма боюнча отчетко киргизүү зарыл деп эсептеген маселелерди пайдалануу менен чектейт. (A124-пунктту да караңыз)

A151. Практикалык адистин ишкананын маалыматтык системасын өркүндөтүү сыяктуу маселелер боюнча сунуштарын ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага же корутундуга киргизүү бул маселелер парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчетту даярдоо учурунда тийиштүү түрдө чечиле электигин билдириши мүмкүн. Мындай сунуштар мисалы, жетекчиликке кат жазууда же корпоративдик башкарууга жооп берген адамдарга талкуулоонун жүрүшүндө берилиши мүмкүн. Ишенимди камсыз кылуучу корутундуда же


тапшырма боюнча отчетто сунуш көрсөтүлө тургандыгы тууралуу чечим кабыл алууда эске алына турган факторлор алардын болжолдонгон пайдалануучуулардын маалымат керектөөлөрүнө ылайык келер-келбесин жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко карата практикалык адистин тыянагында эскертүү катары алардын туура эмес түшүнүктөрүн жокко чыгаргыдай кылып түзүлгөндүгүн камтыйт.

A152. "Башка маалыматтар" бөлүмүнө практикалык адистин мыйзамга, ченемдик актыга же башка кесиптик стандарттарга ылайык, мисалы, маалыматтын купуялуулугуна тиешелүү этикалык жүрүм-турум стандарттарына ылайык берүүсүнө тыюу салынган маалымат киргизилбейт. Мындан тышкары "башка маалыматтар" бөлүмүнө жетекчилик берүүгө милдеттүү болгон маалымат киргизилбейт.

**1-тиркеме**

. ( А8–А14 - пункттарын караңыз)

## Абага чыгаруулар, абсорбция жана абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр.




A = Тикелей же 1-категорияга кирген абага чыгаруулар (А8-пунктун караңыз).

B = Абсорбция (ишкананын чегинде пайда болгон, бирок атмосферага чыгарылбастан, ошол чек ичинде сиңирилүүчү жана сакталган абага чыгаруулар, адатта, жайылтылган эсепте чагылдырылат, б.а. 1-категориядагы абага чыгаруулар жана абсорбция катары) (А14-пунктун караңыз).

C = Абсорбция (ишкана тарабынан атмосферадан алынган парник газдары) (А14-пунктун караңыз).

D = абага чыгарууларды азайтуу үчүн ишкана тарабынан көрүлгөн чаралар. Мындай иш-аракеттер 1-категориядагы (мисалы, отун майын үнөмдөөчү унааларды колдонуу менен), 2-категориядагы (мисалы, сатып алынган электр энергиясынын көлөмүн азайтуу үчүн күн батареяларын орнотуу) же 3-категориядагы (мисалы, иш сапарларын

кыскартуу же пайдаланууда электр энергиясын азыраак талап кылган продукцияны сатууну азайтуу) абага чыгарууларды азайтышы мүмкүн). Ишкана мындай аракеттерди парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко түшүндүрмө эскертүүлөрдө сүрөттөп бере алат, бирок алар отчетто чагылдырылган абага чыгаруулар ал аракеттен төмөн болсо же тиешелүү критерийлерге ылайык абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр болсо гана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун негизги таблицаларындагы абага чыгарууларга сандык баа берүүгө таасир этет (A11-пунктун караңыз).

E = 2-категориядагы абага чыгаруулар (A9-пунктун караңыз).

F = 3-категориядагы абага чыгаруулар (A10-пунктун караңыз).

G = Сатып алынган компенсациялык квоталарды кошкондо абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр (A11–A13-пункттарын караңыз).

**2-тиркеме**

( А134 - пунктун караңыз)

## Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетторго карата ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча корутундулардын жана отчеттордун мисалдары.

**1-Мисал.**

**Жагдайлар төмөнкүдөй:**

- **Акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма**
- **Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко 3-категориядагы абага чыгаруулар тууралуу маалымат кирбейт.**
- **Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр тууралуу маалымат кирбейт.**
- **Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко салыштырмалуу маалымат кирбейт.**

*Төмөндө көрсөтүлгөн отчеттун мисалы жалпы көрсөтмө катары гана келтирилет жана толук эмес же бардык жагдайларга карата колдонулушу мүмкүн эмес.*

ПАРНИК ГАЗДАРЫНЫН АБАГА ЧЫГАРЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ АВС ИШКАНАСЫНЫН ОТЧЕТУНА КАРАТА АКЫЛГА СЫЯРЛЫК ИШЕНИМДИ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ТАПШЫРМА БОЮНЧА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ПРАКТИКАЛЫК АДИСТИН КОРУТУНДУСУ

[Тийиштүү даректелүүчү]

**Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет** (бул аталыш, эгерде бул жалгыз бөлүм болсо, кереги жок)

Биз 20Х1-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн парник газынын абага чыгаруулары тууралуу АВС ишканасынын тиркелген отчетуна карата акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткардык, анда абага чыгаруулардын тизмеси жана хх-уу беттериндеги түшүндүрмө эскермелер камтылган. [Бул тапшырманы практикалык адистер, инженерлер жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча илимпоздор кирген көп тармактуу топ аткарган] [1]

[1] Эгерде ал тапшырмага карата колдонулбаса (мисалы, эгерде тапшырма 2-категориядагы абага чыгаруулар боюнча гана отчет берүүдө түзүлсө жана башка эксперттер тартпаган учурда бул сунуш алып салынууга тийиш

*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоого АВС ишканасынын жоопкерчилиги*

АВС ишканасы парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун 1-тиркемесиндеги түшүндүрмөлөрдүн негизинде [*колдонулуучу критерийлерге*[2]], ылайык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет даярдоого жооп берет. Бул жоопкерчиликке ак ниетсиз аракеттин же катанын кесепетинен олуттуу бурмалоолорду камтыбаган парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоого карата колдонулуучу ички контролдоо системасын иштеп чыгуу, киргизүү жана колдоо кирет.

[Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун 1-тиркемесинде көрсөтүлгөндөй][3] парник газдарына сандык баа берүү ар кандай газдардын чыгышынын көрсөткүчтөрүн бириктирүү үчүн зарыл болгон абага чыгарууларды жана чоңдуктарды эсептөө коэффициенттерин аныктоо үчүн пайдаланылуучу илимий билимдердин толук эместигинен улам шексиз боло турган айкын эместик менен байланыштуу.

*Биздин көз карандысыздыгыбыз жана сапатты контролдоо*

Биз ак ниеттүүлүктүн, объективдүүлүктүн, кесиптик компетенттүүлүктүн жана талаптагыдай кылдаттыктын, купуялуулуктун жана кесиптик жүрүм-турумдун фундаменталдык принциптерине негизделген Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңеши тарабынан чыгарылган *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексинин* көз карандысыздык талабын жана башка этикалык талаптарды аткаргандыгыбызды билдиребиз.

Аудитордук уюм сапатты контролдоонун эл аралык стандартын[4] колдонот, демек, этикалык талаптарды сактоонун документ түрүндө таризделген саясатын жана жол-жоболорун, кесиптик стандарттарды жана колдонуудагы мыйзам жана ченемдик талаптарды камтыган сапатты системалуу контролдоону колдонот.

*Биздин жоопкерчилик*

Биздин жоопкерчилик биз тапкан далилдердин негизинде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет тууралуу пикирин билдирүү болуп саналат. Биз, Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык

---

2 [*Колдонулуучу критерийлер*] www.######.org сайтында акысыз жүктөп алуу үчүн жеткиликтүү.

3 Эгерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун 1-тиркемесинде күмөндүү айкын эместикке көрсөтмө болбосо, бул бөлүм алып салынууга тийиш.

4 СКЭС 1,"Финансылык отчеттуулукка аудитти жана обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылган башка тапшырмаларды жана коштоочу кызматтарды көрсөтүү боюнча тапшырмаларды аткаруучу аудитордук уюмдарда сапатты контролдоо».

стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарты 3410 «*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет боюнча ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага*» ("ИКТЭС 3410") ылайык акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмабызды аткардык. Бул стандартка ылайык, ушул тапшырма парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет олуттуу бурмалоолорду камтыбайт деп акылга сыярлык ишенимди алуу максатында пландалып жана ишке ашырылган.

Ушул стандартка ылайык аткарылган акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмада парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетто камтылган тиешелүү маалыматтарды жана абага чыгарууларга сандык баа берүүгө карата далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну карайт. Ак ниетсиз аракеттерден же каталардан улам парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту олуттуу бурмалоонун тобокелдиктерин баалоону кошкондо, тандалган жол-жоболордун мүнөзү, мөөнөттөрү жана көлөмү практикалык адистин ой жүгүртүүсүнөн көз каранды. Тобокелдиктерге мындай баалоо жүргүзүүдө биз парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө АВС ишканасынын отчетун даярдоого карата колдонулуучу ички контроль системасын карадык. Акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырма дагы өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун 1-эскертүүсүндөгү түшүндүрмөлөргө ылайык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет даярдоо үчүн негиз катарында колдонулган АВС ишканасынын жагдайларында [*колдонулуучу критерийлерди*] пайдалануунун максатка ылайыктуулугун баалоо;
- Отчетторду түзүү боюнча колдонулган саясаттын жана сандык баа берүү ыкмаларынын, ошондой эле АВС ишканасы тарабынан кабыл алынган баалоонун негиздүүлүгүнүн тийиштүү мүнөздөгү баалоосу; жана
- Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун жалпы түшүнүгүн баалоо.

Биздин алынган далилдер талаптагыдай жетиштүү болуп саналат жана биздин пикирибиздин калыптанышына негиз берет деп ойлойбуз.

*Пикир*

Биздин пикирибиз боюнча 20х1-жылдын 31-декабрына чейин созулган жыл ичинде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндөгү отчет парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун 1-эскертүүсүндөгү түшүндүрмөлөргө ылайык [*колдонулуучу критерийлерге*] ылайык бардык олуттуу аспектте даярдалган.

**Башка ченемдик-укуктук талаптардын аткарылышы жөнүндө отчет**
(айрым тапшырма үчүн гана колдонулат)

[Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчеттун бул бөлүмүнүн формасы жана мазмуну отчет берүү боюнча практикалык адистин башка милдеттеринин мүнөзүнө жараша болот.]

[Практикалык адистин колу]

[Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчеттун күнү]

[Практикалык адистин дареги]

**2-Мисал.**

**Жагдайлар төмөнкүдөй:**

- **Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырма.**
- **Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко 3-категориядагы абага чыгаруулар тууралуу маалымат кирбейт.**
- **Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетко абага чыгаруулар боюнча кемитүүлөр тууралуу маалымат кирбейт.**
- **Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет салыштырмалуу маалыматты камтыбайт.**

*Төмөндө көрсөтүлгөн отчеттун мисалы жалпы көрсөтмө катары гана келтирилет жана толук эмес же бардык жагдайларга карата колдонулушу мүмкүн эмес.*

АВС ИШКАНАСЫНЫН ПАРНИК ГАЗДАРЫНЫН АБАГА ЧЫГАРЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТУНА КАРАТА ЧЕКТЕЛГЕН ИШЕНИМДИ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ ТАПШЫРМА БОЮНЧА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ПРАКТИКАЛЫК АДИСТИН ОТЧЕТУ

[Тиешелүү даректелүүчү]

**Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет** (*бул аталыш, эгерде ал жалгыз бөлүм болсо керек эмес*)

Биз, болгону, 20x1-жылдын 31-декабрына чейин созулган жылга парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө АВС ишканасынын абага чыгаруулардын тизмесин жана [хх-уу беттериндеги түшүндүрмө эскертүүлөрдү] камтыган, тиркелген отчетуна карата чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарганбыз. [Бул тапшырма көп профилдүү топ, анын ичинде практикалык адистер, инженерлер жана окумуштуу-экологдор тарабынан аткарылган.][5]

*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоого АВС ишканасынын жоопкерчилиги*

АВС ишканасы парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун 1-тиркемесиндеги түшүндүрмөлөрдүн негизинде [*колдонулуучу критерийлерге*[6]], ылайык парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет даярдоого жооп

[5] Эгерде ал тапшырмага колдонулбаган учурда бул сунуш алып салынууга тийиш (мисалы, эгерде тапшырма 2-категориянын абага чыгаруулар боюнча гана отчет берүүдө түзүлсө жана башка эксперттер тартылбаса)

[6] [*Колдонулуучу критерийлер*] www.######.org сайтында акысыз жүктөп алуу үчүн жеткиликтүү.

берет. Бул жоопкерчиликке ак ниетсиз аракеттин же катанын кесепетинен олуттуу бурмалоолорду камтыбаган парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоого карата колдонулуучу ички контролдоо системасын иштеп чыгуу, киргизүү жана колдоо кирет.

[Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун 1-тиркемесинде көрсөтүлгөндөй][7] парник газдарына сандык баа берүү ар кандай газдардын чыгышынын көрсөткүчтөрүн бириктирүү үчүн зарыл болгон абага чыгарууларды жана чоңдуктарды эсептөө коэффициенттерин аныктоо үчүн пайдаланылуучу илимий билимдердин толук эместигинен улам шексиз боло турган айкын эместик менен байланыштуу.

*Биздин көз карандысыздыгыбыз жана сапатты контролдоо*

Биз ак ниеттүүлүктүн, объективдүүлүктүн, кесиптик компетенттүүлүктүн жана талаптагыдай кылдаттыктын, купуялуулуктун жана кесиптик жүрүм-турумдун фундаменталдык принциптерине негизделген Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңеши тарабынан чыгарылган *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексинин* көз карандысыздык талабын жана башка этикалык талаптарды аткаргандыгыбызды билдиребиз.

Аудитордук уюм сапатты контролдоонун эл аралык стандартын[8] колдонот, демек, этикалык талаптарды сактоонун документ түрүндө тариздelген саясатын жана жол-жоболорун, кесиптик стандарттарды жана колдонуудагы мыйзам жана ченемдик талаптарды камтыган сапатты системалуу контролдоону колдонот.

*Биздин жоопкерчилик*

Биздин жоопкерчилик биз тапкан далилдердин негизинде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет тууралуу пикирин билдирүү болуп саналат. Биз, Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган Ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарты 3410 «*Парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет боюнча ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага*» (“ИКТЭС 3410”) ылайык чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмабызды аткардык. Бул стандартка ылайык, ушул тапшырма парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчет олуттуу бурмалоолорду камтыбайт деп чектелген ишенимди алуу максатында пландалып жана ишке ашырылган.

---

7 Where there is no discussion of the inherent uncertainty in Note 1 to the GHG statement, this should be deleted.

8 СКЭС 1,"Финансылык отчеттуулукка аудитти жана обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылган башка тапшырмаларды жана коштоочу кызматтарды көрсөтүү боюнча тапшырмаларды аткаруучу аудитордук уюмдарда сапатты контролдоо».

Бул стандартка ылайык аткарылуучу чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырма АВС ишканасынын жагдайларында (колдонулуучу критерийлерди] парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту даярдоо үчүн негиз катары пайдалануунун максатка ылайыктуулугуна баа берүүнү, ак ниетсиз аракеттерден же каталардан улам парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчетту олуттуу бурмалоонун тобокелдиктерин баалоону, конкреттүү жагдай талап кылгандай баа берилген тобокелдиктерге жооп берилген иш-аракеттерди аткарууну жана парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун жалпы берилишин баалоону карайт. Ички контроль системасын изилдөөнү кошо алганда, тобокелдиктерди баалоо жол-жобосу сыяктуу эле, бааланган тобокелдиктерге жооп иретинде аткарылуучу жол-жоболорго да карата чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырмага караганда иштин аз көлөмүн караштырат.

Биз жүргүзгөн жол-жоболор биздин кесипкөйлүк ой жүгүртүүбүзгө негизделген жана суроо-талап багыттарын, аткарылуучу процесстерге байкоо жүргүзүүнү, документтерди инспекциялоонү, талдоо жол-жоболорун, сандык баа берүү ыкмаларын жана отчеттуулукту түзүү боюнча саясатты туура мүнөздөгү баалоону, ошондой эле тиешелүү маалыматтар менен макулдашууну же салыштырууну камтыйт.

*[Практикалык адис аткарылган жол-жоболордун мүнөзүнүн жана көлөмүнүн кыскача баяндамасын киргизе алат, ал практикалык адистин ой жүгүртүүсүүнө ылайык, практикалык адистин корутундусунун негизин колдонуучуларга түшүнүү үчүн пайдалуу болушу мүмкүн болгон кошумча маалыматты камтыйт.*[9] *Кийинки бөлүм шилтеме катары келтирилген жана жол-жоболордун мисалдары, аткарылган ишти пайдалануучулар түшүнүүсү үчүн чоӊ мааниге ээ болушу мүмкүн болгон жол-жоболордун түрлөрү жана көлөмүнүн толук тизмеси болуп саналбайт.]*[10]

Жогоруда саналып өткөн жол-жоболорду аткарууда тапшырманын жагдайын эске алып, биз:

- Суроо-талаптарды жөнөтүү аркылуу АВСтин абага чыгаруулар жөнүндө отчетундагы сандык баа берүүгө жана чагылдырууга карата колдонулуучу контролдоо чөйрөсүнө жана маалымат

9 *Жол-жоболору кыскача, бирок бир жактуу көрүнгүдөй деңгээлде эмес көрсөтүлүшү керек, алар ошондой эле ашыкча маалыматты же апыртууларды камтыбашы керек жана акылга сыярлык ишеним алынган деп болжолдоого негиз бербеши керек. Жол-жоболорду баяндоо тапшырма макулдашылган жол-жоболорду аткарууга багытталгандыгы жөнүндө пикир билдирбөөсү маанилүү, көпчүлүк учурда мындай баяндоо иштердин толук планын камтууга тийиш эмес.*

10 Ушул түшүндүрмө бөлүк отчеттун акыркы вариантынан алып салынат.

системаларына изилдөө жүргүздүк, бирок белгиленген контролдук иш-аракеттерди уюштурууну баалаган жокпуз, аларды киргизүүгө байланыштуу далилдерди алган жокпуз жана алардын операциялык натыйжалуулугун тесттен өткөргөн жокпуз;

- ABC ишканасы колдонгон баалоо ыкмалары туура жана ырааттуу колдонулган же жокпу, баа берилди. Бирок, биздин жол-жоболор баалоонун негизиндеги тестирлөөнүн маалыматтарын же ABC ишканасы тарабынан берилген баа менен салыштыруу үчүн өздүк бааны өз алдынча аныктоону камтыган жок;
- Абага чыгаруу булактарынын, маалымат чогултуу методдорунун, маалымат булактарынын толуктугун жана объектилерге колдонулган тийиштүү жол берүүлөрдү баалоо үчүн объектилерге [үч объектиге] бардык. Объекттер абага чыгаруулардын жалпы көлөмүнө, абага чыгаруу булактарына карата алардын абага чыгарууларын баалоону жана өткөн мезгилде барган объекттерди эске алуу менен тестирлөөгө тандалып алынган. Биздин жол-жоболор бул объекттер же бул объекттердеги контролдоо каражаттары боюнча маалыматтарды чогултуу жана жалпылоо боюнча маалымат системаларын тестирлөөнү [камтыды/камтыган жок].[11]

[11] Эгерде практикалык адис аткарылган жол-жоболор жөнүндө кеңири маалымат тапшырманы аткаруунун конкреттүү жагдайларында талап кылынбайт деп аныктаса, бул бөлүм алып салынышы керек.

Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын алкагында аткарылуучу жол-жоболор акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууга караганда мүнөзү боюнча жана көлөмү боюнча азыраак айырмаланат. Демек, чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда алынган ишенимдүүлүк деңгээли акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуучу тапшырманы аткарууда алынганга караганда алда канча төмөн. Ошондуктан биз АВС ишканасынын парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчеттун 1-тиркемесиндеги түшүндүрмөлөргө ылайык колдонулган [*колдонулуучу критерияларга*] ылайык бардык олуттуу аспекттерде парник газдарынын абага чыгарылышы жөнүндө отчету боюнча акылга сыярлык ишенимди камсыздай турган пикирибизди билдирбейбиз.

*Чектелген ишенимди камсыз кылуучу тапшырманын натыйжасы боюнча тыянак*

Биз аткарган жол-жоболорго жана биз алган далилдердин жыйынтыгы боюнча, АВС ишканасынын 20Х1-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн парник газдарынын абага чыгарылышы тууралуу отчету парник газдарынын абага чыгарылышы тууралуу отчеттун 1-тиркемесинин негизинин эскертүүсүнүн негизинде колдонулган [*колдонулуучу критерийлерге*] ылайык даярдалган эмес деп айтууга эч кандай негиз жок.

**Башка ченемдик-укуктук талаптардын аткарылышы жөнүндө отчет** (*айрым тапшырма үчүн гана колдонулат*)

[Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчеттун бул бөлүмүнүн формасы жана мазмуну отчет берүү боюнча практикалык адистин башка милдеттеринин мүнөзүнө жараша болот.]

[Практикалык адистин колу]

[Ишенимди камсыз кылуучу тапшырма боюнча отчеттун күнү]

[Практикалык адистин дареги]